Үч кыз

Илгери-илгери бир кишинин үч кызы болуптур. Улуусу күзгүгө каранып отурганды жакшы көрсө, ортончусу таранганды сүйөт. Кичүү кызы куурчагына кийим тигүү, менен алек болот.

Күндөрдүн бир күнү энеси кыздарды карагат терип келүүгө жиберет. Үчөө үч баштык алып, карагат терүүгө жөнөйт. Карагат калың өскөн жерге келишип, а дегенде кызыгып жешет. Бир аздан кийин тиштери камалып, карагат жегиси келбей калат. Анан баштыктарына тере баштайт. Толоюн деп калганда шагылга улам бири төгүп алып, кайра терип отурат, кыздар кеч киргенин байкабай калат.

Күн батканын акыры байкашып, кыздар үйүн көздөй жол тартат. Бир аз баскан соң караңгы кирип, үй кайда экени билинбей калат. Кыздар коркуп, ылдыйлап басып келе жатса, үлпүлдөп күйгөн жарык көрүнөт. Ошол жарыкка бет алып үчөө жүрө берет, жүрө берет. Чарчап-чаалыкканда акыры жарык күйгөн жерге да келип жетишет. Жыртык-тешиги көп жаман үйгө кирип келишсе, босогонун бир жагында турган соку, экинчи жагында турган сок-билектен башка эч нерсе көрүнбөйт. Коломтодо жылтырап от күйүп турат, оттун жанында саксайган бир кемпир отурат. Ал кыздарды көрө коюп:

- Ырас келбедиңерби, отургула. Далайдан бери жолум болбой жүрдү эле, бүгүн бир курсагым тоет экен,-дейт. Анын кейпин көрүп, сөзүн уккан кыздар коркконунан очоктун жанына отура калышат. Анда баягы кемпир: "Сен үйдүн үстүндөгү чамгаракка чыгып, эки жакты карап жат",-деп кыздардын улуусун ал жакка жиберет. "Сен туурдук менен чийдин ортосуна жат, сырттан бирөө келе жатса мага айт",-деп туурдук менен чийдин ортосуна таңып коет.

Кыздардын кичүүсүнө: "Сен кичинекей экенсиң, мен өз койнума алып жатайын, чачыңдан жыттап, көңүлүмдү ачайын",-деп айтат.

Кичүү кызды койнуна алып жатып баягы жез кемпир чачын жыттамыш болуп кыздын канын соро баштайт. Ошентип жатып баягы кыз да, кемпир да уктап калат. Чамгаракта жаткан улуу кыз эки жакты карап көрүп, башка жакка адашып келгенин, саксайган неме жөн кемпир эмес, жез кемпир экенин билет. Акырын түшүп келип туурдук менен чийдин ортосундагы сиңдисин бошотот. Анан кичүү сиңдисине келишип, акырын караса, жез кемпир канын соруп жатып уктап калганын көрүшөт. Жерде жаткан талпактын бир учун жез кемпирдин оозуна салып, сиңдисин бошотуп алып үчөө качып жөнөйт.

Аз жол жүрдүбү, көп жол жүрдүбү, бир маалда канын сордуруп койгон эң кичүү кыз чарчап, жүрбөй калат. Кыздар бир аз дем алып олтурат. Ошол мезгилде таң атып, айланага жарык кирет. Бир аз дем алып олтурганча жерди жарган дабыш чыгат. Кыздар ары-бери караса баягы жез кемпир чачын саксайтып, көзүн ыкшыйтып сокусун минип, сок билегин камчыланын келе жатат.

Кыздар коркуп эмне кыларын билбей, дал болуп калат. Аңгыча жез кемпир ат чабым жерге жакын келип калат. Ошондо кыздардын улуусу күзгүсүн ала коюп:

"Сени далай карадым,

Бир керекке жарагын",-деп ыргытын жиберет. Күзгү жез кемпирге жакын барып түшөт. Анын түшкөн жерине көз ачып-жумгуча баш-аягына көз жетпеген деңиз пайда болуп, жез кемпир аркы өйүздө, кыздар берки өйүздө калат. Кыздар сүйүнүп, үйлөрүн көздөй жол тартышат. Жез кемпир сокусун кайык кылып минип, сок-билегин калак кылып деңизден сүзүп жөнөйт.

Кыздар жол жүрүп отуруп курсагы ачып, өздөрү чарчап бир жерге түнөп чыгат. Эртең менен күрүлдөгөн дабыштан кыздар ойгонуп кетип, эки жагын караса, баягы жез кемпир жакын келип калганын көрүшөт. Эмне кыларын билбей, шашып турганда жез кемпир бута атымдай жакындап калат. Ошондо ортончу кыз:

"Тарагым, тарагым,

Бир керекке жарагын",-деп жез кемпирди көздөй тарагын ыргытып жиберет. Анын тарагы жез кемпирге барып түшөт. Тарак түшкөн жердин айланасына чычкан мурду жөргөлөгүс чытырман токой пайда болот. Жез кемпир аркы жакта, кыздар берки жакта бөлүнүп калат. Кыздар сүйүнүп, үйлөрүн көздөй жолун улантат. Ал мезгилде жез кемпир сокусун араа кылып, сокбилегин балта кылып, түнт токойдун жоон жыгачын аралап, ичкесин балталап кесип, алдыга жыла берет.

Аз жол жүрдүбү, көп жол жүрдүбү, кыздар курсагы ачып, кубаты качып, бир жерге түнөп жатат. Таң агарып аткан кезде жерди жарган үн чыгып, баягы жез кемпир келе жатканын көрүшөт. Кыздар коркуп, эмне кыларын билбей дал болуп туруп калат. Аңгыча жез кемпир чукул кирип келет. Ошондо кыздардын эң кичүүсү:

"Ийнем-ийнем, ийип кет,

Жер түбүнө кирип кет"-деп ийнесин жез кемпирди көздөй ыргытып жиберет. Ийне жез кемпирдин жанына барып түшөт. Ийне түшкөн жер көз ачып-жумгуча оюлуп, түбү жок чуңкур ор жаралат, ага сокусун минип, сокбилегин камчыланып жез кемпир кирип кетип, ошо бойдон жок болот.

Кыздар сүйүнүп, бир аз дем алып, эки жагын карайт. Караса, жакын эле жерде өздөрүнүн үйү көрүнөт. Сүйүнүчү койнуна батпай кыздар үйлөрүнө чуркап келишет. Эмне көрүп, эмне кылгандарын биринен бири талашып айтып беришет.

Мүнүшкөр

Илгери- илгери он жети жашар мүнүшкөр бир байдын үйүнө келип консо бир бүркүт турат. Эртең менен бай байбичеси экөө желеге бээ байлайлы деп кетишет. Бала бүркүткө карап:

-Кайран асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийипсиң,-деп сүйлөнөт.

Анын сөзүн угуп калган бир бала байга барып:

-Үйдөгү конок бала бүркүттү “кайран асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийип калыпсың”-деп жатат,-дейт.

Балага келип бай:

- Бүркүттү таптап бергин,-дейт.

- Бүркүттү таптоону билбеймин,-дейт бала.

- Балам, ушул бүркүттү таптап берсең, кызымды сага беремин,-дейт бай.

Ошондо бала макул болуп:

-Эки жыл туу калган бээ тап, бир боз үй тиктирип коюңуз, ал үйдүн ичинде эч нерсе болбосун, ага бүркүттү коёмун жана бээни союп этин киргиземин, -дейт. Бай эки жыл туу калган бээни алып келет жана бир үйдү тиктирип даярдайт, үйдүн ичине эч нерсе койдурбайт.

Бала бээни сойдурат, аны бүтүн үйгө киргиздирет. Бүркүттү да кийирип байлабай бош коет. Ал чыгып кетпей турган кылып үйдү жылчыгы жок бекитет. Ошентип бүркүттү камап коет да, кээде гана суу берип коюп жүрөт. Бүркүт бээнин этин жеп бүтүп, семизинен басалбай калат. Бала: “Басалбай калган бүркүт таптоого оңой болот” деп, таптай баштайт. Бир ай таптагандан кийин аны түлкүгө салуу үчүн алып чыгат. Бир топ киши менен бала кыдырып жүрсө, бир кара түлкү чыга качат да, бүркүттү көрө салып тиктеп туруп калат, ал жөн түлкү эмес калтар экен. Бала бүркүттүн томогосун башынан алат да, бирок бүркүттө калтарга салбай томогосун кайра кийгизип коет. Бала менен бирге жүргөн кишилер: “Бүркүттү эмне салбайт?” деп таң калышат.

Бала бүркүттү томогосун дагы башынан шыпырып алып, бүркүттү салбай томогосун кайра кийгизип коет. Баланын жолдоштору “бул бала бүркүтүн эмне салбайт, калтарды бизге ыраа көрбөй турат го” дешип наалышат.

Бала томогону алып бүркүттү шилтейт. Бүркүт калтарга карабай асманга кетет. Калтар болсо алдыңкы эки бутун көтөрүп асманды тиктеп калат. Бүркүт өтө бийик көтөрүлүп, карааны көзгө көрүнбөй үлбүлдөп калган кезде шукшурулуп тик сайылып келип калтарды башынан мыкчый кармап көккө көтөрүлдү да, жерге таштап жиберди. Калтарды алышкандан кийин жолдоштору:

- Эки жолу бүркүттүн томогосун алдың, бирок салбадың, үчүнчү жолу гана салдың, мунун себеби кандай?-деп баладан сурашат.

- Биринчи жолу асыл менен асыл кантип беттешет деп бүркүттү калтарга салууга колум барбады. Экинчи жолу асылды асыл кантип кыят деп салууга колум барбады, үчүнчүсүндө тобокел деп чымырканып туруп бүркүтүмдү кое бердим, бүркүттүн асманга бийик чыкканынын себеби, ал канчалык бийик көтөрүлсө, ошончолук тиктей берип түлкүнүн көзүнө жаш толот, качырып келе жаткан бүркүттү көрбөй калат. Акчекир деген бүркүт ушул,-деди бала.

Эл: "Чынында байдын кызы балага ылайык экен" дешип, баланы үйлөндүрүп-жайландырып коюшат.

Арман ай

Илгери, илгери бир карыя киши басса-турса эле “арман ай” деп жүрчү экен. Бул карыянын топ бузар курдашы болуптур. Бир күнү ошол курдашы:

-Сен дайыма эле “арман ай” деп жүрөсүң, эмнеге арман кыласың? Бала-чакаң бар, төрт түлүгүң шайма-шай,-деген экен.

Ошондо карыя:

-Менин арманымды уга турган болсоң балдарыма айткын, элди чакырып тамак берсин, арманымды ошондо айтам,-дейт.

Курдашы карыянын айткан сөзүн анын балдарына айтат. Балдары бээ союп, элге тамак берет. Ошондо карыя:

-Мен жашымдан жетим калган элем. Жыйырма жашымдан бир байдын малын кайтарып оокат кылып жүрдүм. Күндөрдүн биринде багып жүргөн койлорума карышкыр тийип, бир тобун кырып кетет. Бай кыжырына чыдай албай, мени төөнүн чылгый терисине салып, анын оозун тарамыш менен тигип, бир жерге алып барып таштайт. Чылгый тери ысык күнгө кургап, өпкө-боорумду куушуруп, кечки салкында кайра кенеле калып, айтор, алымды кетирип жүрдү.

Эл жайлоого көчкөндө бай мени бир төөгө тең кылып артты да, бир келинге жетелетип койду. Мен жүктү улам бир жагына салмагымды салып оодарып коёмун, келин улам оңдоп коюп жүрүп отурду. Ошентип келин аябай убара болду. Көч-узап, келин артта калды. Кеч кирип кетти окшойт, келин мени таштап, төөсүн жетелеп кетип калды.

Мен эми: “Жырткычтар жеп кетеби?”-деп аябай коркуп, калтырап жаттым. Бир маалда нөшөрлөп жамгыр жаады, чылгый тери бошоп шалбырады, тарамыштын тигишинен үзүп, териден түн ортосунда чыктым. Карасам, бир үңкүр турат. Ошондо түнөп, эртең менен карасам, аябай жакшы кийинген бир мырза келатат. Аны көрүп кайра үңкүргө кире качтым.

Бир маалда жигит ал үңкүргө келип:

- Үңкүрдөгү адам бери чык!-деди.

- Жылаңачмын, уялып турам, баатыр,-дедим мен.

- Жылаңач болсоң ушул үңкүрдөн чыкпай тургун, мен сага кийим алып келип берем,-деп ал чапкан бойдон кайра кетти.

Күн чыгаарда бир таңгак кийим алып келип берди. Кийимди кийип үңкүрдөн чыксам бир жаш, сулуу жигит турат. Ал:

-Сен эмне болуп жүргөн адамсын?-деп ал-жайымды сурады. Мен төкпөй-чачпай бардыгын айтып бердим. Мени жоргосуна учкаштырып алып, бир байдыкына алып барды да, байга:

-Бул сенин үйүңдө он күн турат, он күндөн кийин алып кетемин,-деп чу коюп жөнөп кетти.

Баягы жигит он күндөн кийин, келип, мени учкаштырып бир жерге алып келди. Келсек, бир кара кашка аттын жанында эки көзү толтура жык толгон бир куржун турат. Ал куржунду экөөлөп атка салдык, анан:

- Атка мин!-деди. Атка миндим.

- Эй, жигит, мен кызмын, кыз “экенимди ата-энемден башка эч ким билбейт. Ушул элге болушмун, элди мен бийлеп, мен башкарамын, менин никемди сага буюрган экен, жүр кеттик элиңе. – деди.

Жүрүп кеттик. “Бул кантип эле кыз болсун, кыз да болуш болуп эл башкармак беле. Эми мунун кыз экенин кантип билемин?”-деп кете бердим.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир дарыяга туш келдик. Ушул жигиттин кыз экенин анык билейин деген максат менен:

-Мен ысып кеттим, мына бул дарыяга киринип алалы,-дедим.

Жигит:

-Бул дарыяга түшүүгө болбойт, жылан, жаян көп, ал бизди тартып кетет,-деди. Мен болбой:

- Киринели дей бердим.

-Мейли,мен түшөйүн, сен менден көзүңдү айырбай тургун, эгерде жаян чыкса ат,-деп мага жаасын берип, өзү суугa кирди.

Мен жигиттин кыз экенин анык билип сүйүнгөнүмдөн жаяндын келерин унутуп коюптурмун, кызды жаян тартып кетсе болобу! Ошентип кызымдан ажырадым, ченде жок күйдүм, быштым, бирок колумдан эмне келмекчи, күчүмдү ыйлоого чыгардым. Кыздын куржундагы алтыны жана боз жоргосу менен төрт жагым кыбыла болуп, ушул даражага жетип, кадырлуу болдум.

Азап-тозоктон ажыраткан ошол кыз менен бирге олтуруп чай ичпегениме, бир сырдашып сүйлөшпөгөнүмө армандуумун, бул арманбы, жокпу? Арман, ай!-деп сөзүн аяктады.

Үч ууру

Үч жерден үч ууру аттанып, бир жерден үчөө тең кезигишет. Бул уурулар сөзгө келип, бири-бири менен таанышышат. Биринчиуурү:

- Мен жанда жок уурумун-дейт.

Экинчи уурү:

- Мен жанда жок баатырмын-дейт.

Үчүнчү уурү:

-Мен жанда жок ченчимин. Мен отун бар деген жерде отун, суу бар деген жерде суу, эл бар деген жерде – эл бар, кыскасы бар деп айткандарымдын баары бар, баарын караңгы, жарыкта болсун жазбай табам,-дейт.

Ошентип узак жол жүрүшөт. Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир жерге келгенде ченчи жолдошторуна:

-Менин шакегимди алып атымдын басып кеткен изине көөмп кеткиле, кайта келиште жазбай табам,-дейт.

Баатыр менен уурү баягы шакекти ченчи айткандай жерге көөмп андан ары кетишти.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир оокумда баатыр менен ченчи жанда жок ууруга:

-Сен уурулугум ашык дейсиң, эмесе өнөрүңдү көрсөтүп, хандын казнасынан аттын башындай алтын уурдап кел,-дешет.

Бир күнү уурү түн жарымында хандын казынасына кирмек болуп келе жатса, шаардын четинде бир кыз отуруптур. Көрсө, ал хандын кызы экен. Ат башындай алтынды алып бир жигит менен качмак болуптур. Уурү келер замат кыз:

-Жүр, кеттик,-деп атка минип жөнөшөт.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп уурү кыз менен баягы баатыр ченчиге келип:

-Ээ, баатырлар, ата казынасы кызбы, же алтынбы?

-Ата казынасы кыз,-деп жооп беришет.

Баягы үчөө кызды ээрчитип жүрүп олтуруп бир жерге келгенде ченчи:

- Ой, баатыр, баягы шакекти менин атым басып калды, ала кой!-дейт.

-Калп айтпасаңчы, атыңдын бутунун астындагы шакекти кантип эле биле койдуң?-дейт.

Ченчи:

-Атыңдан түшүп, батыраак кара,-дейт. Баатыр түшүп, изин караса, шакек жатат.

Баягылар бир жерге келгенде жаан жаайт. Ченчи менен ашкан уурү баатырга:

– Сен баатыр эмессиңби, мүрзөдөгү жыгачтарды алып кел,-дейт.

Ошентип коюп ууру дароо барып жыпжылаңач болуп, баткакка оонап, төбөсү ачык көргө кирип кетет. Баатыр болсо бир бейиттин жанына барып муштагылап жыгачты алып, бир тең отунга жеткирип, бутун үзөңгүгө саларда, ууру кыйкырыкты салып:

-Сен малды айдап, майды чайнап жүрөсүң, биздин үстүбүзгө көлөкө кылган жыгачты да аласыңбы?! -деп жакадан алат.

Ошондо да баатыр кабагым кашым дебей:

-Сен эрте өлүп кудайга бардың, сага теңелип биз да ачка өлөлүбү,-деп ууруну жыга муштап, отунду арта салып жайбаракат кете берет.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп кыз үчөө бир айылга келип: “Кимибиздин өнөрүбүз күчтүү”-деп казыга калыстыкка барышты. Ар кимиси өз өнөрүн төкпөй-чачпай айтып берет.

Ошондо казы булардын өнөрлөрүн угуп отуруп:

-Баарыңдан баатырдын өнөрү ашык экен,-деп кызды баатырга берет.

Карачач

Илгерки заманда Каракан деген кан болуптур. Бир күнү Каракан өзүнүн кол астындагы элдерди чакырып алып:

-Менин сурай турган үч суроом бар. Ошол суроого жооп берген адамга ат башындай алтын беремин,-деп өзүнүн карамагындагы элдерге кабар кылат. Кандын мамлекетиндеги эл чогулгандан кийин:

-Биринчи, дүнүйөдө эмне таттуу? Экинчи, дүнүйөдө эмне катуу? Үчүнчү, дүнүйөдө эмне оор?-деп элге суроо берет.

Ошондо бир балыкчы чал:

-Мен табамын суроонузду. Убадаңызды бузбасаңыз менин бир Карачач деген кызым бар, мен үчүн ошол айтып берсе болобу?-дейт.

Андан Каракан:

-Сиз үчүн кызыңыз айтып берсе болот,-дегенден кийин, экинчи күнү балыкчы чал кызын ээрчитип келет.

Кыз:

- Таксыр каным, "кандын суроосуна жооп бер",-деп атам ээрчитип келди, суроонузду айтыңыз, жооп берейин,-дейт. Кан баягы суроолорду берет. Карачач ойлоно калып чечмелеп кирет.

- Балдан ширин – жигиттин алган жары, таштан катуу – жокчулук, жокчулуктун зары. Чын убададан – оорду көрө албадым! Мен деңиздин жээгиндеги балыкчы чалдын кызымын. Картаң ата-энемдин менден башка баласы жок. Атамдын балыктан башка күндөлүк тапкан табышы жок. Мен атама жардам берип, деңиздин жээгинде атам менен жүрөмүн. Атам чал, энем кемпир, экөө мени "кызым, сенден башка көрөр күнүбүз, жыттар жытыбыз жок", деп дайыма мага жалынып, экөө ортосуна алып жатышат. Атам менен энеме менден жакыны жана аларга менден ысык нерсе жок экен го деп ойлочу элем. Эртең менен ойгонгондо карасам, мен четте жатып каламын, ошону көрүп бала канча жакшы, абдан ысык болсо дагы, эри менен аялдан жакын" боло албайт экен го деп ойлоймун.

Экинчи жокчулук таштан катуу экен деп айтканым, кайсы бир убактыңарда атам балыктын чабагын да ала албай, үйгө сабыры суз кайтат. Ошол убактыларда, үйгө атамдын курбу курдаштары келип калганда, тамак бере албай, "айжокчулук" деп, капаланып олтурган күндөрү болучу. Ошондуктан, жокчулук таштан катуу экен го деп ойлоймун.

Үчүнчү, убада оор дегеним, ушуну менин айткан сөзүмө сиз убада кылып, убаданы буза албай мага ат башындай алтынды бергени турасыз. Ошондуктан, барыдан убада оор экен деп ойлоймун.

Ошондо кан: "Суроомө туура жооп берди", деп убадасы боюнча кызга ат башындай алтынды берген экен. Андан кийин кан кызга:

-Үч күндөн калтырбай атаңды мага жибергин. Сен убаданын жайын билет экенсиң, менин сөзүмдү орундатпай койбогун,-дейт.

Карачач кыз болсо кандан алган ат башындай алтынды үйүнө алып барып, атасы менен энесин кубандырды.

Үч күндөн кийин канга берген убадасы боюнча кыз канга атасын жиберет да:

-Кан оңой суроо берсе жооп бериңиз, эгер кыйын суроо бере турган болсо, "үч күнгө чейин уруксат бер" деп кайта үйгө келерсиз,-дейт.

Баягы чал канга баргандан кийин кан аны ордосуна чакырып алып:

-Ээ чал, кечээ кызыңа ат башындай алтын бердим, өзүңө дагы көп дүнүйө беремин. Жокчулук менен өмүр өткөргөн адам экенсиз, сени өмүрүнчө байлыкка тундурам. Менин мурун тогуз аялым бар эле, бир да балалуу болгон жокмун. Эми айтарым Карачач кызыңды мага бергин, мен эрке токол кылып алайын,-дейт.

Анда чал:

-Сизге кызымды токолдукка сатып, көп мал алганымдан көрө өзүмдүн күндөлүк эмгек кылып, кармаган балыгым артык эмеспи,-дейт.

Бул сөзгө кандын ачуусу келип:

- Чалды дарга тарткыла,-деп желдеттерине буйрук берет. Ошондо чал абдан коркуп, кандан үч күнгө уруксат алып, үйүнө кайтмак болот. Кетээрде чалга кан:

- Үч күнгө чейин сөзүмдү орундатпасаң, баары бир курулгандар ушул калыбында турат. Тирүү кутуламын деп ойлобогун. Мен айткан сөздү аткарып, кызынды бересиң,-дейт. Чал корккон бойдон сандалып баса албай үйүнө келет да тескери карап жаткан жеринде кыңылдап ыйлай берет.

Кыз атасына:

-Ээ ата, ыйлабаңыз, "миң күнкү өлүктөн, бир күнкү тирик артык" деген бар. Ата, кайта канга барып, сөзүнө макул дей бериңиз. Көп берсе алтын албаңыз. Кан кызыңды бергин деп, сизге айткан чыгар. Анда сиз төмөнкүдөй малды берсеңиз, мен кызымды беремин деп гана жооп берип кайтыңыз. Ал калың: биринчи, кийиктин он улагын, жыйырма түлкү, отуз карышкыр, кыр карстан, элүү ат, алтымыш чидер, жетимиш аркан, сексен каны жок кургаган жүрөк берсин деңиз. Ушуну берсеңиз, мен кызымды беремин! "Эң алды менен муңу жок, картаң молдого кызым экөөңөр никеңерди кыйдыргыла де",-деп айтаар сөзүн

үйрөтүп, атасын жөнөтөт. Кызынын бул сөзүнө чал аң-таң калып, канга барганда коркуп жатып араң айтат. Чалдын сөзүнө кан кубанып, сыйлыкка деп көп алтын берет. Калган малды дагы таап беремин деп, чалды үйүнө кайтарат. Кан өзүнө караштуу вазирлерин, карыяларын, билимдүү көсөмдөрүн жыйнап алып, алиги чалдын айткан сөздөрүн кандай кылабыз деп акылдашат. Отурган адамдардын ичинен бир чал туруп:

-Түлкү, карышкырды кармоо оңой, арстанды кармоо кыйын,-дейт. Андан кийин бир карыя тура калып:

- Муну айткан кыз Карачач арстанды кармоону дагы билет. Кызды алдырып сурайлы,-дейт. Кан макул болуп, Карачач кызга киши жиберип алдыртат. Карачач келгенден кийин, кан:

- Жырткыч айбандардын сага жана ата-энеңе эмне кереги бар? Андан көрө алтын алын, ата-энеңе берсең, жеп-ичип, жыргап жата бербейби,- дейт. Анда кыз Карачач унчукпай көпкө олтурду.

-Аталар, агалар, мен жырткыч айбандарды сураган эмес элем. Кан башыма боштондук берсе экен деп, боштондук сураган элем. Мен айткан калың мал эмес, силер өзүңөр ойлоп көрсөңүздөр, кан экөөбүздүн башыбызга келе турган табышмак. Калың малга он улак берсин дегеним, менин жашым ондо, улактай ойногон кыз кезим, жыйырма түлкү берсин дегеним, киши жыйырмага чыкканда түлкүдөй булактабайбы, отуз карышкыр дегеним, адам отузга чыкканда карышкырдай жүткүнбөйбү. Кырк арстан дегеним, кыркка чыккан адам арстандай күчүнө келбейби, элүү ат берсин дегеним, элүүдө адам ат болбойбу. Алтымыш чидер дегеним, алтымыштагы адамдын бутуна чидер түшүп, өзүнчө басып кете албайт дегеним. Жетимиш аркан берсин дегеним адам жетимишке чыкканда аркандалбайбы. Сексен каны жок жүрөк берсин дегеним, сексенге чыккан адам каны жок жүрөктөй кургабайбы. Муңу жок картаң молдого никемди кыйдырсын дегеним, картаң адамдын ичинен капа-кайгысы жок, бир да адам болбойт. Ошондуктан, менин никемди кыйдыра албай, мага уруксат бербейби,-деп менин канга карата айткан табышмактуу суроом болучу. Ушул олтурган аксакалдар, кан баш болуп, менин суроомду текшерип көргүлөчү, айткан сөзүмдүн катасы болсо кайта алайын. Болбосо, канга тийбеймин! Кан мени албайт деген сөзүм эмеспи. Бул сөзүмдү ойлоп чечип, мени кыйноодон бошотуп, уруксат берүүңүздөрдү сураймын,-деп кыз айткан экен.

Ошондо олтурган элдердин ичинен бир аксакал адам:

-Балам, кыз Карачач, бактың ачылсын, жолуң болсун,-деп кандан уруксатсыз эле, кызга бата бере кетет.

Кан аксакалдын сөзүн кубаттап, отурган бардык эддер чурулдап кошо бата кылат. Кан көпчүлүк элден чыга албай кызга уруксат берүүгө амалсыздан макул болот. Ошол кыз Акыл Карачач деп акылдуулугунан айтылып, эл оозунда сөз болуп калган дейт.

Жээренченин баласы

Жээренченин баласы өтө жоош экен. Жаныбек хан Жээренчеге:

- Жакшыдан жаман туулабы?-деп айтат. Анда Жээренче:

- Жакшыдан жаман туулбайт,-дейт.

Мунусу кандай деп, оюна алып ойлонуп жүрүп, Жээренче чечен өлгөндөн кийин бир нече жылдар өткөндө Жаныбек хан калмактарга каршы жортуулга бара турган болуп, Жээренченин баласына “Душманга каршы урушабыз, биз менен жүрсүн” деп, адам жиберип, кабар кылат.

Жээренченин баласы жаш бышты атты минип, эл менен кошо жортуулга барат.

Урушат. Душмандары – калмактар күчтүү болуп, Жаныбек хандын аскерлери тымтыракайы чыгып кача баштайт. Качып келе жатканда кандын аты жүрбөй калып, колго түшө турган болот.

Ошондо Жээренченин баласы:

-Таксыр, жүрбөй калган атыңызды мага бериңиз, мен сизге атымды тартуу кылып, биротоло беремин. Мен колго түшсөм эч нерсе эмес, сиз колго түшсөңүз, “калмактын канын чаап аламын деп барганда, эли качып кетип, каны колго түшүп калды” деген элди булгаган түбөлүк жаманатты сөз калар,-деп минген атын берип, жүрбөй калган кандын атын Жээренченин баласы минип, хан аман калыптыр.

-Жээренченин баласын жоош көрүп жүрүүчү элем, Жээренченин айтканы дурус экен,-деп кан Жээренченин сөзүнө айран калган экен.

Жоомарт

Илгери, илгери бир кандын үч вазири бар экен. Бир күнү вазирлерин сынамак үчүн кан:

- Вазирлерим, менин силерге бере турган суроом бар, кандай адам жоомарт болот? Малдуу, бай адам жоомарт болобу? Силер мага айтып бергилечи,-деген экен.

- Дүнүйөсү көп болбосо, малы жок болсо, эч кандай адам жоомарт боло албайт. Малдуу жоомарт болот. Колунда жок болсо, кандай мыкты адам болсо дагы, мен жоомарт боломун деп, аракет кылганы менен боло албайт,-дешет.

Андан көп күндөр өткөндөн кийин кан жаман кийим кийип кайырчы болуп, “вазирлерин сынап көрөйүн деп, бир күнү түндө бир вазиринин үйүнө барат.

Үйүнө кирип барганда эле вазири кабагын бүркөп:

- Эмне кылып жүрөсүң, кет,-деп кыйкырат. Кайырчы болгон кан босогодо ыйлап туруп:

- Тамагым жок, батамды берейин,-дегенде вазири ичкен тамактын калдыгы калган экен ошону берет да:

- Кеткин,-деп жиберет. Андан кан чыккандан кийин, дагы бир вазиринин үйүнө барып, кайырчы болуп тамак сурайт. Ал вазир дагы:

- Кеткин,-деп тилдеп, кургап калган нандын калдыктарын берет.

Аны менен жүрүп олтуруп, кан дагы бир үйгө келсе, ал үйдө бир кемпир бойго жеткен баласы экөө олтуруптур.

- Эмне кылып жүргөн кишисиң?-деп сураганда, кан айтат:

- Мен кайырчымын, кайыр тилеп жүрөмүн. Силердикине жатайын деп келдим,-дегенде жигит эшикке жүгүрүп чыгып:

- Кайырчы аке, кетпеңиз, биздин үйгө жатыңыз!-дейт. Анан жигит энесине:

- Бүгүн алып келген койлорубуздун бирөөнү союп, кайырчыны конок кылалы,-дегенде энеси макул болот.

Кайырчыга келип:

- Сизди сыйлап, бир коюбузду союп берели дедик эле, сиз ыраазылыгыңызды бериңиз,-дегенде кайырчы болгон кан:

- Койду кайдан алдыңар, коюңар көппү?-деп сураганда жигит:

- Мен бир байдын малын багып жүрүп, бир жылдык акым үчүн беш кой аддым эле. Ошол койлорду бүгүн алып келип, койду кызык көрүп жатпай карап олтурдук эле,-дейт.

Анда кайырчы кан:

-Мен койдун жүрөгүн гана жечү элем. Бир кой сойсоң, бир койдун жүрөгүнө мен тойбойм, этин жебейм,-дейт.

Анда жигит, эшикке жүгүрүп чыгып, энесине:

-Эне, кайырчы жүрөк гана жейм дейт. Бир койдун жүрөгүнө тойбойм дейт. Кайырчыга беш коюбузду тең союп, жүрөгүн берели, кайырчы бечара тойсун, этин өзүбүз жеп, же сатарбыз,- дегенде энеси макул болот.

Жигит беш коюн тең соёт. Беш коюнун беш жүрөгүн салып, кайырчы ыраазы болсун деп бышырып берет. Кайырчы бир гана жүрөгүн жеп:

-Мен өзүм жүрөктү бул жерге олтуруп жалгыз жеп алганым болбойт, балдарым ач, балдарым менен бирге олтуруп жейин,-деп калган төрт жүрөгүн үйүнө алып кетмекчи болот.

Анда жигит:

-Мейлиңиз, ыраазы болсоңуз болду,-дейт.

Кан түн боюнча башка кишилерге көрүнбөстөн өзүнүн кандык ордосуна барып, жигиттин берген төрт жүрөгүн вазирлердин берген нандын кургаган калдыктарын жана башка артып калган тамактарын алып барып, кан отурган жериндеги сандыгына салып коет.

Бир нече күндөн кийин, кан эки вазирин чакыртып алып, кой союп жүрөгүн берген жигитти да чакыртат.

Кан вазирлерден:

-Марттык эмнеде, дүнүйөдөбү же адамдын өзүнүн сөөгүндө бүткөн марттык болобу?- деп сураганда вазирлери:

Марттык дүнүйөдө болот. Кимдин дүнүйөсү көп болсо, ошол март болот,-дейт.

-Силердин дүнүйөңор барбы, же жокпу?-деген кандын суроосуна вазирлери:

-Биздин дүнүйөбүз өзүбүзгө жетиштүү. Дүнүйөбүз арбын,- дейт.

Вазирлерине кан ачуусу келип:

- Палан убактыларда кайырчы болуп, силердин үйүңөргө барган мен болуучумун, кана силердин марттыгыңар, дүңүйөңөр көп болсо, тамактын калдыктарын, сындырынган нандын күкүмдөрүн берет белеңер,-деп аларга баягы каткан-куткан нандарды көрсөтөт.

- Мына март деп, мен үйүнө барганда малай жүрүп, алып келген беш коюн союп, жүрөгүн бышырып берген ЖИГИТТИ айт,- деп кан эки вазирин ордунан түшүрөт:

- Марттык малда эмес, ал адамдын сөөгүнө бүткөн дилинде болот!

Ошентип хан малай жүргөн жигитти вазир кылып алат.

Сыйкырдуу сака

Илгери-илгери миң койлуу киши менен жүз койлуу киши кошуна жашайт. Койлорун балдары кайтарып жүрөт.

Күндөрдүн бир күнүндө миң кой кайтарган бала менен жүз кой кайтарган бала койлорун эки бөлөк жайып коюп, чүкө ойношот. Кечке ойноп, жүз койлуу бала чүкөсүн бүт уттуруп, бир сакасы эле калат. Ошондо гана кайтарган кою эсине түшүп, койлоруна келсе, баарын карышкыр кырып кетиптир.

Үйүнө баргандан коркуп, бала бир үңкүргө түнөйт. Курсагы ач, ичерге тамак жок, кою кырылып, чүкөсүн уттуруп, ичи күйүп уктай албай коёт. Ошондо сакасын колуна алып: “Сакам, сен да жакшы конбой койдуң, мен да жакшы ойной албадым. Чүкөмдү уттурганым аз келгенсип, койлорду карышкыр кырып кеткенин карачы. Эми кантип жан сактайбыз? Эт, май, сүт, кийим-кечекти кайдан табабыз? Атаңдын көрү ай, кайра жүз койлуу болсок, чүкө ойногонду коюп, жакшылап кайтарып жүрөр элем”,-деп көз жашын сакасына тамчылатат. Ошентип санааркап жатып уктап кетет.

Эртең менен эрте ойгонуп, бала өз көзүнө өзү ишенбейт. Тегерете койлору жуушап жатат. Бала сүйүнүп, койлорун айдап үйүнө келет. Бирок кечээ болгон окуяны ата-энесине айтпайт.

Дагы кой жайып чыкканда кечээ койлорун карышкыр кырып кеткенин, уктап калса, койлору жуушап жатканын миң койлуу балага айтып берет. Миң койлуу бала укканын атасына айтат.

Миң койлуу киши сыйкырдын баары жүз койлуу баланын сакасында экенин билип, дагы байыгысы келет, да, өз баласына: “Тиги жолдош балаңдын сакасын бүт чүкөңдү берсең да, бир койго сатып алсаң да алып кел”,-дейт. Эртеси бала бүт чүкөсүн бир сакага алмашып, атасына алып келип берет. Саканы колуна алып, баласы экөө «Миң коюбуз эки миң болсо экен, элдин баарынан бай болсок экен, айланайын сака, тилегибизди бере көр» ,-деп тилеп, экөө тең таң атканча койлор кантип көбөйөр экен деп тирмийип карап турат.

Аңгыча таң да атат. Короого келип, койлорун караса, миң коюунун бири да калбай кырылып калганын көрөт. Ошондо ачуусу келип, саканы отко ыргытат. Сака отко түшөр замат жарк этип жалын чыгып, жалындын арасынан он эки мүйүздүү бугу чыгып, токойго чуркап кетет.

Төлгөчү

Илгери бир кедей болгон экен. Бир күнү аялы:

- Сен эркексиңби, бир жерден ичерге тамак, киерге кийим таап келсең боло. Агартып көйнөк кийбесем, алгылыктуу оокат ичпесем, качанкыга чейин эле эч нерсеге жетинбей, жорудай болуп жүрөмүн,-деп күйөөсүн, жемелейт.

-Мен кайдан оокат таап келейин, бирөөлөр мага оокатын бекер бербесе, эмне кыл дейсиң. Айтчы, кандай кылайын –дейт күйөөсү. Аялы күйөөсүнө бир жоолук менен кырк кумалак берди да, ушуларды алып эки жолдун кошулган бурчуна барып олтургун. Жоолукту алдыңа жайып койгун, кырк бир кумалакты жоолуктун үстүнө чачып таштагын. Ары өткөн, бери өткөн кишилер:

“Ой, бул эмнең, эмңе кылып олтурасың?” деп сурашат. Ошондо сен “ушул кумалак менен элдин жоголгон малын табамын, мына бул чачылып жаткан кырк бир кумалакты “төлгө” дейт”, деп жооп бергин,-деди.

-Жоголгон малын кантип табамын, эч нерсени билбесем эмнени айтамын,-дейт күйөөсү.

-Бирөө мен кой жоготтум, коюмду таап бергин деп келсе, сен кумалактарды колуна алып туруп жоолукка чачып таштагын да, оозуңа эмне кирсе ошону айта бергин. Ошол айтканың үчүн алар сага акча беришет, ошону менен оокат кылабыз! – Аялы безилдеп шакылыктады.

Аялынын сөзү менен кедей эки жолдун айрылышына келип, жоолугун жайып коюп, ага кумалактарды чачып салып олтура берди.

Эшегин жоготкон бир киши келди:

- Бул жерде эмне олтурасың?

- Мен төлгөчүмүн, элдин жоготкон малын төлгө салып таап беремин!

- Менин бир эшегим жоголуп кетти эле, ошону таап берчи төлгөңдү тартып,-деп баягы киши төлгөчүгө беш тыйын берет.

Төлгөчү кумалагын жоолуктун бетине чачып ойлонуп олтуруп калат, эмне айтарын билбей, оозуна эч нерсе кирбей, тунжурай түшөт. Төлгөчү илгери ооруп, ага табып санаа берип, айыктырганы кылт эсине түшөт да, эшектин ээсин:

- Сен санаа ичкин,-дейт.

- Менин жоголгон эшегим табылабы же табылбайбы, ошону ачык айтпайсыңбы? Санаа ичкендей мен кесел белем, эч оорум жок,-дейт баягы киши.

-Көп сүйлөбөй барып менин айтканымды кылгын,-деп төлгөчү аны жөнөтүп жиберет.

Баягы эшегин жоготкон киши үйүнө барып төлгөчүнүн айтканын кылайын деп, санаа ичет. Санаа тигинин ичин ала баштайт, тигил шашылып камыштуу жерге барып олтура

калса, аерден шабыр-шубур деген табыш чыгат. Ал: “бул жерде эмне болду экен”-деп карай салса, өзүнүн жоголгон эшеги ошол жерде жүрөт. Ал эшегин таап алып, сүйүнгөндөн кайра төлгөчүгө келип:

-Сен олуя төлгөчү экенсиң, эшегимди таап бербедиңби, -деп сүйүнүп дагы акча берет.

Ошентип кедей төлгөчү аталып кеткен экен.

Жетим бала

Илгери-илгери бир жетим бала болгон экен. Ал бала бир байдын колунда коюн багып, эптеп күнүмдүк оокатын өткөрүп жүрөт. Бир күнү бала байдын малын түшкө жайып коюп, өзү уктап калса, малын жортуп жүргөн ууру айдап кетет. Бала ойгонсо, койлорунун бирөө да жок. Чочуган бойдон кырдан-кырга чуркап койлорун издеп жөнөйт, бирок эчтекенин дайны жок, жалпайып бир жерге барып отуруп калат.

Аңгыча алыстан үч караан көрүнөт. Малынан үмүт кылган бала буту жерге тийбей баягы караанды көздөй дагы чуркайт. Жетип барса, ал жерде үч киши отурат. Бала:

- Байкелер, мен коюмду жоготуп издеп жүрөм, көрдүңөрбү? Мага жардам кылып койгула болбосо, бай мени өлтүрүп коёт,-деп жалынат.

- Мунун бышыктыгын кара. Кой көрдүңөрбү дейт тура,-деп уурулар баланы кармап алып эсин оодара урушат. Көпкөн немелер баланы көтөрүп алышып ээн талаа, эрме чөлгө ташташат.

Бир оокумда асманда айланып жем издеп жүргөн бир чоң бүркүт баланы көрүп тумшугу менен тике сайылып жерге түшөт да, баланы асманды көздөй алып, сызып жөнөйт.

Канатын күүлөп учуп отуруп, бүркүт бир зоокага барып конот. Бала эсине келип көзүн ачса, жанында калкайган кара бүркүт жүрөт. Баланын тирүү экенин көргөн бүркүт ордунан козголуп кайра учуп жөнөйт.

Бир топтон кийин бала эсин жыйып эки жагын караса, адамдын эскирген жана жаңы сөөктөрү жайнап жатканын көрөт. Баягыларды көрүп баланын зээни кейип ыйлайт. Айланасын караса, жол жок, кылычтын мизиндей аркайган аска-зоонун кырында турат.

Бир оокумда кырк нар жетелеп кербенчилер келет. Алар баланы көрүп:

-Ай, бала, алдагы тоонун башынан, алтын-каухар ташынан кырк төөгө жүк чыккандай кулат. Анан сени биз эптеп түшүрүп алабыз,-дешет.

Баягы бала кербенчилердин тилине ишенип алтын-каухардан кырк төөлүк кылып кулатат да:

-Байкелер, эми мени түшүрүп алгыла,-дейт. Кербенчилер:

-Эми бир келгенде түшүрүп аларбыз, ошол жерде жата бер,-деп кырк төөгө алтын-каухар жүктөп, үч кербенчи кете берет. Чарчаган бала катуу уктап калат. Эртең менен ойгонуп, дагы түшүүнүн айласын издеп бир топ аракет кылат. Бирок зоокадан эч жол таппай катуу капа болот. Бала дагы тырмалап жол издей баштайт. Ошентип отуруп бир жерден билинер-билинбес бир кишинин изи баткандай жылчык көрүнөт. “Эми тобокел, ушул жылчык менен эптеп кыялап түшүп көрөйүн”, – деп бала баягы жылчыкты көздөй барып, коп кыйынчылыктар менен акыры жерге түшөт.

Ошол жерден жүрүп отуруп, жүрүп отуруп бир мээ кайнаган ээн-талаа, эрме чөлгө келет. Бала тери шорголоп, каны катып суусап, эмне кыларын билбей турса бир жерде оймоктой булакты көрөт. Ал булактын жанында үч аппак улак ойноп турат. Бала баягы булакка бети-колун жууп, суусуну канганча ичип, тегеректи карап олтурса, баягы үч улак секирип бышкырып, таманын такылдатып, көкүлүн сексендетип жолго түшөт. Бала да баягы үч улактын артынан түшүп жөнөйт.

Нечен күн, нечен түн жол жүрүп, каны калып бир кашык, эти калып көк жашык, буту серпилбей калганда бир караан көрүнөт. Бала ошого жетейин деп тырмышып олтуруп келсе, жети бөлмө там турат. “Кандай болсо да ушул жерде бир адам бардыр”, – деп бала тамдын түбүнө жатып уктап калат.

Кеч бешимде бала керилип уктап жаткан мезгилде бир абышка келет. Ал абышка келип, баланын ары жагына, бери жагына чыгып байкап:

-Бул жерге адамзат келчү эмес эле. Кайдан келген бечара болду экен?-деп таң кала карап туруп басып кетет. Көрсө, ал аксакал ошол жердеги канаттуу куштардын эсебин алган экен.

Бир оокумда бала ойгонот, абышканын жанына барып салам айтат.

Абышка:

-Ээ, балам, бул жерге адам баласы келчү эмес эле. Сен кайдан келдиң?-деп сурайт.

Ошондо бала башынан өткөн-кеткенин төкпөй-чачпай айтын берет. Абышка баланын башынан өткөргөндөрүн угуп олтуруп:

-Адамзаттын чегинен чыгып, перилердин чегине келипсиң. Бул жерден эми кетишиң кыйын,-дейт.

Анда бала:

-Кетишим кыйын болсо, ата, сизге эле бала болоюн,-деп суранат.

Абышка макул болуп, алты бөлмө үйүнүн ачкычын берет. Бирок бир бөлмөсүнүн ачкычын бербейт. Баягы алты бөлмөдө дүр-дүнүйө, ар түрлүү тамак-аштар көп экен. Бала тамак-аштан ичип-жеп жүрө берет.

Бир күнү бала отуруп: “Атам мага алты бөлмө үйдүн ачкычын берди. Бир бөлмөнүн ачкычын сурайын, берсе берээр. Бербесе уурдайын”,- деп ойлонот да, абышкадан бала ачкычты сурайт. Анда абышка:

– Ээ, балам, ал ачкычты сурап эмне кыласың? Азапка башың чырмалат. Ал азаптан кутулбай, артыңда бир топ чыр калат,-десе бала болбойт.

Акыры бала абайлап туруп, жетинчи бөлмөнүн ачкычын уурдап алып ачса, алтын түркөк, күмүш бакан, чынар терек, түрлүү гүл, Чатыр-Көл бар экен.

Карап отурса бир үч көгүчкөн учуп келип, Чатыр-Көлдүн жээгине конуп, адамзаттай тил кирет.

Баягы үч көгүчкөн сүйлөшүп, улуусу:

- Ээ, бул жерде адамзаттын жыты жыттанат,-дейт. Ортончу көгүчкөн:

- Ооба, эжеке, чын эле адамзаттын жыты жыттанат,-дейт. Кичүүсү:

- Адамзат бул жакка келбейт. Эчтеме жок эле турат. Булардын мурунунун жыттуусун! -деп кичүүсү кебин чечип ыргытып жиберсе, күндөй сулуу кыз болуп калат.

Муну көрүп бала тура калса, эки көгүчкөн чочуп кетип учуп кетет. Бала баягы кыздын көгүчкөн көйнөгүн барып басып калат. Бу перинин кызы этин күнгө да, адамзатка да көрсөтпөй түшөт экен.

Баягы кыз көлдөн акырын чыгып жигитке басып келет да:

-Ээ, жигит, болуптур, сен менин этимди да, бетимди да көрдүң. Көгүчкөн көйнөгүмө дагы колуң тийди. Эми мен адамзат жыттанып калдым. Никем сага түшкөн экен. Бирок иш кыйын, катуу жабырчылык тартабыз, менин көйнөгүмдү бер. Барсам деле ата-энем адамзат жыттанып калыпсың деп, үйгө киргизбейт бу жерге турсак атам сени да, мени да өлтүрүп коёт. Мен барып ата-энемден эптеп уруксат сурайын,-деп жалынса бала болбойт. Акыры экөө жетелешип баягы куштун эсебин алган чалга барышат.

Ошондо чал балага:

-Балам, пери деген ушул. Кой десе болбой колго, чач кирпигинден көп шорго түштүң. Болуптур, бул кыздын көйнөгүн бер. Мунун атасы-перилердин падышасы. Бөөдө өлүмгө дуушар болосуң. Бу кыз үйүнө барып келсин. Баары бир үйүнө барганда деле "адамзат жыттанын калыптырсың", деп үйүнө жолотпойт,-деп абышка көйнөктү алып берет.

Ушуну менен баягы кыз көйнөктү алып, көзүнүн жашын көл кылып, эки эжесинин артынан кетет.

Эки эжеси үйгө мурун жетип, берки байкуш артында калып, караңгыда барат. Ата-энеси суракка алып, кызды караңгы жерге камап салат.

Эртең менен эрте эне-атасы туруп, кызын кашына чакырып алып, сөзүн угат. Кыздары төкпөй-чачпай көргөнүн айтып берет. Ошондо перилердин падышасы, кыздын атасы:

-Өлүмгө даба, ууруга айла жок, никең ошого түшүп калды. Быяктан канаттуу куштун кебинен алып барып, күйөөндү алып кел,-деди.

Кыз балага канаттуу куштун кебин кийгизип, ата-энесинин астына алып келди.

Ошондо кыздын атасы:

-Болуптур, балам, таруудай калың берип алгыныӊ,-деп буйрук берди.

Бала:

-Мен калыңды кайдан табам. Калың эмес менин таруум да жок,-деди.

Анда кайын атасы:

- Таруунy сен таппасаң мен табам,-деп бир кап кара таруу, бир кап ак таруу берип:

- Кара таруу менен ак таруунy аралаштырып, жети жолу желден өткөрүп сапырып, эки бөлүп эки жерге коюп, ак таруунун ичинде бир томолок кара таруу, кара таруунун ичинде бир томолок ак таруу калбасын, экөөнү таң атканча терип чык,-деп буйрук берди.

Муну угуп бала айласы кетип зарлап ыйлап колуктусуна келет. Колуктусу:

- Эмне буйрук алдың?-деп сураса, бала:

- Ээ эмнесин билейин, "ак таруу менен кара таруунy экиге бөл", деп буйрук кылды атаң,-деди.

Анда колуктусу:

-Ээ, ал эчтеке эмес, андан коркпо, уктап жата бер. Бирок атам эрте турат. Ошол учурда эки кап таруунун ортосунда бол,- деди.

Жигит макул болуп уктап жата берди. Кыз таң атканча перинин кыздарына таруунy тердирип койду.

Эртең менен жигит зрте туруп баягы таруунy теримиш болуп отуруп калды. Кайнатасы келип, баланын таруунy бөлүштүрүп койгонун көрүп:

- Эми экинчи буйругумду берейин,-деп экинчи буйругунда андан да күчтүү кызмат берди.

- Айнектен эки катар жети бөлмө там салып бер. Жети бөлмө тамдын бирөөндө алтын чынар орногон май күл, анын ичинде алтын балык болсун. Чынар теректин үстүнө тоту куш консун. Бирөөндө күмүш чынар орноп, сүт көл болсун. Сүт көлдүн ичинде күмүш балык ойноп, күмүш чынардын үстүнө күмүш куйрук булбул конуп, алтын балык сүткө секирип, күмүш балык май көлгө түшүп, биринин балыгы бирине барып ойноп турсун,-деди.

Жигит капа болуп, кыйналып үйүнө барып:

- Атаңдын буйругун кантип аткарам?-деп жубайынан сурады. Анда кыз:

- Сен буга кыйналып капа болбо. Мен муну таң атканча бүтүрүп, иштеп коем,-деп күйөөсүнүн санаасын тыңдырды.

Баягы кыз атасынын айткандарын аткарды. Кыз эртең менен эрте туруп, жигиттин колуна алтын балканы берип:

-Айнекти сындырбай, босого жаккы көзүн акырын тыкылдатып тур,-деди.

Бала эртең менен эрте туруп, колуктусунун айтканына кынды. Ошондо кайын атасы каарданып, кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңуп, андан да катуу буйрук берди.

“Эми эки буйрук беремин, ошону аткарып кетсең кызымды ал. Менин биринчи буйругум, үч кызым коендой окшош. Ушунун улуу, кичүүсүн туулгандан бери өзүм билбейм. Өз колуктуңду өзүң таап ал”-деди кыздын атасы.

Бала колуктусунун жардамы менен кайнатасынын ал буйругун да аткарды.

Каардуу кайнатасы ага да болбой баланы кыйнап дагы буйрук берем дегенде бала менен кыз бел байлап качып чыгышты. Кайнатасы кыз менен жигиттин аркасынан куугун жиберди. Куугунчулар жете турган болгондо кыз сыйкырлап, жигит менен өзү бөдөнө болуп жерге түштү. Аны бүркүт болуп эки жигит теберинде жигит менен кыз тaруу болуп чачылды. Эки жигит таранчы болуп тересиңде жигит менен кыз жылан болуп жерге сойлоду. Эки жигит жыланды бармагына чаларында, кара ташка чабарында ак балык болуп кара сууга ойноду. Кайырмак ийип, кара сууга салып, кара суунун түбүнөн ак балыкты эки жигит ала албады.

Кандын тапшырмасын аткара албай эки жигит кайра үйүнө кайтты. Ошондо кыздын атасы каарын төгүп кыздын соңунан түштү. Кыз менен жигит атасынын келерин билип, шумкар менен көгүчкөн кебин кийип, зымырап катуу учту. Алпкаракуш менен күркүрөп, аркырап жетээриңде, шумкар менен көгүчкөндү куйругунан сермеп өтөрүндө, шумкар менен көгүчкөн перилердин чегинен чыгып, адам болуп, адамзаттын эл-жерин көрдү. Бала кызды шаркыраган суунун боюна коюп, өзү: “эл аралап, ал-жайын билип келейин”-деп кеткен мезгилде камыштуу токойдун арасынан бир каман чыга калып пери кызды чалып салды. Жигит келсе, кыз катуу жарадар болуп жатат. Өлөрүндө кыз күйөөсүнө:

- Эми сен экөөбүз түбөлүккө коштошобуз. Мени күн чыкканча кайтарсаң көмөсүң, күн чыкканча кайтара албасаң, көгүчкөн көйнөгүм колуңда калды, сөөгүмдү алдырып жиберип, артымдан калбай өлөсүң,-деп кыз керээз айтты.

- Ошол тилиңди аткарам, таң атканча карап турам. Үстүңө алтын күмбөз курам. Өмүрүм өткөнчө ушул жерде өзүңө кызмат кылам,-деп жигит убадасын берген. Бала таң атканча карап, таңга маал таң сүрө, талыкшып көзүн жумду. Каардуу кайын ата каарданып колун сунду. Жибек чачтан бармакка ороп, кыз менен жигитти башка урду. Ошону менен жигит күйүтүнө чыдабай көгүчкөн көйнөгүн көөдөнүнө басып өлүп тынды.

Отунчу падыша

Бир заманда Султаналы деген отунчу болгон экен. Өзүнө ылайык кембагалдын кызы Умсунайга баш кошуп “эки бакыр, бир тукур” болуп оокат кылышат. Аялы көп кечикпей эле эркек төрөп бериптир. Баланын кубанычы менен жылаңач-жабык эстен чыгып кетет. Мырза аттуу баласы бат эле чоңоюп, он жашка чыгат.

Султаналы үй-бүлөсүн, өз кардын тойгузуу үчүн “өлбөс оокат, чыкпас жан” дегендей, кара жанын карч уруп, күнүгө талаадан отун терип калаага сатуучу экен.

Күндөрдүн биринде кылаңгыр чайга тоюп, өлбөс оокатка жан талашат. Койнуна бир көмөчтү салып, жолду карата көп ойлорду ойлоп баш катырды. “Мен алтымыштан, кемпирим элүү жаштан аштык. Демек экөөбүз тең картайдык. Артыбызда керки, чотту жыйнап, атыбызды өчүрбөй турган тукумум Мырза бар. Жалгызымдын колун адалдап коюуга кудуретим келбеди. Атаганат! ”-деп далай жерге келип калганын да өзү билбей калыптыр.

Отун алуучу жеринде эмне кыларын билбей, “урушарга жоо таппай, урунарга тоо таппай” жолдун боюнда сары сан болуп терең ойго батып отуруп калат. Бир убакта ордунан ыргып туруп артын көздөй жөнөйт. Баратып кантип уулунун тоюн берүүнү ойлонду: “Кой, аздан акча жыйнайын, катып койгон акчамды таптакыр унутуп калбайын, күрүч, кой алып туруп, уулума той берип, элден бата алайын” деп кызык кыялга батты.

Жолдо келе жатып көздүн жоосун алган сонун куурайларга көзү түшөт. Ана-мына деп карап турбай Султаналы жол боюндагы шуудурап турган куурайларды оро баштады. Күндөгүсүнөн алда канча көп куурай жыйнап, бекемдеп таңып, көтөрүүгө көп аракеттенип, кара терге түштү. Бир маалда эптеп дөңгө сүйрөп жеткирип, чарчап алы кеткендиктенби, аны ордунан кайра жылдыра албады.

Бүткөн бою суу болуп, өзү кара терге түштү. Көтөрө албайт, көтөрүп тура калайын дегенде, башынан ашып көмөлөнүп кетет. Бир туруп ызаланып, бир туруп капаланды. Кандай жеткирүүнүн амалын таппай, казыктай болуй жолду карап туруп калды.

Жолдон өтүп бараткан жолоочу көрүп-билип тургансып Султаналынын кыжырын кайнатып суроо берди. Ал жини келип:

-Көзүң көр, кулагың кереңби? Бооруң ачыса жеткирип бер, болбосо эмнеге куру сүйлөйсүң,-деп кыйкырып үнүн катуу чыгарды.

-Ачууланба, чабалдык кылба, билем сенин эмне кылганыңды, балаңа той берүүнүн камын көрүп, азап тартып, убара чегип жатасын. Сен куу жаныңды кууратып эмне кыласың. Ыракаттан жүзүн көргөн жериң жок, дүйнөгө келгениңден кийин жыргайм деп ойлосоң боло. Отунчум куу жанынды кууратпай менин акылыма көн. Тетиги чоң ташты көтөргүн, астындагы чуңкурга колуңду салсаң бир тасторкон, бир бешмант, бир сака бар. Ошолорду алгын, көктөн тилегениң жерден табылат.

-Аларды шаарга сатамбы?-деп Султаналы сураганда, жолоочу:

-Кокуй, андай кыла көрбө, кайсы тамакты көңүлүңө түшүрсөң ошол замат даяр болот, каалаганча жеп, тасторконду кайра катып коюп жүргүн. Бешмантты кийип алсаң, эл көзүнө көрүнбөй каалаган жерге жетесиң! Саканы болсо, башыңа кыйын иш түшкөндө курал кыл. Саканы тамдын төбөсүнө коюп туруп анын артынан өзүң чуркап бар. Сака түшкөн жерде эшик ачылып калат. Ичине кирип ылдый түшсөң адамдын көңүлүн чайыткан бак пайда болот. Ортосунда чоң жолу бар, жол менен басып бараткаңда оң жагыңды карасаң бышып жетилген мөмөлөрдү көрөсүң. Бирок сол жакка карабай, ар убак оң жактын мөмөлөрүн же. Сол жактагы мөмөнү сага мурда ким жамандык кылса ошолорго берип жедир. Аны жегенден кийин алар таш болуп катып калат. Каргап туруп берсең, сен жаман санагандай болот. Кыскасы кандай ойлосоң ошондой болот,-деди дагы жолоочу көздөн кайым болду.

Султаналы: “өңүмбү, түшүмбү”, деп бир топко дал болуп туруп калып, араң-араң эсине келди.

Султаналы жолоочу айткан чоң ташты ордунан жылдырып коюп, дагы колун ийнине чейин төмөн карай салып, төмөнүрөөк жибергенге коркту. “Колумду улам салам деп отуруп, өзүмдү сордурбайын, кой кемпиримди жардам бергенге алып келейин” деди. Үйүнө барып кемпирине сүйүнчүлөп, “жүр, кемпирим” деп, алып келди.

Султаналы чөк түшүп отурду да, артынан кемпирине этегин карматып:

-Сак бол, кокус мени ары карай тартса, сен бери карай тарт, андай кылбасаң мен өлдүм,-деди.

Кемпири ээгин тиштеп, Султаналыны бекем тартып, кыйналып кысталып туруп тасторкон, бешмант, саканы сууруп алып чыкты. Кубанычтары койнуна батпай, абдан сүйүнүштү.

- Кемпирим эмне жегиң келет?-деп жалт карады. Умсунай:

- Сары майга бышырылган каттама болсо!

-Мен да ошону каалаймын,-дей салды Султаналы. Ичинен сары майга бышырылган каттама чык,-деп тасторконду ачты эле, тасторкон толду, өлгөнчө жеп тоюшту.

Баягы жолоочу айткандай жеп бүтүп, кайра жаап коюшту. Айт тамактар болуп, береке жайнап ырахаттын жүзүн көрө башташты.

Анан бешмантты кийип, Султаналы шаарга чыкмакчы болду. Бешмантты алып, жолоочу айткандай эч кимге көрүнбөй шаарга кирип барды. Султаналы шаарды аралап, бир жерди караса набайчы нан чыгарып жатыптыр, “ушундан бирди алып көрөйүн, билинер бекен, билинбес бекен”, деп нанды алды дагы, тыяк-быякка карап көрдү. Бир аз басып, кайра турду, набайчы аны менен иши да болбоду.

Султаналы дагы сынап, бир киши алма сатып отурган жерден алмасын алды эле, эч ким көрбөдү. Андан ары бал саткан жерге келип, оюндагысын алып, керек дегенин колуна кармады. Бирок такыр адамдын көзү чалбады.

Султаналы кездеме саткан соодагердин жанына келип: "Бул адамдын акчасын алайын" деп ойлонуп, коюн кончуна тыгып акчаны ала берди. Бул дагы көргөн жок.

Анан Султаналы келатса, базарда чөнтөкчү уурдаган акчасын санап туруптур. "Мейли бул дагы бирөөлөрдү какшаткан акча", деп анын дагы акчасын, алды.

Ары барса, кай бирөө какшап, кай бирөө боздоп жүрүшөт. Султаналы абайлап канча жоготсо, ошончо акчаны орундарына салат.

Андан ары сыйкырдуу бешмант менен жүрүп отуруп кайыр -тилеген пенделердин арасына келип баягы акчаларды берип отуруп, аны дагы апың-упуң кылды.

Жолдо келе жатып Султаналы бир казыга кезигип калды. Казынын башындагы жибек жоолугуң алып жаман чүпүрөктөрдү ороп койду. Казы бул ишти байкабай жүрө берди, ары өткөн, бери өткөндөр шылдың кылышып шермендеси чыкты.

Сыйкырдуу бешмант менен аман-эсен Султаналы үйүнө келип болгон иштердин чыпчыргасын коротпой аялына айтып берди.

Арадан көп убакыт өтпөй Султаналы: "Эми саканы сынайынчы", деп үйүнүн үстүнө чыгып, жолоочу айткандай саканы атып жиберип, анын артынан өзү келди. Шарт этип эшик ачылып, мөмөлүү бактар көрүндү. Мөмөлөрдү көрүп, айран таң калып, оң тарабындагы жемиштерди татып көрдү.

Жолдун сол жагындагы ашпурт, анжыр, алмаларга көзү түштү. Самсаалап турган анжырдан бирди үзүп алып, өзү жебей: "Умсунай муну жакшы көрүүчү эле",-деп сүйүнгөн бойдон кемпирине аласала алып келди.

Умсунай "жеп коеюн" деп, оозуна салаары менен мышык болуп мыялап калды.

Султаналы аргасы кетип, айласы түгөндү. Умсунай дубалга чыгып, эмне кыларды билбей жалдырап турду.

"Бир анжырдын азабынан кемпиримден айрылдым", деп кокуйду үстөккө-босток айтып, эстен танды. Аргасы кетип көзү карайлап, баягы сакасын калчап, бактын оң тарабындагыга барып, анжыр, ашпурт, анар, жүзүм терип алды дагы, бирден мышыкка зордоп жедирди. Анжырды жегенден кийин кемпир өз калыбына келди.

Султаналы сүйүнүп, "Кемпиримден бөөдө ажырап кала жаздадым", деп мөмөлөрдүн кандайы дабаа, кандайы залал боло турганын жакшы билди. Султаналы сыйкырдуу бешмантты көп кийип күндө базарга барат. Арам тамак соодагер, байлардын акчасын алып, кембагалдарга таратып берет. Кембагалдар тоюнуп жыргашты. Кандын казынасын

чачты. Короо-короо кой, өрүшү менен жылкыны таратып, кедейлердин жарпы жазыла баштады.

Жердин үстүндөгү жемиштер дагы калганы жок, утурумдук оокат үчүн Султаналы Умсунай экөө алтын саканы ыргытып коюп жер астындагы бактардын мөмөлөрүн сата баштап турмушу оңолду.

Бир күнү Султаналы баласына той берип шаардын падышасын вазирлери менен чакырып ааламда жок даамдарды тасторкон жасап, аябай тан калтырды.

Кетээрде падыша Султаналынын сыйкырдуу бирдемеси бар экенин билип, анын сырын билиш үчүн:

-Мындан ары жакшы жүрөлү, келишип кетишип туралы, балким кудалашып каларбыз,-деп өзөр-мазир сөзүн айтты.

Султаналы кубанычы терисине батпай:

-Кулдук-кулдук, -деп таазим кылды.

Мына ушундан баштап падышанын кызы Айжамал менен Мырза көп ойной турган болду.

Бир күнү Султаналы менен Умсунай бир жакка кетишип, баягы сыйкырдуу бешмантты үйгө унутуп калтырышат.

Айжамал менен Мырза бышып турган коонго барат да ээси кармап алып, Айжамалды жибербейт. Ошондо Мырза кызга боору ачып, сыйкырдуу бешмантты алып келип, коонду оюнча жеп, каалаганча алып кетишет.

Бешмантты үйүнө коюп, Мырза билмексен болуп калды.

Айжамал болгон ишти төкпөй, чачпай атасына айтып келди.

-Сен ошол бешмантты алып келсен, алтындан сөйкө жасатып берем,-деп падыша кызына убада кылды.

Кыз атасынын айтканын орундатып, сыйкырдуу бешмантты алып келип берди. Падыша сыйкырдуу бешмантты сынап көрүп, бекем катып таштады.

Бир күнү Султаналы менен Умсунай экөө дагы айылчылап кеткенде, Мырза Айжамалдын астына барбактап тасторконду жайып, түрдүү оокатты жайнатат. Каалаганча жешип, тасторконду кайра ордуна илип коюшат.

Айжамал үйүнө келип атасына сыйкырдуу тасторкон жөнүндө айтып берет. Атасы аябай кубанып кызына:

-Сага алтын шакек берем, ошол тасторконду алып келсең,-деп дагы жумшайт.

Сыйкырдуу тасторкон да алынып келди.

Султаналынын тырпы тышына айланып, бешмант, тасторкондон ажыраганына аябай капаланды. Ким колдуу болгонун дароо байкады.

Алтын саканы ыргытып, анан өзү чуркап жердин алдындагы бакка барып, мөмөлөрдү эки-үч чакадай жыйнады. Кыштын кырчылдаган күнү падышага тартуу кылып алып барып берди. Баарысы аң-таң калып, жеп жыргашты.

-Эртең дагы алып келем,-деп убада кылды.Султаналы бактын сол жагындагы мөмөлөрдү терип туруп падышаныкын көздөй басты. Султаналы:

- Мен бирден оозуңарга салам, оозуңарды ачып, көзүңөрдү жумуп тургула – дегенине падыша менен вазирлер макул болду.

- Падыша мышык, вазирлери ит болсун,-деп Султаналы шыбырап, колун бир силкип койду.

Ошондон кийин баарысы айткандай болду. Падышанын тактысына өзү олтуруп, адил иш жүргүздү. Жоголгон буюмдарын таап, жаркырап-жайнап жатып калган экен.

Жез кемпир

Илгери-илгери бир эки кыздуу жесир аял болгон экен. Күндөн күнгө оокаты начарлап, бир күнү аял бир кызын оң колуна, бир кызын сол колуна жетелеп, оокат издеп жөнөйт.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир алачыкка туш келишет. Киришсе, төрдө бир териге оронгон кемпир жатат. Аял ал-абалын түшүндүрүп:

- Багар көрөрүбүз, барар жерибиз жок, бир жүргөн жанбыз. Түнөп кетүүтө уруксат берер бекенсиз,-дейт.

- Менин эле үйүмдө жүрө бергиле,-дейт кемпир. Ошондон кийин алар кемпирдин үйүндө жашап калышат. Кемпир керээли кечке тери жамынып жата берет. Аял болсо, күнү-түнү менен жаны тынбай оокат кылып жүрөт. Күндөрдүн биринде кемпир:

- Жүрү, кийиз өтүктүн таманына салгандай чөп жулуп келели, деп келинди токойго алып келет. Баягы аял чөп жулганы эңкейе бергенде кемпир койнунан бычагын сууруп чыгып, бир саят. Отту чоң кылып жагып, баягы келинди шишкебек кылып жеп коёт. Көрсө, ал кемпир киши жегич экен.

Кемпир алачыкка кирер замат кыздар:

- Апабыз кайда?-деп сурашат. Анда кемпир:

- Камырабай эле койгула, силердин энеңер өтүгүңөрдүн таманына салгандай чөп жулуп жүрөт, жакында келер,-деп коёт.

Өзү босогону аттаар замат коңурукка кирет. Кыздар ары оодарылышып, бери оодарылышып уйкулары келбей жатышат. Күтүп отурушуп, күтүп отурушуп, бир маалда кыздардын улуусу:

-Эмне энем кечикти,-деп тынчсызданып, токойду көздөй жөнөйт.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп токойго барса, бир жаңы эле өчкөн оттун ичинде адамдын сөөктөрү жатат. Ошол жерден энеси байланып жүргөн бүлөөнү, оттукту жана энесинин тарагын табат. Кыздар өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап, энесинин бүлөөсүн, оттугун жана тарагын алып кайра алачыкка келет. Жолдо келатып эки чымчык кармай келет. Кыздар чымчыктарды көшөгөнүн ичине кое берет да сиңдисин колдон жетелеп, тезинен күн чыккан тарапты көздөй бет алып качып жөнөшөт.

Ал эми кемпир болсо уктай берип, уктай берип бир оокумда ойгонсо, көшөгөдө бир нерсе бүлкүлдөйт. “Кыздар ордунда экен”-деп кемпир кайрадан уйкуга кирет. Кемпир жети күн, жети түн уктайт. Бир маалда курсагы ачканынан ойгонот. “Эми кыздарды жейин”-деп, көшөгөнү ачса, ичинде эки чымчык тыпырап учуп жүрөт. Ошол жерден кемпирдин ачуусу аябай келип, баягы кыздардын аркасынан кууп жөнөйт.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп кууп жетип кармай турган болгондо улуу кыз:

-Эне, энекебай бизге жардам бер!-деп бүлөөнү ийнинен алыс таштап жиберет.

Бүлөө түшкөн жерге чоң дарыя болот. Кыздар бир өйүзүндө, кемпир экинчи өйүзүндө калат. Кемпир сууга киргенден коркуп, өкүрүп, ачууланган бойдон кала берет. Кыздар артын карабай алдыга кетишет. Дарыя жети күн агат да, андан кийин кургап, ал эми бүлөө болсо, улуу кызга кайра барып калат.

Кемпир кайра кыздардын артынан түшөт. Анын жакын калганын укканда улуу кыз:

-Эне, энекебай, бизге жардам бер!-дейт да, оттукту ийнинен алыс ыргытып жиберет. Бир паста түптүз талаада бийик зоо пайда болот, тоо жети күн турат. Ошентип кемпир жете албай кала берет. Эже-синди артын карабай жүрүп олтурушат.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп баягы эки кыз бир аралга туш келет. Аралдын наркы өйүзүндөгү алачыкта жашаган бир кара кемпирди көрүп, эки кыз:

-Эне, бизге жардам берип коюңуз,-деп чакырышат. Анда баягы кемпир:

- Мени карап көргүлөчү өңүм сулуу бекен?-дейт. Кыздар:

- Биз көптөн бери адам көрө элекпиз, бизге өңүңүз күндөн да жарык, колуңуз биздин энебиздин колундай жумшак көрүнөт,- дешет.

Ошентип кемпир кыздарды суудан көтөрүп чыгат. Кыздарды кемпир өз кыздарындай багып жүрөт. Күндөрдүн биринде кемпир:

-Менин эки балам бар, алар мергенчилеп кеткенине бир нече жыл болду, ошол экөөнү таап келгиле. Токойго барсаңар бугуга чана сүйрөткөн эки бала көрүнөт, силер койнуңардагы бугунун терисинин өңүн көрсөткүлө. Колуңардагы бугунун терисинин өңүн көрөр замат менин балдарым силерди ээрчип жөнөйт,-дейт.

Ошентип кыздар кемпирдин эки баласын издеп жөнөп, жүрүп олтуруп токойго келишет. Балдарды таппай көп кыйынчылыктарды тартып, акыры бир күнү араң табышат. Балдар кыздардын койнундагы бугунун терисин көрүшүп, “апам бул кыздарды бизге жиберсе керек” деп кыздарга жакындашса, алар болгон окуяны толугу менен айтып беришет.

Үйлөрүнө келип улуусу улуу кызды, кичүүсү кичүү кызды алып, жыргап жатып калышкан экен.

Байдын эрке баласы

Илгери, илгери бир байдын жалгыз эрке баласы болгон экен. Ал бала: “О атамдын ушунча малы, дүнүйө-мүлкү, өзүмдүн сулуу аялым бар. Атам өлсө да мен эчтемеден кор болбойм”, деп ойлочу экен. Баланын колуктусу акыддуу болот.

Күндөрдүн биринде атасы өлүп, энеси, аялы үчөө калат. Атасынын жыйган мүлкү, малы түгөнөт. Эч кандай оокат кылар нерсеси жок калганда, баланын колуктусу:

-Ой, атаңын жыйып берген мал-мүлкү, дүнүйөсү түгөндү. Сен иштеп оокат тапсаң боло,- дейт күйөөсүнө.

Анда күйөөсү:

-Жо-ок, мен иштебейм, сени кайтарып олтура берем. Болбосо сулуулугуңа кызыгып бирөө алып кетпесин,-дейт.

Анда келинчеги:

-Жо-ок, мен сенден бөлөк эч кимге көңүл бурбайм. Сага менбир гүл берейин, ошону жакаңан түшүрбөй тагып ал, эгер ошол гүл солуп калса, анда мени бирөө алып кеткени! Жок, эгерде солубаса, кетпегеним, -дейт.

Бала аялынын бул айтканына макул болуп, бир шаарда жашаган үч бир тууган байга малайлыкка барат. Үч бир туугандын улуусунун аты -Адыл, ортончусунун аты -Мадыл, кичүүсүнүн аты – Жалын экен. Ошентип бала оокат кылып жүрө берет.

Күндөрдүн биринде Адыл:

-Ой, иним, алдагы жакаңдагы кызыл гүл эмнең – деп баладан сурайт.

Анда бала:

- Бул менин аялымдын белеги. Эгер ушул гүл солуп калса, аялымды бирөө зордуктап алып кеткени. Солубаса, аялым мени күтүп үйдө отурганы,-деп сырын айтат.

- Ал аялың кандай, кереметтүү эме беле?-деп Адыл сурайт.

Анда бала:

-Аялым дүйнөдө жок ашкан сулуу,-дейт.

Ошондо Адыл: “А бул бала кем акыл турбайбы. Мен буга билгизбей мунун үйүнө барып, байлыгымды айтып, сулуу аялын бузуп алайын”,-деп ойлонуп калат.

Күндөрдүн биринде Адыл баягы келиндин үйүнө келет. Келсе, баланын аялы жакшынакай кабыл алып, коюн союп, коногун кылат. Жатаар мезгилде аял эшиктеги баланы чакырып:

- Коноктун атын жайла,-дейт.

- Атты кандайча жайлайм?-деп бала сурайт. Анда келин:

- Атты ала баканга аса байла, төрт туягы булганып, конок капа болбосун, төрт туягын сыйпалай таза байла,-дейт.

Ал сөз атты тазалап союп, этти ала баканга аса байлап, илип кой, төрт туягын тазала дегени, терисин жайып, туздап кой дегени экен.

Андан кийин келин балага:

-Куш коңгуроо чалбасын, муну байка,-дейт. "Куш коңгуроо чалбасын муну байка", дегени эшикти калдыратып табыш бер дегени экен.

Бала атты байлап, ишти жайлап, эшикти кагат. Эшикти какканда келин тура калып конокко карап:

- Кокуй, конок аке, айып этпей тура кал, кайненем катуу киши эле, каарданып келе жатат,- деп үй астындагы ордун оозун ачат. Конок чуңкурдун түбүндө калат, келин шып этип ордун оозун мыктайт. Тыптынч жакшынакай уктайт. Ошо боюнча конок эшикке чыкпайт. Эртең менен эрте, таң агарып атканда, тараза жылдыз батканда келин:

- Бу да сиздин насибиңиз, – деп эки сындырым нанды конокко таштайт.

Андан кийин баладан сырды сурап билип, Адылдын үстүнө Мадыл, экөөнүн үстүнө өрт жалындай Жалын барат. Үчөө бир чуңкурга түшүп калат. Ошентип акылман келин үчөөнүн бирдей акылын табат. Ошондуктан ушундай аялдарды упалуу аял деген экен.

Күндөрдүн биринде баягы бала иштеп таап келген оокаты жок кур алакан үйгө келет.

-Алган нерсең кана? Бир жыл бою талаалап жүрдүң, бир тыйын тапкан пулуң жок. Сенин тапкан пайдаң кайда? Үч байдын өзүн же өлүгүн көрсөтөйүнбү? -дейт аялы.

- Кой, өлүгүн көрсөтүп эмне кыласың, өзүлөрүң көрсөт, – дейт. Анда келин:

- Кой, өзүлөрүн көрсөтсөм, түбү өзүңө зыян болор,-деп келин айтса, бала кежирленип болбой ордун оозун ачып, баягы Адыл, Мадыл жана Жалынды чыгарып алат.

Ошондо баягылар:

-Биздин аттарыбыз кайда?-деп келинден сурашат. Анда келин:

- Ала бакандан сурагыла,-деп жооп кайтарат. Баягылар:

- Ала баканың эмне?-деп барышса, аттын туягы, кулагы ала баканда илинип турат.

Ошондо Адыл, Мадыл жана Жалын: "Бул келин өзү сулуу болгону менен акылы ашкан шум келин экен. Биздин төбөбүзгө жете электе көзүнө көрүнбөй эптеп качып кетели", – деп түнү менен качып кетишет.

Ошентип бала акылдуу аялы менен түбөлүккө бактылуу жашап калган экен.

Сулуу келин

Бир жигиттин түшүнө ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу кыз кирет. Ошо сулууну табам деп ал жигит:

Медийнанын беш бурчун,

Беш айланып кыдырат.

Төгөрөктүн төрт бурчун,

Төрт айланып кыдырат.

Баягы ойдогу сулуусу табынбайт. Жалдырап жигит жолго салат. Келе жатса бир булактын башында тамагынан ай көрүнгөн бир сулуу келин олтурат.

Жигит ойлоно калып: “Менин түшүмдөгү көргөн кыз келин болуп калды. Мейли тобокел, ушуга сөз салып, тийсе алайын -деп камчысын бүктөп олтура калып:

-Экөөбүз баш кошсок кандай болот?-ден сулуу келинге кеп салса, ал макул болот.

Сулуу келинди жигит алып үйүнө барат. Жигит үйүнө баргандан кийин үй-турмушу оңолуп, тамак-ашы жайнап жатып калат.

Бир аз убакыттан кийин баягы жигиттин өңү саргарып, арыктай баштайт.

Ал жигиттин бир досу болот. А жигитке досу учурап:

-Ай, сенин өңүң эмне саргарат?-дейт. Аңда берки жигит:

- Билбейм!-деп жооп берет. Анда дос житити:

- Өңүндүн саргарганын сен билбесең, мен билем. Аялың аял эмес, карган ажыдаар. Бул карыганда оокат кыла албай калганда кубулуп келин болгон. Муну алдың, азапка калдың. Өзүңдү баш кылып бул шаарды сордурасың, -дейт.

Сулууну алган жигит ишенбейт: “Кантип эле ажыдаар аял болуп калсын”,-деген ойго келет. Анда берки дос жигити:

- Болуптур, мага ишенбесең бара көрөбүз,-дейт.

- Сен бүгүн түнү чыпалагыңды кес. Чыпалагыңды чынанган тузга малып жат. Аялың таңга маал уктайт, ошоңдо курсагын сына, киндик болсо аялың киши, киндиги жок болсо, аялың кар-таң ажыдаар, элдин убалына калба,-дейт.

Баягы жигит досунун тилин алып, колун кесип тузга малып, аялынын ичин сыйпаласа, киндиксиз.

Шек алдырбай эртең менен эрте туруп:

-Сенин айтканың чын экен,-деп досуна баягы сөздү жашырбай айтат.

Анда досу:

-Мен сенин сулуу аялыңды көрө албагандай ойлодуң эле. Бүт иш чындык болду. Бирок аялыңдын эки айлык боюнда бар.

Ошол аялың төрөгөнчө, соода кылам деп бир шаарга кет. Тогуз ай, тогуз күндү болжоп үйгө кел. Ошол учурда аялың толготуп төрөйт. Ошо менен макул болуп шаарга кетип, айтканындай тогуз айда кайта келип досуна учурайт.

-Эми бүгүн аялың толготуп жатат. Бала жуп төрөлүп түшүп бараткамда, аялыңдын мойнун кыя чап!-деп колуна кылыч берет. Ошондо сөөгү эрип, көлкүлдөп жумшап калат. Бир өлтүрсөң ошондо өлтүрөсүң. Бирок баланы ылдам ал,-дейт.

Айтканындай төрөп жатканда кылыч менен аялынын мойнун кыя чапса, башы өгүздөй, денеси кырк кулач ажыдаар болуп сулайт.

Баягы аял эркек төрөйт. Баланы антип-минтип энесинин алдынан алганча, энесинин мойнундагы эки тамчы кан баласынын көкүрөгүнө таамп калат.

Баланы ороп:

- Эмне кылам,-деп баягы досуна барат. Ошондо досу:

- Аялыңдын терисин сыйрып алып, калган денесин өрттөп ийгин!-деп колуна бир куура кестик берет.

Кара кестик менен ажыдаардын терисин тилсе, ажыдаардын терисинин калыңдыгы үч карыш болот. Терисин сыйрып алып, денесин отко өрттөйт.

Ушуну менен бала чоңоет. Он сегиз жашка чыккан учурунда бир көтөрүп келген отуну бир шаардагы элге бир кышка жарайт. Бир ичкенде бир шаардын тамагын бир ичкен, ушунчалык алп, күчтүү бала болот.

Күндөрдүн биринде баягы досу учурайт.

-Ии, досум, баягында мага ишенбей, аялымдын сулуусуна ичи тарып жатат деп ойлодуң эле. Бул чындык болду. Эми балаң кандай?-деп сурады.

Аңда сулуу аял алган жигит:

-Таң, билбейм, баланын бир көтөрүп келгенин бир шаар бир жыл оокат кылат. Бир жолу ичкенде бир шаардыкын бир эле ичет.

Аңда досу айтат:

-Болуптур, досум, мени достукка санап, балаң экөөң тезинен үйгө келип, конок болуп кет,-дейт.

Берки жигит макул болуп, алты күндөн кийин барса, берки досу бир темирден үй жасайт. “Темир үйдүн ичин кызын-тазын кооз кынат.

Өзү ачылып, өзү жабылган эки жагынан эшик жасайт. Досуна жакшылап тамак берет. Баягы баласы экөөн ээрчитип темир үйгө астына өзү, ортосуна досу, артынан бала кирет. Өзү менен досу мурда чыгат. Баягы үйдүн ичиндеги коооздолгон нерсени карап, бала алаксып ошол үйдө калат.

Эки дос ээрчишип эшикке чыгышат. Бала элең-булаң эки жакты карагыча, үйдүн ичиндеги эшик тарс жабылып, бекилип калат. Бала бакырганда деминен темир көккө үч тийип, жерге үч түшөт.

Досу эл-журтту жыйдырып, темирден казык кылдырып, чынжыр менен чырматып, темир үйдү жерге кагат. Бир сындырым нан, суу менен жети күнү баланы багат. Жети күндөн кийин өзөгү карарып, бала жыгылат. Жети күнгө чейин берки досу жетимиш кулач ор каздырып, бир бээни жардырып, жылкынын эки казысын катар койдуруп, жети нан үстүнө, жети кетмен астына коюп, казган оруна таштайт. Жетимиш балбанга жетелетип баланы ордун үстүнө алып барат. Ачыгып калган бала оп тартып, нанды, этти караганда баланын оозунан эки жылан атып түшүп, нан менен баягы жылкынын казысына барып сайылып, бала чалкасынан кетет. Ошондон кийин бала куландан соо таптаза болуп тамак ичип, адам болуп калган экен.

Зыйфырым

Илгери, илгери бир кандын уулу өз вазиринин кызын алган экен. Күн өткөн сайын кандын уулуна: “Өзү кандын баласы болуп туруп вазиринин кызын алды. Башка падышанын балдары бүт кандын кызын алып жатат. Бул деле ошентсе болмок, бул кыз анын теңи эмес”,-деген сөздөр угулат. Бул өңдүү сөздөрдү уккан сайын кандын баласынын жини келип, аялын ура баштайт:

Күндөрдүн биринде кыздын жеңеси келип:

-Өзүң вазирдин кызы болсоң, күйөөң кандын баласы болсо, эмне көңүлүң пас, эмнеге жүдөйсүң?-деп сурады.

Кыз мурун айтпай коюп, үчүнчү жолу сураганда араң айтат. Жеңеси кыздын энесине айтат. Энеси:

-Сени антип жүрсө, Мисир падышасынын Зыйфырым деген атагы чыккан кызы бар, күйөөңдү ошого барып кел деп жумша,-дейт.

Вазирдин кызы күйөөсүнө айтат. Ал эртеси бир ат минип куржунга кымбат баалуу мүлктөрүн салып алып, жолго чыгат. Бир нече күндөн кийин суунун жээгине келип олтурса, суудан килем жамынган эки жигит, бир кыз болуп чатыраш ойной башташат. Муну көрүп турган кандын уулу келип:

- Ушул кантип калыстык болсун, силер экөө, кыз жалгыз,-дейт. Алар бир ооздон:

- Сен деле кел кыйын болсоң жекеме жеке ойноп, бизди утуп алгын. Эгер уттурсаң мал-мүлкүн биздики болот,-дешет.

Кандын уулу макул болуп, алар менен ойноп уттуруп жиберет.

Жөө сандалып жүрүп отуруп, жүрүп отуруп, араң Мисир шаарына келип Зыйфырымдын үч шартын угат. Көрсө, падышанын кызы: “Эгер кимде-ким мени бир түндө үч жолу сүйлөтө алса, мен алдынан кыя өтпөй, өмүр бою кызмат кылам. Эгер «сүйлөтө албаса, өлүмгө буйрулат”,- деп жар чакырткан экен. Кандын уулу Зыйфырымга келип, нечен түрлүү айла-амалын кылып сүйлөтө албай коюп, шарт боюнча дарга асылмак болот. Ошол мезгилде кыздын энеси келип:

-Кызым, көп эле кишини даргага астырдың, ушул жигиттин канын кечирип мага бер, мен малай кылып алайын,-дейт.

Кыз ага макул болот. Ошол мезгилде жигиттин өз жеринде калган аялына жеңеси келип:

- Өзүң вазирдин кызы болсоң, ура берүүчү күйөөң деги жок. Ээн-эркин, эми неге көңүлүн пас?-деп дагы сурайт. Анда кыз:

- Жаман да болсо баркырак төөнүн бары жакшы экен. Күйөөм үйдө эле жүрө берсечи, эми кайра аны сагынып, санаам тынбай кайгырып жүрөмүн. Ага барып келбесем болгудай эмес эми баруга даярданып жатамын,-дейт.

Ошентип кыз эркекче кийинип, ак калпакты баса кийип, мүлкүн алып, атка минип, камданып алып жолго чыгат.

Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп баягы күйөөсү келген сууга келет. Килемчен эки жигит менен колуна чатыраш кармаган кыз теректин түбүнө келип, эки жигит, бир кыз болуп ойной башташат. Аны көргөн кыз аларга карап:

- Ушул кантип калыстык болсун, силер экөө, кыз жалгыз,-дейт.

- Андай болсо кел, сен биз менен жекеме-жеке ойноп жеңип ал, кыйын болсоң, эгер женилсең мал-мүлкүн биздики,-дешет.

Вазирдин кызы ойноп аларды утуп алат. Утулгандан кийин алар:

-Биз үчөөбүз тең перинин уул-кыздары болобуз. Бир маал ушул теректин түбүнө келип эс алабыз. Себеби, бизди энебиз ушул теректин түбүндө төрөптүр,-деп сырларын айтышат. Анан алар тиги “жигиттин” кайда, эмне иш менен баратканын сурашат. “Жигит” өзүнүн бара турган жери менен максатын айтып берет. Ошондо баягы перинин уул-кыздары:

-Аңда сенин ишиң оор экен, ага биздин падышанын уулдары да барып, сүйлөтө алышпай өлүмгө дуушар болушкан. Сага биз жардам берели, балким жеңип кетерсиң, өлүмдөн калып.-дешет.

Биз үчөөбүз кыздын бөлмөсүнө кирип бирөөбүз керебет, бирибиз олтургуч, бирибиз сандык болуп кубулабыз. Сен кирип кызды сүйлөтө албаган соң:

-Зыйфырым, капкалуу шаарымды, туулган жерим менен өскөн элимди таштап, атайын бир өзүң үчүн келсем неге унчукпайсың, ушунчалык жүрөгүң таш беле, жок дегенде, Керебет, сен сүйлөсөң боло!-деп мени таягың менен бир чаап койгун. Ошондо мен сага сөз сүйлөйм. Аны тескери чеч. Ошентип калган экөөнүкүн дагы оң чечпей, тескери чечип жооп бер,-дешет.

Алар айткандай эле кызга келип сүйлөтө албаган соң, керебетти бир чаап перинин кызынын сөзүн кайталайт. Керебет сүйлөй баштайт:

-Мурун Мухарам деген падыша болгон экен. Анын үч уулу болуп, күндөрдүн биринде падыша үч уулун чакырып алып: “Силер мага кымбат баалуу бир нерсе сатып келгиле. Мен алардан силердин акылыңарды билгендей болоюн”,-дейт. Үч уулу Шам шаарына келип, улуусу жер үстүн заматта айланып чыга ала турган ат, ортончусу бүт аалам көрүнүп тургудай көзгө, кичүүсү жыттатып койсо, өлгөн адамды тирилтчү алма алып келишет. Алар:”Эми булардын касиетинин тууралыгын текшерип көрөлү”-дешип карашса, Куфа шаарынын падышасынын кызы өлүп, жаңыдан койгону даярдап жаткан экен. Кандын балдары кеңешип: “Алдыбызда ааламды айланып уча турган ат, өлгөндү тирилте турган алмабыз турса, биз падышанын кызын тирилтип алып келбейбизби”, дешет. Үчөө туура көрүшүп падышанын кызына барып тирилтип алышат.

Бирок эми ал кызды мен алам, сен алам болуп талашып киришет. Кызды ким алышы керек?-деп керебет суроо менен бүтүрөт.

- Андай болсо, кызды күзгүнүн ээси алышы керек, ал болбосо көрүшмөк эмес,-дейт бала. Ошондо Зыйфырым чыдай албай:

- Жок, кызды алманын ээси алышы керек, күзгүдөн көрүп ат менен келген менен алма болбосо ал тирилмек эмес -деп жиберди.

Ошол замат он эки капкасынан тең Зыйфырым дын бир жолу сүйлөгөндүгү жөнүндө кабар берилет.

Экинчи жолу бала отургучту чаап сөзүн кайталайт. Ал да сүйлөй баштайт:

-Бир кемпирдин балтыр бешик баласы болуптур. Күндөрдүн биринде уулунун сүтү түгөнүп калып, кемпир базарга барып, сүт алып чуркап келатса, бир айры куйрук жыланды илип алып, көтөрүп учуп бара жаткан болот. Жылан уусун кулгуп, бир тамчысы кемпирдин алып бара жаткан сүтүнө таамп калат. Муну кемпир билбейт.

Үйүнө келип баласына берер замат баласы өлөт. Күнөө кимде?-деп отургуч сөзүн суроо менен бүтөт. Бала дароо:

- Күнөө кемпирде. Себеби ал сүттүн үстүн жаап койгондо уу түшмөк эмес,-деди. Анда Зыйфырым:

- Жок, күнөө айры куйрукта. Ал жыланды асманга алып учпаса, сүткө уу таммак эмес,-деп жиберди.

Шаардын бардык тарабына Зыйфырымдын экинчи жолу сүйлөгөн жөнүндө кабар берилет. Бала үчүнчү жолу сандыкты чаап сөзүн кайталаганда, ал да сүйлөй баштайт.

- Бир токойду баш кесер каракчылар уюктаган. Ошол жердин каны менен вазиринин балдары бир күнү каракчылардын колуна түшүп калышат. Кандын баласы эч нерсе билбеген, вазирдин баласы кыйын айлакер болот. Алар ал жерден эптеп амалын таап бошонуп чыгышат. Ал жерден ким алып чыкты, кимисинин эмгеги көбүрөөк экен?-деп сандык сөзүн суроо менен бүтөрөт.

- Кантсе да кандын баласы эмеспи, аны өлтүрө да алышмак эмес, ошол үчүн кое беришти,-деди бала.

Анда Зыйфырым үчүнчү жолу:

-Жок, эмгек вазирдин баласыныкы, ал болбосо кандын уулу эч нерсе кыла алмак эмес да, каракчылар аларды өлтүрүп коюшмак,-деди.

Ошол замат кандын кызынын үч жолу тең сүйлөгөндүгү жөнүндө шаардын капкасына чейин кабар угулуп, Зыйфырым баягы убадасы боюнча жигитке тиймек болду. Ошондо вазирдин кызы элди жыйып:

-Тойго шаардын ичинен бир да адам калбай келсин,-деди.

Эл жыйналганда:

- Бир да адам калган жокпу?-дейт Зыйфырым.

-Баягы энем өлүмдөн алып калган кызматчы жигит калды,- деди.

Жигит аны да алдырып келип, өзүнүн күйөөсү экенин тааныды. Анын чачын алдырып, алган чачын жоолукка түйүп, сууга түшүртүп, самсаалап жыртылган кийимин чечиндирип, аны да куржунга салып, жаңы кийим кийгиздирди. Зыйфырымды жигитке бермек болду. Бирок вазирдин кызы кайрылып:

-Менин жеримде өзүмдүн зайыбым бар. Мен бул жерге Зыйфырымга келгендерди өлүмдөн куткарып калыш үчүн гана келгемин. Көп жигиттердин арасынан аман калган мына бул жигитке Зыйфырымды берели,-дейт.

Кан макул болот. Кыз күйөөсүнөн мурун келип, эркек кийимин чечип, өзүнүн кейпине келет. Кандын уулу Зыйфырым менен жашап калат. Кыз билмексен болуп жүрөт.

Кандын баласы күндө келип, баягы мурунку аялына кордук көрсөтө берет. Ошондо кыз чыдабай бир күнү элди чогултуп, Зыйфырымдын көзүнчө.

-Кана, сен бул жерден кеткенде жалгыз ат, бир куржун оокат менен кеттиң эле, эми кандын кызын кантип алып келдиң?-деп күйөөсүнө суроо берет.

Анда күйөөсү:

-Кыздын шартын аткарып, бир түндө үч сапар сүйлөтүп алдым,-дейт.

Аялы:

-Кантип сүйлөттүң?-дегенде жооп бере албай калат. Ошондо туруп элге куржундагы баланын чачы менен кийимдерин көрсөтүп, болгон окуяны айтып берди. Зыйфырым муну угуп:

-Мен өз антым боюнча үч жолу сүйлөткөн кишинин айтканын аткарып, кызматын кылам, мындан ары буга аял болбойм, өмүр бою кызга жолдош болуп кызматын кылам,-деди.

Ошентип, алар өмүр бою эң жакшы жолдош катары өз өмүрүн өткөрүп жашап калышкан экен.

Түлкү менен карышкыр

Бир күнү түлкү куйругун булактатып, тилин салаңдатып, ээн жерде келе жатып, жалгыз аяк жолдун таманында жаткан койдун куйругун көргөндө кубанып кетти. Аны тегерене карап, салып койгон капканды көрдү да, шилекейин чууртуп, эмне кыларын билбей туруп калды.

Аңгыча желип-жортуп карышкыр келди. Түлкү жагалданып:

-Каке, келиңиз, келиңиз, куйруктан көп жеп коюп май кекирип турам. Алдагыны сизге сактап койдум,- деди.

"Астында капкан болбосун?" деп шектенген карышкыр анчалык көңүлсүнбөй мыкчыя тигилди.

-Кээде ушинтип кекирейип каласыз... Жебесеңиз өзүм үйгө алып кетейин,-деп түлкү баягы май куйрукка тап бергенде, карышкыр түлкүдөн мурда озунуп сугунмак болду эле, тумшугу капканга чабылып калды. Куйрук четке ыргыды. Түлкү аны илип алды да:

-Жат, бөрү аке, жабышып, капкан менен кабышып!

Эртең эрте ушерден,

Ээси менен табышып,-деп шаттанып ырдап, желе-жорто жүрүп кетти.

Таан падыша

Илгери, илгери бир кемпирдин жалгыз баласы оокат-турмушу начар болгондуктан, кырманда кылтак салып жүрчү экен. Бир күнү кылтагына таан түшүп калат. Бала барып таанды чыгарып алайын десе, таан кадимки кишиче балага карап:

-Капыстан сенин кылтагыңа түштүм. Эмне десең берейин мени бошот. Атам падыша. Төрт түлүктүү малы бар. Азыр коеберсең, жети белес ашам, ошого чейин карап тургун да, мен ашкан белес менен бара бергиң. Төрт белес ашкандан кийин биздин жылкыга жетесиң. Ал жерге түнөп алып, андан ары сурай-сурай бара бергин. Атамдын жайыл супарасы бар. Анын мааниси, касиети "жайыл, супарам, жайыл" десең түрдүү оокат даяр болот. Ошону атамдан сурап алсаң, энең экөөң ошону менен оокат кыласың,-дейт.

Ошентип бала таанды кое берип, кылтагын көтөрүп алып, энесине айтпастан, Таан падышаны көздөй жөнөйт.Жүрүп отуруп, жүрүп отуруп төрт белеске келет. Төрт белестен ашкандан кийин жылкычыларга жетет. Ал жерге түнөп, эртеси уюн коюн, эчкисин, төөсүн көрүп, көңүлү тоюп, күн бата Таан падышанын үйүнө кирип барат. Бала салам айтып, Таан падышанын очогунун боюна отурат. Ошондо Таан падыша баладан:

-Кайдан "келдиң, атың ким, атаң ким?-деп сурайт.

Анын сөзүнө жооп бергиче, кылтакка түшкөн Таан баланы тааный коюп:

-Мени өлүмдөн куткарган ушул бала болучу. Эмнени сураса, ошону бергин,-дейт атасына.

Бала "жайыл супараны" сурайт. Таан падыша бергиси келбей:

-Төрт түлүктүү малдан ар биринен тогуздан берейин,-дейт. Бала болбостон тура берет. Таан падыша:

-Бербеймин,-деп башын чайкаганда, Бала Таан:

-Менин досума сураганын бербейсиң!-деп күйүп турган отко түшө калат. Ошондо Таан падыша ары карап ыйлап, бери карап күлүп аргасыздан "жайыл супараны" балага берет.

Бала коштошуп, жайыл супараны көтөрүп алып, энесине келип, "Жайыл супара, жайыл!" десе, бардык оокат супарада даяр болот. Ошентип, бала менен энеси жыргап-куунап, жакшы турмушта жашап калган экен.

Саякатчы бала. Шарда учканда

Жолдош окуучулар, мени жалгыз тоо эчки кармап жана жердин катмарындагы сууну эле сүзүп чыккан экен дебегиле. Мен андан башка дагы бир топ кесиптер кылдым. Биринчи жолу Италиянын окумуштуусу Леонардо да-Винчинин абага учуу деген максат коюп жана ал абага учууга бир топ аракет кылып, шар көтөрүлткөнүн уккандан кийин, мен да андан артып түшкөндөн шар жасоого кириштим. Менин шар тууралу түзгө:: планым энем экөөбүзгө жакты. Мен биринчи жолу шар жасай баштадым. Ал шарым абдан жакшы болуп чыкты Эми анын ичине кандай учуучу жеңил газды толтуруу керек, мага ошол жагы кыйындык келтирди. Бирок, мен аны да ойлой-ойлой таптым. Мен билем, суу эки газдан турат (водород жана кислород).

Водороду абдан жеңил. Ошондуктан, жасаган шарымдын ичине водород толтурууга туура келди. Мен аны кантип толтурууга тийиишмин, кантип водородду суудан бөлүп алам. Ушул жагы мени бир топ ойлонтту Мен анын да амалын таптым. Мен бир чоң казанга суу куюп, анын оозун бекем капкактап, капкакты тешип, бир узун темир түтүк орноттум да, түтүктүн орто ченинен бир чоң мешке от жагып, түтүктү ошол от ортосунан алып өттүм. Түтүктүн учун эки айрым кылдым. Себеби, водород жана кислородго айрылбай келген суу бир идишке агып түшсүн үчүн, газга айландырганда кислород темир түтүк ичинде калып, водород шарга барып кирсин үчүн түтүктүн бир башын шардын оозуна киргизип туруп, бек таңып, казанды баркылдатып кайната бердим. Шар уламдан-улам толо берди. Бир аздан кийин шар топтомолок болду, андыктан эми учууга туура келди. Мен мурун эле шардын ылдый жагына өзүм олтуруп учуу үчүн жакшылап бир адамдык кылып, үй жасап койгом. Ал үйдү водородго толгон шардын алдына келип таңдым. Абага толгон шардын оозун бекем байлап, өзүм үйгө түшүп, энем менен коштошуп алып, асманга учуп жөнөдүм. Шар уламдан-улам жогорулап бара жатат. Мен үйүмдүн терезесинен жерди карап бара жатам. Энем мени карап, колун булгалайт. Бирок, үнүн укпадым. Шар көкөлөгөндөн көкөлөй берди. Жер алыстагандан алыстан берди. Бир маалда түнөргөн бир шооласыз капкараңгы жерге туш келдим. Бул жер абанын кайсы бөлүгү экени мага белгисиз. Караңгылык бул жерди чылк баскан. Төмөн карасам, жер көрүнбөйт. Жогору карасам, ай, күн көрүнбөйт. Ошентсе да, шар жогорулап эле көтөрүлүп бара жатат.

Мен эмне болсом, ошол болоюн деп жайбаракат, эки жакты карап, чөнтөгүмдөгү күнүмдүк дептериме көргөн, билгенимди жазып кетип бара жатам. Шарым тынбастан эле жүрүп кетип бара жатат. Бул шардын кайда барып токтолорун билбейм. Капкараңгы эч жылчыксыз. Абадан башка мыдыр эткен эчтеке жок. Же бир дабыш, же бир жандык, же бир жарык, же бир табияттын бир мүчөсүнөн бирөө да жок. Жер жакты карасам деле, капкараңгы көрүнөт. Күн болуп жатканы, түн болуп жатканы белгисиз, өзүм кайсы кургактыкта же кайсы суунун үстүндө кетип бара жатканым да белгисиз. Өзүм гана СССР аймагынын үстүндө тургандай болом. Капиталисттик өлкөлөрдүн астрономик жана шар учуруучуларына: мен СССРдин акылман, билимпоз, эмгек уулунанмын дегендей болуп ичимден кубанып коюп бара жатам.

Бир маалда шар ары да кетпей, бери да кетпей токтоп калды. Бул токтолушуна таң калдым. Үйүмдөн түшө калып, эмне учпаганын көрөйүн деп андан да корком. Себеби, жерди көздөй түшүп кетемби дейм. Ошентип кантер амалды билбей, бир топко ойлонуп турдум да, шар түшпөгөндөн кийин мен түшмөк белем деп, үйүмдөн секирип түштүм. Секирип түшкөнүм менен жерге кулап түшкөнүм жок. Түшкөн жерден эле басуу таянчым жок болуп, токтоп тура бердим. Шарым эмне учпайт экен деп, ары-бери басып, эки жагым карадым. Карасам баары эле аман өңдүү. Бирок, эмне учпасын билбедим. Өзүмдүн да кулап кетпегениме таң калдым да, өзүмө өзүм суроо берип коём. Мен эмне үчүн кулап жерге түшпөйм? — дейм, бирок, ал суроону өзүм да чече албадым... Ошентип, кайра шардагы үйүмө келип түштүм да, бир аз тыныгып, эс алып олтурдум. Бир маалда, калың караңгылыктын арасынан бир чоң жер формасындагы бир нерсе уламдан-улам мага туштaшып, жакындаган өңдөнүп келе берди.

Шар ансайын дагы ошол жер сыяктуу формадагы нерсени көздөй акырындап уча берди. Бир маалда шардын көтөрүлүп сызганы маа анык экени сезилди. Бир нече убакыттан кийин эле баягы жер формасын алган жерге жетип калыппыз. Жерине барып шар-марым менен аман-эсен түшүп калдым. Ал жер башка жер көрүнөт. Жаралып бүткөндөн тоолор, тунук, акпаган коюуланган суулар. Бирок көпчүлүгү муз. Кез-кез жерде гана муздан кылайып өскөн лишайник, мох сыяктуу өсүмдүктөр гана учурайт. Андан башка ырымга чөп жок. Жана айбан, адам аттуунун саны тургай жыты жок сыяктуу. Акырын гана мох, лишайник өңдөнгөн өсүмдүктүн түбүн байкап карасам, көзгө илинер-илинбес бир курт жүргөн сыяктуу. Андай турмуш жок жерде жүрүүгө мүмкүндүк келбеди. Андыктан кантип өз жеримди көрөм? Кантип учам? Бул суроо менин башымды бир топ катырды. Ал жүргөн жерим 9 планетанын кайсынысы экенин да билбедим. Бирок ойлоп-ойлоп баамдап байкасам ай шекилдүү, себеби, ай жерге жакын жүрөрүн билет эмесминби.

Мен бир топ күндөр жүрүп калдым, ал жерде күндүн кеч кириши, таң атышы биздикинен бат сыяктуу. Себеби, жерде жүргөндө түн ичинде эки ойгонуучу элем, бул жерге келгени түн ичинде бир эле ойгонуучу болдум... Дааналап, белгилей албайм, себеби, жерден учканда саатымды унутуп таштап салыпмын. Мен элди сагындым, жерди сагындым. Бирок, кетүүгө келгенде ой бир топ башты катырды. Андыктан эмне кылуу керек деп ойлоп отуруп, колумдун тырмагы өсүп кеткенин да билбей калыптырмын. Тырмагымды алайын деп үйүмдөгү көмүркөйүмдүн ичиндеги бычагымды көмүркөйүмдөн алып, тышка чыгайын дегиче болбой эле шар көтөрүлүп жөнөдү. Мен сүйүнгөнүмө чыдай албай күлүп да жиберген экемин. Ошентип учуп жүрүп олтурдум. Билбейм, жерди көздөй учуп бара жатамбы, кайсы жакты көздөй учуп бара жатканымды билбедим. Бир маалда баягы басып өткөн караңгылыкка туш келип калдым. Ал караңгылыкка туш келип калгандыктан, жерди көздөй жол тарткандыгымды ошондо билдим. Бир маалда жердеги жарыктын шооласы калың караңгылыктын арасынан көзүмө байкала баштады. Ошентип олтуруп, ылдыйлаган сайын ылдый түшүшү катуулан баштады. Мунун себеби, Курский Аномалия магнити бычакты тартып жаткан экен.

Бычак менен биз түшүп келе жатыппыз. Ал көрсө айда экенде жер айланып олтуруп, бычакка туш келгенде тарткан экен. Ошентип, Курский Аномалияга келип түштүм. Бычакты ошондо таштадым да, шарым көтөрүлүп, үйүмө келдим. Бычакты таштаган себебим — бычакты алып жүрсөм Курский Аномалия кайра-кайра тартып эле бастыра турган эмес. Бирок, бычагым абдан жакшы эле да, аны кийикчилеп жүргөндө да алып жүргөн болчумун...

Эки улак

Ак улак менен кара улак ары жүгүрүп, бери жүгүрүп жан-жагын карап секирет. Бир жагында калың бадал, бир жагында калың тикен, эч кандай кой-эчки көрүнбөйт.

- Сен ак улаксың, тил укпаган акмаксың! Мени ары бери сүйрөп жүрүп акыры адаштырдың, жаның барында койду таап бергин,-деп ак улакка кара улак айтат.

Кара улак бир күн мурун туулган. Денеси чымыр, маңдайында жумуру эки мүйүзү бар. Ак улакты боорум экен деп, жан тартчу эмес. Кичине эле кылт этсе: "Ак улаксың, акылы жок акмаксың",-деп шылдыңдап, ачууланса мүйүз матап, бөйрөккө сүзүп жиберчү. Кара улак өзү жалакор, ак улак жакын келсе эле: "Мына жердин чөбүн жеп койду, ба-а - ба-а!" деп бакылдачу. Эми адашкандан кийин айласыз "ак улак" деп гана турат. "Ай, ак улак, акмак! Жаның барда түш деймин, бас деймин" деп, кара улак секирди. Ак улак ары ойлонуп, бери ойлонуп, зирек немении жүргөн-турган жерлери эсине түшүп, беркиге кайрылды:

- Узап кеткен койду кантип табабыз, тоону ашып жайлоого барып калган чыгар. Жайлоого жол таап баруу эң кыйын болсо да, жол издеп көрөйүн. Сага айтайын дегеним, эчки менен эрегишпегин, менин айтканымды иштегин. Муну орундатпасаң адашып өлөбүз. Ак улактын "өлөбүз" деген сөзүн кара улак укканда үрөйү учуп коркуп кетет.

Кара улак канча тентек болгону менен, ак улактын тилин алууга убада берет. Ак улак жол баштап алдыга түшөт, калың чөптү жапырып, алдынан аң, таш жолукса секирип өтүп, жүрүп отурат.

Ошентип ак улак, кара улак экөө тоонун этегине келип жетет. Эки жагын караса көрүнгөн эч нерсе жок, жымжырт.

Капысынан алдыларынан бир түлкү чыга калат.

-Өзүң аппак, сулуу улак экенсиң, агаң дагы келишкен неме тура! Чарчап калган чыгарсыңар, биздин үйгө барып даам татып кеткиле. Менин дагы силердей эки балам бар, бирге ойноп, кумарыңарды жазып эс аларсыңар, -деп, түлкү ичинен "ак улак кичинекей экен, капысынан эбин таап жеп алайын" деп ниети бузулат.

Айта турганын мурунтадан ойлоп койгон ак улак:

- Түкө, тетиги дөбөнүн башында, кара таштын астында бизди карышкыр күтүп турат. Ал кара улак экөөбүздү конокко чакырган. Сизди ээрчип кеткенибизди көрсө, ачуусу келет го, кашакеңдин каары катуу эмеспи. Эми өзүңүз деле биз менен кошо жүрүңүз.

- Анда эмесе жарайт, силер кете бергиле, мен артыңардан барармын,-деп түлкү куулук кылып калып калат.

Эки улак кетип бара жатканда алдынан көк жал карышкыр каршы чыгып, оозун араандай ачып, эки улакка тап берет. Карышкырды көргөн түлкү сайга кире качат. Карышкыр дароо жара тартпай сөзгө келет:

- Кардым ачып куркулдап калдым эле, мындай жакшы болорбу, мен силерди жеймин,- дейт. Анда Ак улак дагы чыңылдайт:

- Кашаке, тетиги дөбөнүн башында, кара таштын астында бизди арыстан күтүүдө. Ал тоодогу жортуп жүргөн кайберендерге, учкан куш, айбанаттарга падыша болуп келүү күнү келиптир. Эртең мененки тамагына эки музоону, түшкү тамагына эки улакты, кечкисине эки козу жейт экен. Сиздин бул кылыгыңызды байкаса, буркан-шаркан болуп ачууланып өзүңүз жаздым болбоңуз, мейли жей бериңиз! Аңгыча болбой:

- Ме-ке-кээ, карышкыр, арстанды карагын! Бака-ка! Чакырып жатат,-деп кара улак тикчилиндеп бакырып жиберди.

Карышкыр шаштысы кетип:

-Бакбай балааңдан, жакпай жалааңдан - деп качып жөнөйт. Эки улак жүгүргөн боюнча бир тоонун башына чыгышат. Эки жакты карашса, тоону бөксөлөп бир короо кой жайылып жатат. Койдун артында астында аты бар, кашында ити бар койчу келе жатат. Койду көргөндө кубанганынан эки улак "мака-каа" деп маарап кое беришет.

Чолпон ата жол баштап, мурун келген ак улакты жерден көтөрүп ала коет да:

-Мен силерди ой-кыр койбой издеп таба албай койдум эле. Өзүңөрдүн таап келгениңерди карачы, жарайсың, ак улагым, ап-пагым: "Ак улак акмак" деп мазактагандардын өздөрү акмак – деди да ак улакты кучактап бооруна кысты.

Мээр чөп (уламыш)

Илгери бир хандын жалгыз кызы айыкпас дартка дуушар болот. Хан жарыя салып дарыгерлерди чакыртат. Айыктара албасаңар башыңардан ажырайсыңар, деп катуу шарт коёт. Ошондо бир кыйын дарыгер: Бир гана мээр чөптөн жасалган дары жардам бере алат, деген экен. Хан жигиттерине үч күн мөөнөт берет. Эгер таап келбесеңер башыңардан ажырайсыңар, дейт. Хандын жигиттери ары ойлонушуп, бери ойлонушуп, ай ласы кетип карьш аңчыга барышат. Иштин жайын түшүндүрүшөт. Карыя аңчы: Бул чөптү табуунун бир гана жолу бар, деген экен.

Сагызгандын балапанын таап келгиле, деп буйрук берет Жигиттер сагызгандын балапанын таап келишет. Карьш аңчы балапандын бир канатын сындырат да жигиттерге кайра ордуна алып баргыла, деит. Сагызган балапанына келет, ошондо силер аттарыңарды суутуп даяр болгула, сагызган кайда учса ошол жакка бара . сыңар. Сагызган учуп олтуруп жалама асказоолорго барат, ошондо силер өтө кылдаттык кьшып андышыңар керек, сагызган ошол асказоодон мээр чөптү таап, балапанына алып келет, дептир. Хандын жигиттери баягы карыя аңчы айткандай кылы шат, чын эле сагызган балапанынын жанында бир аз болуп, учуп кетет. Жигиттер калбай жүрүп отурушат, бир күн өтөбү, эки күн өтөбү, айтор жалама аска зоого жетишет. Жигиттер аярлашып, өтө кылдаттык менен аңдышат, баягы сагызган конгон жерди белгилешип, аңчы айткан белгилери менен чөптү издеп табышат.

Ошентип чөп табылып, дарыгер дары жасап, хандын жалгыз кызын айыктырыптыр. Сагызган болсо балапанына чөптү берип, канатын айык тырып чогуу учуруп кетиптир. Илгертен бери элде: Миң дартка даба мээр чөптү, бир гана сагызган таба алат, деп айтылат.

Ууру (жомок)

Илгери атагы чыккан ууру болуптур. Анын жалгыз бала сы бар экен. Баласы чоңойгондо атасы чакырып алып: Балам, мени сыйласаң, ууру бол. Мындан бөлөк кесип жок, дейт. Анда баласы капаланып: Ата, мени адам болсун десең уурулукка үйрөтпө, андан көрө адал эмгек кылайын, дейт. Ууру ачууланып: Атанын тилин албайт деген эмне жакшылык! Айтка нымдан кайтпайм. Бүгүн кошунанын уйун уурдап кел. Уур дабасаң ошондон аары жогол, дейт. Бала айласыздан макул болот да, кошунанын уйун эгинге алмаштырып келет. Бирок аны атасына айтпайт. Уйду союп алышат. Ата, бул этти жээрден мурда таразага түшүп алалы, эт түгөнгөндөн кийин кимибиз канча семирет экенбиз, ошону билели, дейт бала. Ошентип экөө таразага түшөт.

Эт түгөнгөндө кайрадан та разага түшүшөт. Атасы мурдагыдан 2 3 килограммга арыктап калыптыр. Ал эми баласы 5 6 килограмм кошуптур. Буга атасы таң калат. Таң кала турган эч нерсе жок, дейт бала. Сиз эт жеп жатканда ууфулугум билинип калбаса экен, деп коркосуз. Мен уйду сатып келгем, ошондуктан коркконум жок, жеге ним аш болуп, тамагым жакшы сиңди. Ар ким өз эмгеги ме нен гана адал жашай алат. Жеген да аш болот, дептир. Ошондо атасы уялып: Уурулук жаман иш турбайбы, балам, сенин оң жолго түшкөнүң жакшы, деген экен.

Наабат

Илгери бир өткөн заманда Азил деген кан өзүнүн акылдуулугу менен элин жакшы башкарып, бейпил убак менен эли куунап-жыргап бир нече жыл жашаптыр. Бирок, оп тартканда үйдөй таштарды жутуп алуучу ажыдаар сууну бөгөп жатып алат. Ал эми ажыдаардын өзүнүн шарты боюнча күнүгө бир кыз бербесе суу берүүчү эмес экен.

Күндөрдүн биринде кезек Азил кандын улуу кызына келет. Кан элин чогултуп:

-Калайык-калк, ушул ажыдаардан куткаруучу күч элдин арасынан чыкпайт бекен? Эгерде кимде ким ажыдаардан өз элин куткарып алса каалаганын орундатам. Мейли кандыгымды алсын же үч кызымдын жактырганын алсын, мен сөзсүз убадамды орундатам. Кана, ким барып берет, элимдин керегине-дейт.

-Мен!-деп кылычын көтөрүп Наабат деген жигит кандын астына келет.

Наабатка көпчүлүк эл батасын берип, ажыдаарга жиберишет. Наабат үйүнө келип энесинен кыздын кийимин таптырып, кызча кийинип ажыдаарга барат. Ажыдаар оп тартканда Наабат кылычын көкүрөгүнө такап кармай салып, ажыдаарды экиге бөлүп салат. Жалаң ажыдаардын каны суу менен эки күн, эки түн агып, араң дегенде суу тазаланат.

Наабат канга келип, таазим кылат.

Ошондо кан:

-Кана уулум, эмнени каалайсың?

-Таксыр каным, сиздин үч кызыңыз бар экен. Биз үч бир тууганбыз. Айып этпесеңиз үч кызыңызды бизге бериңиз.

-Болуптур, уулум, жакшы болот.

Ошентип кандын ордосунда кырк күнү-түнү менен той болуп, кыздары турмушка чыгат.

Бул жыргалдуу турмуш, көпкө узабайт. Анткени Ак дөө, Кара дөө деген чыгып, элдин байлыгын, мал-салын талап ала баштайт.

Кан элге дагы кайрылат:

-Буга менин кичүү күйөөм жана ага кошулуп эки күйөө балам барып дөөлөрдү өлтүрүп мал-салды кайрып келишсин,-деп кан буйрук кылат.

Ошентип үч бир тууган сапарга аттанат. Эки улуусу кетет. Ал эми Наабат эки күндөн кийин барса, эки агасы жолдук азыгы түгөнүп, малдын кыгын талашып жатышкан экен. Наабат өзүнүн тамагынан берип, эки агасын калтырып, өзү жалгыз жортуулга жөнөйт.

-Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп тогуз канат өргөгө келет. Ага кирип барса, бир кемпир отурган экен. Ал:

-Кел балам, жол болсун! Бизге адам эмес, чымын учуп келчү эмес эле, өлгөнү келген турбайсыңбы. Азыр менин уулум келип сенин сазайыңды берет,-дейт.

Көрсө, бул баягы Ак дөөнүн энеси экен. Наабат:

-Балаң кайда жүрөт?-деп сураса, кемпир:

-Айтпаймын эле, айтпаймын,-деп Наабатты жулмалап баштайт. Наабат кемпирди чачынан кармап туруп чапканда бакырып ыйлап:

- Өлтүрбө эле, өлтүрбө, жанымды кой,-деп жалынат. Ошондо Наабат:

-Андай болсо Ак дөөнүн кайда экенин айтып бер,-дейт.

-Ал ууга кетти эле, келээр маалы болуп калды. Жолу болсо тайгандары кубалашып келет, жолу болбой калса, тайгандары бөлөк-бөлөк келишет,-дейт кемпир.

Аңгыча болбой тайгандар желип-жортуп өз-өзүнчө келишет. Дөөнүн келерин билип, Наабат жолунан тосуп чыгат.

-Кана дөөм, биздин элдин мал-салын алган сенсиңби?

-Ооба.

-Андай болсо мен сени менен кармашканы келдим.

-Кармашса кармашалы. Ошентип Наабат менен дөө үч күн, үч түн кармашат. Дөө Наабатты көтөрүп урганда, кызыл ашыгына чейин жерге кирип кетет. Наабат кайра оңдонуп дагы үч күн, үч түн кармашып, дөөнү мүдүрүлтүп жерге жыгып, кылыч менен жарып салат.

Андан ары жүрүп отуруп, жүрүп отуруп дагы бир тогуз канат ак өргөөгө кез болот. Ага кирип барса, бир сулуу келин ыйлап олтурат. Келиндин жөн-жайын сураса, ал:

- Кара дөө мени туткундаганына бир нече жыл болду. Элиме жете албай зарлап жүрөм. Кара дөө эртең менен кетип, кечинде келет. Ал келгенче мен тамагын жасап, оокатын кылып отурам. Бул жерге келген адам кайра айланып элине жетпейт. Кара дөө нечен, нечен мыкты жигиттерди өлтүрүп, сөөгүн сөпөт, устаканын упат кылды. Кайдан келе жатасың? Кокуй, Кара дөө келээр маалы болуп калды, бул жерден батыраак кет, сени өлтүрүп койбосун,-дейт.

Наабат:

- Коркпо, мен азыр эле Ак дөөнү жайлап келдим, мунун дагы айласын табам,-деп Кара дөөнүн келер жолун тосуп жашынып жатат.

Бир убакта Кара дөө күшүлдөп-бышылдап келет. Наабат муну да чекеге атып өлтүрүп, талап алган малын, баягы келинди, эки агасын ээрчитип элине келет. Ошентип кайрадан эл жыргалдуу турмушта жашап калган экен.

Алданган карышкыр

Илгери-илгери капчыгайлардагы коргул таштардын арасына бир түлкү ийин жасап алып, анда көп жылы жашап, тар ийинге эч ким каттабаптыр.

Бир күнү күн аябай суук болуп, түлкү ийинден чыгып, тамак издеп жойлоп жөнөйт. Ал кетээри менен ачка, кынжыйган, бир карышкыр түлкүнүн келишин күтүп, ийинге жатып алат.

Түлкү жолу болуп курсакты кампайта тойгузуп, кечке жуук ийинге келди. Караса, карышкырдын изи, дароо ойлоно калды.

"Эгер карышкыр болсо, мени соо койбойт, амал табайын" деди.

Ийиндин оозунан алынын бардыгынча:

-Ийним, ийним! Барсыңбы, мен келдим,- деп обон сала кыйкырды. Карышкыр болсо, "чоң жырткыч айбан келген экен" деп былк этпей дымып калат.

Түлкү дагы чыйкылдады:

-Ийним, ийним! Сен соо эмессиң го, келгенимде жооп берүүчү элең, ал кайратың кайда кеткен!

Карышкыр түлкү экенин билгеңден кийии:

- А-у, а-уу!- деп обон сала күркүрөп жооп берет. Түлкү болсо, карышкырдын бар экенин билип:

- Ошентип бая эле айтпайсыңбы, мен карга оонап, тазаланып келейин!- деп шылтоолоп туруп, жылт коёт. Ач көз акмак карышкыр эми тоём деп тилин саландатып, түлкүнүн келишин күтүп жата берет.

Аң уулап жолу болбой келаткан мергенчилер ийинди көрүп, капкан салып койсо, карышкыр түшүп калат. Ошентип түлкү амал менен бир ажалдан калат да, карышкыр алданып өлгөн экен.

Булардын кайсынысы чоң

Алабаш деген чалдын жалгыз карала өгүзү болуптур. Өгүздү дайыма өзү бакчу. Күндөрдүн биринде Алабаш узак жолго камынып, улуу баласына: Сен өгүзгө убактысы менен жем-чөп бергин,-деп кичүү баласына:

-А сен убактысы менен жетелеп барып сугарып тургун,-дейт да, өзү жүрүп кетет.

Алабаштын улуу баласы өгүздүн оозун тындырбай чөп берип турду. Арадан бир жума өттү. Сегизинчи күнү өгүз такыр чөп жебей калды.

-Буга эмне болду?. Ылаңдап калдыбы? Сен бирдеме билчү белең?-деп сурады агасы инисинен.

-Жок, муну атам гана билет.

Эки бир бир тууган жолдун боюнда өткөн-кеткенден өгүз канткенде чөп жей турганын сурай беришти. Күүгүм кире бир абышка өтүп:

-Өгүзүңөр чөп жебесе, суусап калганы ошол, эртең Ала-Көлгө жетелеп барып сугаргыла,-деди.

Атасынын тапшырган ишин аткарбаганын кичүүсү ошондо гана эстеди. Көрсө, өгүз бир жумага чейин суу ичпептир.

Эртеси өгүздү Ала-Көлгө алып барып сугарды эле, ал көлдү бүт ичип койду. Көл таза соолуп калды. Бала бул укмушту агасына айтмак болуп, өгүздү ошол жерде таштады да, өзү үйгө жүгүрдү.

Соолгон көлдүн ордунда калган балык өгүздү шак жутуп алды. Ал таноосун дердендетип оозун ачып, ары-бери ооналактап жатканда, кайдан келгени белгисиз кара бүркүт шукшурулуп кирди да, балыкты зооканын үстүнө көтөрүп барып жей баштады. Балыктын ичинен чыккан суу дарыядай ташкындап акты.

Ал аккан суу асканын түбүндө уктап жаткан абышканын бетине куюлганда, чал чочуп ойгонуп: "Күн азыр ачык эмес беле" деп күндү караса, көзүнө эмнедир бир неме түшүп кеткен сыяктанды. Абышка үйүнө келип, көзүн кызына каратты. Кызы ары карап, бери карап көзүнүн кычыгынан бир нерсени алып ыргытты. Көрсө, көлдү жуткан өгүздүн далысы экен.

Арадан бир нече күн өткөндө кербенчилер:

- Ушул жер түз жер экен,-дешип кыз ыргыткан далынын үстүнө жатып калышты. Таң аппак атты. Кербенчилер ойгонуп, кайдадыр жылып баратканын сезишти. Карашса кызыл түлкү бир нерсенин четинен тиштеп сүйрөп баратат. Кербенчилердин бири мылтыгын алып, түлкүнү атып жибергенде, түлкү жыгылып калды.

Кырк кербенчи кырк жагынан түлкүнүн терисин сыйрышты. Бул ишти күн чыга баштап, күн бата бир капталын зорго сыйрып бүтүштү. Экинчи капталын сыйрыш үчүн аны оодара албай коюшту.

Аңгыча жолоочу катын жетип келди да:

-Соогат! Ушул түлкүңөрдүн бир капталын мага бергиле, мен сыйрып алайын. Жаңы төрөлгөн балам бар, ошого тумак чыгар,-деди.

Аябай чарчап, муну эми оодара албасына көзү жеткен кербенчилер:

-Ала коюңуз,-дешти.

Катын ат үстүнөн туруп эңип алды да, бастырып кетти. Кана, ойлонуп көргүлөчү: өгүз, көл, балык, бүркүт, чал, түлкү, катын жана жаңы төрөлгөн баланын кайсынысы чоң?

Карышкырдын камкордугү

Илгери, илгери бир кан болуптур. Анын, үч баласы болуптур. Балдарынын аттары бир бирине уйкаш экен. Улуу баласынын аты- Ормон, ортончу баласыныкы - Коргон, кичүү баласыныкы - Болгон экен. Балдары күн сайын бак-дарактарды кайтарышса да, күн сайын бактан бирден алма жоголо берет.

Бир күнү баягы бак-дарактарды кайтаралы деп Ормон, Коргон, Болгон үчөө тең келсе, бир куш алманы чокуп жеп отуруптур. Балдар тор жайышып кушту кармап алышат, куш көпкө чейин талпынып жатып учуп кетет да, бир канаты калып калат. Балдар үйлөрүнө келип, атасына болгон ишти айтышып, куштун канатын атасына беришет. Канат жөн канат эмес, алтын канат болуп чыгат. Атасы ойлонуп отуруп:

-Эгерде менин балдарым болсоңор, ошол кушту таап кармап келгиле, эгер таба албасаңар кайтып келбегиле,-дейт.

Үч баласы атасынын айтканын эки кылбай, ата-энеси менен коштошуп жолго чыгышат.

Үч бир тууган жүрүп отурушуп, бир кырдын ары жагындагы сайга келип кеңешишет. Ормон улуулук кылып:

-Биз үчөөбүз бир жүрсөк эч нерсе таба албайбыз, үчөөбүз үч жол менен үч багытка: бирибиз батышка, бирибиз чыгышка, үчүнчүбүз кыбылага карап бөлүнүп кетели. Ошондо гана биз ал кушту табабыз,-деп акыл айтат.

Агасынын сөзүн макул көрүшүп, үч бир тууган үч жолго кетишет. Улуу агасы Ормон батышка, ортончусу Коргон кыбылага, кичүүсү Болгон чыгышка карап жол жүрүп кетишет.

Жүрүп отурушуп аз күндөн кийин Ормон менен Коргон кездешип чогуу жол улантышат.

Кичүүсү Болгон күнү-түнү менен жол жүрүп, үч айрык жолго келет.

Жолго көзүн салып караса: "Оң жактагы жолго түшсө өзү өлөт, сол жактагы жолго түшсө аты өлөт, туура жолго түшсө, барса келбес"-деген жазуу бар экен.

Болгон ойлонуп: "Эгер өзү өлөргө түшсөм, өзүм өлүп атым калса, барса келбеске түшсөм, барсам кайра келбесем: ата-энемди, элимди көрбөй каламбы? Аты өлөргө түшсөм, атым өлүп жөө калармын"-деп аты өлөр жолго түшөт.

Болгон жүрүп олтуруп жүрүп олтуруп бир сайга келет, сайдан бир карышкыр чыгып, баланы аттан оодарып салып, атын жара тартып жеп алат. Болгон жөө кайда барарын билбей туруп калат.

Ошентип турганда Карышкыр кайта келип, адамча сүйлөп жай сурайт. Болгон куштун канатын издеп бара жатканын, атсыз калып, эмне кыларын билбей турганын айтат. Анда Карышкыр:

-Сага убал болгон экен, алыс сапарга бара жатканыңды билбей атыңды жеп койбодумбу. Эми сен менин аркама мингин, адаштырбай керегиңди таап берейин,-дейт.

Болгон эмне кыларын билбей турганда:

-Мен сага кантип жамандык кылайын, аркама мингин,-дейт дагы Карышкыр.

Карышкыр күнү-түнү жүрүп отуруп, бир айылдын жанындагы терең сайга келет. Карышкыр Болгонду аркасынан түшүрүп:

-Тетиги турган бийик чоң ак үйгө баргын да, эшигинен кирип барсаң, үйдүн капшытында жабышып турган бир куш бар. Бирок сен кызыгып аны колуң менен сылап жүрбөгүн, оң жагыңды карасаң бурчта конуп турган кушту көрөсүң, кушту алып чыгып тез келгин. Мен сени ушул жерден күтүп турамын - дейт.

Болгон айылга барып, баягы ак үйгө кирет. Кирсе, оң жак бурчта бир куш конуп отуруптур. Болгон кушту алайын деп бара жатып үйдүн капшытында жабышып турган кушка кызыгып сылап коёт. Ошол замат карышкыр "каңк" эте түшөт. Жан жактан кайтарып тургандар жүгүрүп келишип Болгонду кармап алышат да:

-Сен мында эмне үчүн келдиң?-деп сурашат. Болгон:

-Ушул алтын кушту атам алып кел деп жиберген,-дейт. Анда кайтаруучулар:

-Сен биздин айтканыбызды алып келсең, сага бул кушту беребиз,-дешет. Болгон:

-Эмне иш тапшырсаңар да орундатамын,-дейт.

-Ушул жерден жүрүп отурсаң бир сарайга кез келесиң, ошол сарайдын ичинде күмүш жалдуу, алтын куйруктуу бир айгыр бар. Ошону бизге алып келип берсең, биз сага кушту беребиз,-дешти кайтаруучулар.

Болгон сарайдан чыгып, башынан өткөн окуяны Карышкырга келип айтат.

Карышкыр Болгонду үстүнө мингизип күнү-түнү жүрүп отуруп баягы сарайга келет. Дем алып отурушуп, Карышкыр баланы баягы күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып келүүгө жиберет. Жиберерде ал:

-Сарайга кирсең, байлануу турган күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды көрөсүң. Жан-жагыңа бурулбай, айгырды чечип алып, кирген жерден кайра ошол изиң менен чыккын,-дейт.

Болгон сарайга кирип, байлануу турган күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды көрөт. Айгырдын жанына барып сырдалган казыкка кызыгып сылап коёт. Коңгуроо шыңгырап, кароолчулар келип Болгонду кармап алышат. Кароолчулар:

-Эмне кылып жүргөн жансың?-деп сурашат. Болгон аны кароолчулар жумшаганын, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып барса, алтын кушту аларын айтат.

Кароолчулар:

-Көк-Дарыянын жакасындагы, Көкчө Тоонун арасында тоо менен теңдешкен, сырты күмүш менен жалатылган чоң бир үй турат. Ошол үйдүн төбөсүндө жашаган бир сулуу кыз бар. Эгерде сен бизге ошол кызды алып келип берсең, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды сага беребиз,-дешет.

Болгон кайтып келип, карышкырга кароолчулардын айтканын айтып берет. Карышкыр ачууланып:

-Айткан тилди албайсың, аркама мингин!-деп баланы аркасына мингизип жүрүп кетет.

Күнү-түнү жүрүп олтурушуп, жүрүп олтурушуп Болгон менен карышкыр, Көк-Дарыянын жакасына, Көкчө Тоонун арасына келип жетет. Карышкыр Болгонго карап:

-Сен ушул дарыянын жанындагы тоонун этегинде күтүп тургун. Эки жолу барып, эч нерсе алып келе албадың, эми мен өзүм барам,-дейт.

Ошентип кызды алып келүүгө карышкырдын өзү кетет. Карышкыр баягы жерге барса, кароолчулар айткан үй турат. Үйдүн төбөсүнө чыкса, кыз уктап жатыптыр. Эч нерсе сездирбестен кызды сандыгы менен көтөрүп, жерге түшөт дагы Болгонго келет. Карышкыр кыз менен баланы аркасына мингизип, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр турган сарайга келишет. Карышкыр Болгонго:

-Мен азыр кыз болоюн, ээрчитип баргын,-дейт.

Болгон макул болуп, баягы күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр бар жерге келишет. Жолдо келе жатканда карышкыр: "Сен мени таштап, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып кете бергин. Эгерде чайга отур дешсе, отурбагын. Мен силерди кууп жетем",-дейт.

Болгон баягы Карышкыр айткандай кылып, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды, алып, кыздын жанына келет.

Бир канча убакыт өткөндөн кийин карышкыр келет. Күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды алып, куш отурган сарайга келишет.

Ошондо карышкыр:

-Мен азыр күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгыр бөлоюн, мени минип бар дагы берип, кушту алгын,-дейт.

Болгон баягы карышкыр айткандай күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды, алтын канаттуу кушту алып кыздын жанына келет. Андан бир аз өткөндөн кийин Карышкыр жүгөнүн шыпырып, билдирбестен сарайдан чыгат да, кыз менен Болгонго келет.

Экөөнү бир топ жерге узатып келип:

-Мен эми бул жерде каламын, менин айткан сөзүмдү уксаң үйүңө аман барасың. Сага жолдон эки коркунуч кездешет. Биринчиси күн абдан ысык болгондо суусарсың. Бараткандa алдыңдан бир өзөн суу жолугат, канчалык суусасаң да суудан ичпегин. Андан

өтүп уктагың келет, түбү чөп, салкын, бир ак терек бар, ал актеректин түбүнө уктабагын. Уктасаң соо болбойсуң. Менин ушул эки сөзүмдү аткарсаң, үйүңө аман барасың,-деп акылын айтат. Карышкыр аларды жолго салып коштошуп, өз жайына кетет.

Болгон кыз менен бир күн, бир түн жүргөндөн кийин күн аябай ысык тиет. Болгон аябай суусайт. Ошондо "сууну кайдан из-деп табамын"-деп ойлоп келатканда алдынан өзөн суу агып жатканын көрөт. Болгон атын сугарып, өзү да ичмекчи болот. Бирок, кыз Болгонго суу ичирбей коет. Ал өзөндөн өтүп жүрүп кетишет.

Андан кийин Болгондун суусаганы басылып, чарчап уктагысы келет. Ошентип келе жатканда алдынан бир чоң ак терек кездешет. Болгон ошол теректин түбүнө эс алып жаткысы келет. Кыз каршы болот, бирок кыздын сөзүнө кулак салбай, Болгон атын тушап, жамбаштап жатып, көзү илинип кеткенин билбей калат.

Болгон чочуп ойгонсо, эки көзү жок, үңүрөйгөн орду гана калган. Эки жагын сыласа кызы да, аты да жок. Эмне кылар айласын таппай отуруп калат.

Бир аздан кийин баягы карышкыры келип:

-Менин айткан тилимди албай көзүңдөн айрылдың,-деп бир ууч топурак менен көзүнүн ордун укалап, айыктырып коёт. Болгон окуяны карышкыр угуп мындай дейт:

-Ашыгыңды, кушуңду, атыңды табабыз, кел, аркама мингин - деп баланы аркасына мингизип алып, желмогуз кемпирди издеп жолго чыгат.

Кырлардан, белестерден, ашуулардан, токойлордон, чоң суулардан өтүп, бир кошко кирип келет. Болгондун көзүн ойгон желмогуз кемпирди ошол жерден карышкыр таап берип:

-Кыз менен күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды, кушту тапкын же сени азыр жеймин,-деп кемпирди коркутат. Ошондо кемпир калтырап:

-Карышкыр, Карышкыр, менин жанымды калтыргын. Кушту дагы, кызды дагы, күмүш жалдуу, алтын куйруктуу айгырды дагы тиги суунун жакасындагы калың камыштын арасына барсаңар табасыңар,-дейт.

Кемпирди эки бүктөп отко салып өрттөшүп, кемпирдин баласын издеп жөнөшөт.

Бир нече күн жол жүрүп, суунун жакасына барып карашса, асман тиреген бир үй турат. Үйгө киришип, кызды табышат. Кыздан желмогуз кемпирдин баласын сурашат. Ошондо кыз:

-Энесин өлтүргөндү угуп, желмогуз кемпирдин баласы жумуртка болуп кубулуп, алтын куштун астында, камыштын арасындагы уясына кирип коркуп жатып калды,-дейт.

Карышкыр менен Болгон камыштын арасынан уяны таап, алтын куштун алдын аңтарып жумуртканы көрүшөт. Болгон жумуртканы алып, колу менен кыса баштаса, желмогуз кемпирдин баласы:

-Өлтүрө көрбө, коломтодогу күлүң болуп берейин,-деп жалынат.

Анда карышкыр:

-Калп эле жалына бербегин, желмогуз, тукумуна жана элге кайрымы жок,-деп катуу кармап жиберсе, ошол жерде жаны экен, сулап жатып калат. Кушту, кызды, күмүш куйруктуу айгырды алып, андан кийин Карышкыр Болгонду адашпай тургандай кылып жолго салып жиберет. Коштошордо Болгон Карышкырга мындай дейт:

Сен мага аябай кайрылышып, жакшылык кылдың. Адашканда жолго салдың, жүр мени менен конок болуп кеткин. Үйдөн эмне кааласаң ошону алгын,-дейт. Бирок, Карышкыр макул болбой:

-Кысылган жерде керек болор,-деп жүнүнөн жулуп,-керек болсом ушунун бир кылын жулуп түтөтсөң, мен даяр боломун,-деп убадасын берет.

Андан кийин кош айтышып, Болгон элине жүрүп, Карышкырда өз жайына кетти.

Ата-энеси баласынын келгенине кубанып, алып келген кызына үйлөндүрүп, элиндеги жаш, карынын бардыгын чакырышып, отуз күн оюн, кырк күн той өткөрөт.

Бир күнү бала аң уулап, куш салып талаада жүрүп, күндүн өткөнүн, кечтин киргенин билбей калат. Караңгыд адашып, жол таба албай жүрсө, бир желмогуз кемпир жолугуп:

-Издегеним сен элең, сиңдимдин баласын өлтүрүп мага кылган кордугуң аз эмес. Мына азыр мен да сага кордукту көрсөтөмүн,-деп тишин шакылдатып, Болгонго умтулат. Болгон атын сабап качып жөнөйт. Нечен кырларды басып, тоолорду ашып, "Эми кутулдум го" деп артын караса, кемпир жетип калыптыр.

Болгон дагы чу коюп жөнөйт. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп астындагы аты жүрбөй эмне кыларын билбей, шаштысы кетип, эси ооп турганда баягы Карышкырдын жүнү эсине түшөт.

Болгон карышкырдын жүнүн күйгүзөт, ошо замат Карышкыр пайда болот. Аңгыча тишин кайрап баягы желмогуз кемпир да жетип келет.

Болгон Карышкырга:

Жанымды жакама келтирип, мени кысып коркуткан ушул,-деп желмогуз кемпирди көрсөтөт.

Карышкыр кемпирди өлтүрүп, Болгонду ажалдан аман алып калат. Болгон Карышкырга алкыш айтып, үйүнө конокко чакырат. Карышкыр конокко барбай, башыңа кыйынчылык иш түшсө чакыр деп, коштошуп жолуна түшөт. Ошентип Брлгон ажалдан кутулуп эли кашында, бак-дөөлөтү башында болуп муратына жетиптир.

Жагалым

Илгери, илгери бир кан болгон экен, анын аялы өлүп, андан Жагалым деген уул, Карчыга деген кыз калат. Күндөрдүн биринде кан бир сулуу аялга үйлөнөт. Аялы балдарга аябай өч чыгат.

Жагалым көзгө атар мерген экен, күнүгө кийикке чыгып, үйүн майга толтурат. Бир күнү кандын аялы:

-Үйдө эт, майга толтуруп балаң үйдү сасытып жиберди, бул баланды жогот, же өлтүр, болбосо мен кетем,-деп ыйлай баштайт.

Кандын айласы кетип, баланы өлтүрмөкчү болот. Муну Карчыга билип калып, агасын кайтарып калат.

Бир күнү Карчыганын башка бир жеңеси келип:

- Кыз, бүгүн биздин үйгө барып, мага бир кемсел бычып берчи -дейт. Карчыга: "Кокус мен кетип калсам, булар Жагалымды өлтүрүп коюшат, ошондуктан үйдөн эки-жакка чыкпайын" дейт да, жеңесине:

-Баралбайм, колум бошобойт,-деп барбай коет.

-Эртеси баягы жеңеси келип, Карчыганы акидей асылып жатып, үйүнө ээрчитип кетет. Кан менен аялы көк үйду туюк союп, Жагалымды өлтүрүп ага салып, оозун бекем бууп, көлгө салып жиберишет. Жагалымдын кийимдерин жүктүн артына катып коюшат.

Карчыга үйүнө келсе агасы жок, "Жагалымды өлтүрүшкөн экен" дейт да, аны издей баштайт. Жүктүн артынан агасынын кийимдерин таап, аларды өзү кийип, атын минип, талаага чыгып, ар кимден сурап жүрүп олтурат. Эч бир көргөн, билген киши жок, табалбай кыйналат. Карчыганын атына тил бүтүп: "Агаң көлдө жатат",-дейт.

Карчыга бир койчуга барып:

- Койчу, койчу дешелик, бир табактан жешелик, тар төшөктө жаталык, Карчыгадай кара беттин кара башы сүйүнчү, ушул көлдөн Жагалымды алып чыгып бергин,-дейт.

Койчу кочкорун минип көлгө түшөт, кочкору сууга кетет, өзү өлдүм-талдым дегенде араң чыгат.

Карчыга андан кийин уйчуга, төөчүгө, жылкычыга барат, алар да алып чыга албайт. Айласы кеткенде сууга өзүм түшөйүн, бир тууганымдан ажыраганча, өлгөнүм жакшы деп сууга түшмөкчү болгондо атына тил бүтүп:

-Сен түшпөгүн, мен алып чыгамын,-деп сууга түшөт да, суудан Жагалымды алып чыгат.

Карчыга "агамды курт-кумурска жебей турган жерге көмөйүн," деп көзүнүн жашын көл кылып, өңөрүп алып кетип баратып, кара ташка жолугат.

-Жарылгырдын кара таш, жарылып кетсең не болот, Жагалымдай жалгызды, коюп кетсем не болот?-дейт,

Ошенткенде кара таш чарт тең бөлүнөт, бирок ичи курт-кумурскага жык толгонун көрүп, ага көмбөй андан ары кетет. Андан ары жүрүп отурса алдынан ак таш көрүнөт, ага кайрылып Карчыга:

-Жарылгырдын ак ташы, жарылып кетсең не болот, Жагалымдай жалгызды көөмп кетсем не болот?-дейт.

Ак таш жарылат. Курт-кумурскалар жок, ичи таптаза экен. Карчыга агасын көмөт да, андан ары өзү кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп Карчыга "Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымды ошол жигитке беремин",-деп Кара кан элин жыйып алып, той берип жаткан жерге барып калат. Жамбы аткандарды карап турса, аны эч ким атып түшүрө албайт.

-Мен атып көрөйүнчү, тээ атымдын жанындагы мылтыгымды алып келе койчу,-деп Карчыга бир баланы жумшайт.

Ал бала барып мылтыгын көтөрө албайт. Карчыга барып мылтыгын чыпалагы менен көтөрүп келет да, жамбыны атып түшүрөт. Эл Карчыганы:

-Кан күйөө, бек күйөө,-деп көтөрүп кетишет.

-Бир агам жолоочу жүрүп кеткен эле. Ошол атамды таап келейин,-деп Карчыга колуктусун алгандан кийин, андан ары жөнөп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп, Карчыга "Ким жамбыны атып түшүрсө, кызымды ошого беремин" деп элин жыйып алып, жамбы аттырып жаткан Кызыл кандын тоюна кез келет. Карап турса, жигиттердин эч кимиси ата алышпайт.

-Мен атып көрөйүнчү,-деп Карчыга мылтыгын алат да жамбыны байлап койгон жибин үзө атат. Эл Карчыганы:

-Кан күйөө, бек күйөө деп, топтолгон элдер көтөрүп кетишет. Карчыга Кызыл кандын кызын алат да:

-Менин жолоочу жүрүп кеткен бир агам бар эле, ошол агамды таап келейин,-деп дагы издеп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп Карчыга "Ким жамбыны атып түшүрсө, ошого кызымды беремин", деп той берип жаткан Ак кандын тоюна туш келет. Карчыга карап турса жамбыны эч кимиси ата албайт. Карчыга жамбыны саландата байлап койгон жибин үзө атат.

-Кан күйөө, бек күйөө,-деп Карчыганы топ элдин ичинен көтөрүп кетишет.

Ошентип Карчыга Ак кандын да кызын алат. Бирок Ак кандын кызы: "Бул эркек эмес - аял, мунун эркек же аял экенин билиш үчүн буга ийик саптаталы. Эгерде эркек болсо, ийикти сулуу кылып саптайт",-деп Карчыгага ийик берет.

-Ийикти кантип сулуу саптаймын?- дейт Карчыга атына. Аты ийиктин сабын оозуна салып туруп кайра таштап коет, ийиктин сабы жылмаланып түшөт. Карчыга ийикти саптап бере салат. Кыздын жеңелери сапталган ийикти көрүп:

-Сонун саптаган турбайбы, койчу ботом эркек эле экен, аял болсо ушундай сулуу саптамак беле?-дешет.

Ак кандын кызы буга ишенбейт да, үйдүн эки капшытына бир эркектин ээр токумун, бир аялдын ээр токумун коет. Эгерде эркек болсо - эркектин ээр токумун, аял болсо - аялдын ээр токумун карап өтөт дейт да, Карчыганы:

-Үйгө кирип үйдөгү ээр токумдарды көрүп чык,-дейт.Карчыга дагы атына кеңешет. Аты "Эркектин ээр токумун карап, аны кармалап өт",-дейт. Карчыга эркектин ээр токумун карап өтөт.

-Эркек эле турбайбы, кыздын ээр токумун карабастан, эркектикин карап өттү го, курулай эле сүйлөй бересиңби?-дейт кыздын жеңелери.

Кыз буга да ишенбей өңчөй эркектерди жарыштырып сынаймын, "кыз болсо - этегин кымтырынып жүгүрөт, эгерде эркек болсо - кымтырынбай жүгүрөт" дейт да, Карчыганы жарышкын дейт. Карчыга атыга айтат: Аты: "этегинди кымтырынбай жүгүргүн"-дейт.

Карчыга жарышка катышып, этегин кымтырынбай жүгүрөт. Кыздын жеңелеринин айтканы чын болуп чыгат, кыз да эркек экен деп ишенип калат.

Карчыга үч аялынан:

-Атаңардын кандай жакшы буюму бар, ошону мага сурап бергиле,-дейт.

Ак кандын кызы өлгөн кишини түртүп койсо аласалып кетет деп, атасынын алтын чокморун сурап берет. Кызыл кандын кызы өлгөн кишиге тийгизип койсо, күңгүрөнүп калат деп атасынын күмүш чокморун сурап берет. Кара кандын кызы өлгөн кишини түртүп койсо, ал үшкүрүп тура келет деп, атасынын жез чокморун сурап берет. Карчыга үч чокморду алып, үч аялын үч жол менен көчүрөт, мен агамды издеп таап келейин деп, өзү андан ары жөнөп кетет.

Үч аял көчүп барып баягы белгилеп койгон жерге конушат.

Карчыга ак ташка барат, башынан өткөндөрүн, көргөн-билгендерин бүт жазып туруп, ээрдин алдынкы кашына жабыштырып коет да:

-Жарылгырдын ташы жарылып кетсең болбойбу, мен бир боорум Жагалымды алып кетсем болбойбу?-дейт.

Ак таш жарк деп ачылат. Карчыга ак чокморду агасына тийгизип койду эле, агасы аласалып кетти, күмүш чокморду тийгизип койду эле, агасы күңгүрөнүп сүйлөдү, жез чокморду тийгизип коюп, өзү коен болот да жылт коет.

-Өх, көпкө уктап калган турбаймынбы,-деп агасы үшкүрүп тура калат. Жагалым кийимин кийинип, атын минейин десе кат жатат, ал катты окуп бардык болгон ишти түшүнөт, анан атын минип алып жөнөйт. Кетип баратса бир топ киши бир коёнду тызылдатып кууп келе жатат. Ал коен чымылдап келип эле Жагалымдын койнуна кире качат. Кууп келаткан кишилер коёнду таба албай калышат. Жагалым болсо, аны Кара кандын кызына алып барып:

-Ушул коёнду жакшы бак,-деп колуна берет.

- Бирок Кара кандын кызы жакшы карабай, коёнду арыктатып жиберет. Жагалым андан коёнду алып, Кызыл кандын кызына:

-Ушул коёнду арыктатпай жакшы бак,- деп дайындап берет. Бирок ал дагы жакшы бакпай андан бетер жүдөтөт.

Жагалым андан коёнду алып, "жакшы бак, жакшы кара" дебей эле Ак кандын кызына алып барып берет. Ал аялы коёнду убагы менен тамагын, суусун берип жакшы багып, жакшы карайт.

Коен он чакты күндөн кийин эттенип, кулпунуп өңүнө чыга келет. Ак кандын кызы анын адамзат экенин билип:

-Сен коен эмессиң, сен адамзатсың, чыныңды айт,-деп өпкүлөп, жыттагылап, бооруна кысса, бир маалда баягы коен кызгүрүнө келет.

"Ак кандын кызы коёнду жакшы багып жүрүп кыз түрүнө айландырыптыр" деген сөз тигил эки аялына угулат. Эки күндөш Ак кандын кызын көрө албай, кайынсиңдисин багалбай өлтүрүп алыптыр деген жаманаттыга калтырыш үчүн "кыздын башын сен кара, ошондо мен мээсине темене кагайын, ошентип кызды өлтүрөлү",-деп кеңешип, Ак кандын кызыныкына келишет.

Эки күндөш кызды боюна тарта башташат, бири жүйрө олтуруп кыздын башын карайт. Экинчиси:

-Иий, мына бит, ийй, мына сирке,-демиш болуп олтуруп, кыздын мээсине теменесин кагып жиберет.

Жагалым ыйлап-сыктайт, айласы канча-көнөт. Жагалым алтындан көмүркөй жасатып, карындашын ошого салып коет. Жапайы бугуну карматып келип баягы карындашы жаткан көмүркөйдү бугунун эки мүйүзүнүн ортосуна бекем байлап кадайт да, бугуну жибек аркан менен аркандатып коет. Көп мезгилден кийин аркан чирип үзүлөт, бугу болсо качып кетет.

Жагалым түгөнбөс күл азык алып, темир чокой кийип, темир таяк таянып, карындашынын сөөгүн издеп жөнөйт.

Баягы бугу качып жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп капкан салып, тузак тартып оокат кылып жүргөн кемпир-чаддын капканына түшүп калат. Чал капканына түшкөн бугуну союп, көтөрүп жүргөн көмүркөйүн алып үйүнө келет. Көмүркөйдү ачса, андан айдай сулуу кыз чыгат. Аны көмүүгө ыраа көрбөй башын сылап отурушса, бир маалда колдоруна баягы темене урунат. Ал теменени сууруп алышса, кыз тирилип кетет.

Чал эртеси тузагына барса, бир карга жатат, алып соеюн десе, карга адамдын тили менен:

-Мени сойбогун, Карабай деген бай мен боломун, менден каалаганынды алгын,-деп жалынат.

-Мен сени кое берейин, кийин сага барганда сураганымды бересиң,-деп чал Карабайды кое берет.

Чал бир күнү Карабайдыкына барып келейин деп барса, кой, уй, жылкы жер бетин бербей жайылып жүрөт. Чал малчылардан:

-Бул кимдин малы?-дейт.

-Бул төрт түлүк Карабайдыкы!

-Карабай менин тузагыма түшкөндө "эмне алсаң, ал" деди эле, эми малынан сурап алайын,-дейт чал малчыларга.

Анда малчылар:

-Сен бул малды алып эмне кыласың, андан көрө Карабайдын жайыл тасторкон деген тасторкону бар, аны "жайыл тасторкон"десең, бүт тамак-аш, дүйүм жемиштер даяр болот. "Чыч чебич" деген чебичи бар, аны чыч чебич десе, өрүк мейиз чычат, "бышсабасы" бар, аны "быш саба, быш" десе, кымыз бышышы даяр болот. Ур токмогу бар, аны "ур токмок" десе, душманыңды токмоктоп талкалайт, сен ошолорду сурап ал,-дешет.

Чал барып Карабайдан жайыл дасторконун, чыч чебичин, быш сабасын, ур токмогун сурайт. Карабай ары карап ыйлап, бери карап күлүп баягыларды берет. Чал жайыл тасторконду, чыч чебичти, быш сабаны, ур токмокту алып үйүнө келип байып жатып калат.

Чалдын бул буюмдарын көрүп жана анын байып кеткенине ичи тарланган айылындагы кескилер токмоктон башкасын уур-дап кетишет. Эртеси чал айылындагыларга барып:

-Менин жайыл тасторконумду, чыч чебичимди, быш сабамды уурдап кетиптир, ким уурдаганын көрдүңөрбү?-деп сурайт.

Айылындагылар:

- Көргөн жокпуз, билген жокпуз,-деп коюшат.

Чал:

-Силер эле уурдадыңар, алыстан ууру келмек беле, ур токмогум ур,-дейт.

Ур токмок бир асманга чыгып, бир жерге тийип элдин башы-көзүн, колу-бутун сындырып, тос-тополоң кылат.

-Берели эле берели, биз алганбыз, деги токмогуңду токтотчу бөөдө өлүп калбайлы,-дешип уурулар чалга жалынышат.

-Урба, токмогум, урба,-деп чал токмогун араң токтотот. Уурулар уурдап алгандарын чалга беришет.

Ошол күндөрдө бир кан жигиттерин ээрчитип куш салып чыгат, ал куш чалдын алачыгынын түндүгүнө келип конуп калат. Кандын жигити келип:

-Үйдө ким бар, кушту алып бергин,-дейт.

Үйдөгү кыз кушту алып эшикке чыгат. Ал кызды көрүп сулуулугуна суктанып, жигиттин эси ооп калат да, кушун камчыланып чапкан бойдон канга барат. Караса, колундагы куш өлүп калыптыр.

Кан үйүнө барып башка куш алып келип дагы салат. Ал кушу дагы баягы алачыктын түндүгүнө барып конот. Кандын бир жигити келип:

-Кушту алып бер!-дейт.

Карчыга кушту алып чыгат. Жигит кызды көрүп эси ооп, кушун камчыланган бойдон канга барат, кушу дагы өлүп калат.

Кан үйүнөн куш алдырып, эми өзү салып чыгат. Бул жолу да куш баягы чалдын алачыгына барып конот. Кан өзү барып:

-Кушту алып бер,-дейт.

Карчыга кушту алып чыгат. Кан кыздын сулуулугуна кызыгып чалды чакыртат. Карчыга чалды эмне үчүн чакыртканын билип, көздүн кабыгынан тигилген баштык берип:

-Ушул баштыкты толтуруп алтын берсеңиз, мен сизге кызымды берем деңиз,-дейт.

Чал канга келет. Кан:

-Мага кызынды бер,-дейт.

-Ушул баштыкты толтуруп алтын берсеңиз, кызымды сизге берем,-дейт.

Кан казынасындагы алтындан баштыкка салдырат, баштык толбойт. Бүт алтынын салдырат, эч толбойт. Айласы кетип, эмне кыларын билбей турганда бир мастен кемпир:

-Мени он сегиздеги балага алып берсең, мен мунун айласын табам,-дейт.

Кан макул болот. Ошондо кемпир төгөрөктүн төрт бурчунан төрт чымчым топурак салат, баштык толуп, ашып-ташып кетет.

Той берип, шаан-шөкөт менен кан Карчыганы алат, ал бир эркек бала төрөп берет. Бала чоңоюп балдар менен чүкө ойной баштайт. Энеси баласына болгон окуяны айтып түшүндүрөт да, балдар менен чүкө ойногондо:

-Бул менин колум эмес, таякем Жагалымдын колу деп ойногун,-дейт. Баласы балдар менен чүкө ойногондо:

-Бул менин колум эмес, таякем Жагалымдын колу,-деп балдар менен ойноп жүрөт.

Карчыганы издеп жүргөн Жагалым тиги баланын сөзүн угуп балага келет, баладан жөн-жай сурайт.

- Мен кандын баласы боломун, энемдин аты - Карчыга, таякемдин аты - Жагалым,-дейт бала.

Ошентип Жагалым карындашын таап, жыргап-куунап жатып калышыптыр дейт.

Каардуу хан

Илгери бир хан элине абдан ырайымсыздык менен карап, алтымыш жашка чыкканча перзент көрбөйт. Мунун карамагында эки вазир болот. Бир күнү хан ойлонуп отуруп, биринчи вазирин чакырат:

-Менин өсөрүм калган жок, өлөрүм калды. Менден эч кандай перзент жок. Эгерде ажалым жетип өлүп кетсем, артымдагы мал-мүлкүмдү ким ээлейт?-деп биринчи вазирден сурайт.

Анда биринчи вазири:

Эгерде ажалыңыз жетип, көзүңүз өтүп кетсе, балам жок эч кандай капа болбоңуз, биз деле ээлейбиз,-дейт.

Хан вазиринин башын алдырып таштайт. Экинчи күнү экинчи вазирин чакыртып, хан жогорку сөзүн кайталайт. Анда ал вазири:

-Ханым, эч кандай капа болбоңуз, бир айласын табабыз, -дейт.

-Айласын тап,-дейт хан.

-Ханым, мага темирден таяк, темирден чокой, түгөнбөс гүлазык таап бериңиз.

Хан вазирдин айтканынын бардыгын берет. Вазир буларды алып, ханга бала тилеш үчүн жолго чыгат. Айлап-жылдап жол жүрүп отуруп, бир күнү эки жолдун айрылышына барганда бир аксакал кишиге жолугат. Вазир салам айтат. Аксакал киши алик алып:

-Кайда барат элең, балам?-деп калды.

-Биздин ханыбыз алтымышка чыкканча перзент көрбөгөндүктөн, мен ханга бала тилеп чыктым эле,-дейт.

Анда аксакал киши:

-Сен ханга бала тилеп чыга турган болсоң, мен бир сөз айтамын: Сенин ханың абдан ырайымсыз, элге каардуу, жетим-жесирге кайыр санабайт. Элдин муң-зарын түшүнбөйт. Ошондуктан перзент көргөн жок, силер чын ыкласыңар менен бала тилей турган болсоңор, дайындуу бир адам каттай турган тогуз жолдун тоомуна бир дүкөн, бир сарай, бир чайкана куруп, ошол жолдон өткөн-кеткендердин бардыгына, ач калган, кеч калгандарга оокатты, кийимди акысыз берип, адамдарды жети жылга чейин түнөтүп, өткөрүп турасыңар. Жети жыл өткөндөн кийин да жолугушарбыз, башка айтарым жок, -деп аксакал киши көздөн кайым болду.

Ушуну менен вазир жолго түшөт. Кайра дагы ошончолук жол жүрүп, жерине келет. Келгенде хан вазирди чакыртып:

-Кандай, айласын таптыңбы?-дегенде, вазир ошол сөздүн бардыгын ханга айтат. Хан макул болуп, тогуз жолдун тоомуна баягы аксакал кишинин айтканынын бардыгын куруп, иреттейт. Жети жыл бою жолоочулардын бардыгын багып, кийим, оокат менен камсыз кылат,

Жети жыл бүтүп, сеегиз жылга айланганда хан кургандарын көчүрүп, өзү алдында келе берет. Хан жалгыз келе жатса, жолдо бир аксакал киши жолугат. Ал ак сакал кишиге салам айтат. Ал алик алып туруп:

-Баякыларды аткардыңбы?-деп туюк гана сурайт. Хан ал сөзгө түшүнө коюп:

-Толук аткардым, таксыр,-дейт.

-Анда сен бул сөздү толук аткара турган болсоң, жакшы болуптур, алтымышка чыкканча перзент көргөн эмес элең. Сен мына бул алманы ал - деп, бир алма берет. - Бул алманы алып барып, кечке маал тышкы кабыгын аарчып кара бээге бер, алманы тең жарып, байбичең экөөн бөлүп же. Байбичеңдин боюна эгиз эркек бала бүтөт. Таптакыр туубаган кара бээң бооз болот. Ал эми эгиз эки бала төрөлгөндө бирөө сага, бирөө мага. Өзүңдө калган баланын атын, Шааысмайыл коёсуң. Бээң тууганда кулундун атын Камыртай коёсуң,-дейт.

Ошону менен экөө ажырашып кете берет. Үйүнө келип, ордосунда иштерди жайлаштырып жүрүп, койнундагы алма эсинен чыгып калат. Чай ичкенде эсине келбейт. Чечинип жатар мезгилде койнуңдагы алма түшүп кеткенде гана эсине келет. Хан алманы аарчып, байбичеси экөө бөлүп жеп, ак сакалдын айтканын аткарат, ушундан баштап байбиченин да, бээсинин да боюна бүтөт. Тогуз ай, тогуз күн болгондо хандын байбичеси эгиз эркек бала төрөйт. Бээси да эгиз эркек кулун тууйт.

Эгиз эркек баланы эч кимге көрсөтпөй, бир кемпирге каратып, кара бээни жер үстүнө чыгарбастан, жер астына орун жасап, ошол жерге бактырат. Төрт күн болот дегенде, кечки тамакты ичип жаткан убакта эшиктен салам айтып, бир ак сакал киши кирет. Хан алик алып, төр жактан орун берет.

-Кандай, аялың төрөдүбү, бээң туудубу?-деп сөзгө келет. Анда хан.

-Аялым эгиз эркек, бээм эркек кулун тууду-дейт.

-Балдар кайда?-дейт ак сакал.

-Балдарды бир кемпирге бактырып жатам,-дейт хан. Ак сакал киши эки баланы алдырып келип, бир баланы ханга берип, бирөөнү өзү астына алып олтурат.

-Сенин алдында отурган баланын аты, Шаансмайыл, кулундун аты Камыртай болсун, кулун Шаансмайылдын келечекте мине турган аты - деп, бир баланы алып, көздөн кайым болот.

Ошондон баштап хан баланы бага баштайт. Молдого берип кат таанытат. Бала сегиз жашка чыгат. Ал дайым суугa барып, кайырмак салып жүрөт.

Ошол мезгилде суунун боюна бир боз үй пайда болот. Андан бир кыз дайыма суу алып кетет. Бала кызды көрүп, сүйүп калат. Бала бир күнү энесине:

-Мага аял алып бергиле,-дейт. Энеси ханга айтат. Хан:

-Шаансмайыл али жаш, аял алгыдай боло элек, кое турсун,-дейт.

Ага, Шаансмайыл болбойт. Хандын айласы кеткенде вазирлерин чакыртып, Шаансмайылга кыз тандатып жөнөтмөк болот. Муну Шаансмайыл угуп:

-Атам убаракерчилик тартып, башка жакка киши жөнөтпөсүн. Ушул жерде бир кыз бар, ошону алып берсин,-дейт.

-Мен өзүм хан болуп, эл бийлеп туруп, ушул кызды балама кантип алып беремин,-деп хан болбойт.

Мында бала сүйлөбөстөн, тамак ичпестен, эки күн жатып калат. Хандын айласы кетип, суунун боюндагы боз үйгө жуучу жиберет. Жуучу суунун жээгинен бул үйдү таппай кайта келет. Бала энесине:

-Камыртайды бир көрөйүн,-дейт. Энесинин болбогонуна койбостон, атты жетелеп чыгып, минип алып, ары-бери бастырып:

-Апа, атты менин атым дедиңер эле, "камдалган жоо-жарак, кийим-кечек бар дедиңер эле, мага көрсөтүңүзчү, кийип көрөйүн, жарашар бекен, жарашпас бекен?-дейт.

Энеси жоо-жарагын, кийим-кечесин, ээр токумун алып берет. Бала жарагын асынып, кийимин кийинип, атка минип ары-бери бастырып көрсө, ат жер баспайт, учкан сыяктуу болуп көрүнөт. Ары-бери бастырып келип, энесине:

-Мен кеттим, эне,-дейт.

Энеси чачын жулуп ыйлайт. Ага да болбойт. Анда энеси;

-Түгөнбөстүн күл азыгын көп кылып камдап берейин, анан кеткин,-дейт.

Бала ага да болбойт. Күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп бир жерге барса, бир боз үйдүн орду турат. Бул журтта бир кеседей таш жатат. Ташты аңтара салса, таштын астында Гүлдүзардын жазган каты бар экен. Ал катта мындай деп жазылган: "Шааысмайыл, сен анык эр жүрөк, туруктуу жигит болсоң, мени издеп келерсиң. Биз Мисир шаарына көчүп кеттик. Жок, коркок жигит болсоң, ушул жерден кайра тартарсың" деп казылган.

Катты окуп, Шааысмайыл андан ары жолун уланта берет.

Дагы эки күн жүрүп, түн жүрүп, ай жүрүп, жыл жүрүп, бир жерге барса эки жагында жол жок бир капчыгайга туш келди. Ал капчыгайдын өндүрүндө жалан гана адамдын башынан бүткөн, эч бир жан өтө алгыс бир чоң дубал турат. Ары-бери бастырса, жол жок, айласы куруп турганда Камыртайга тил бүтүп сүйлөйт:

- Мен жүгүрүп бара жатып токтоймун, ошол учурда кылычың менен дубалды колуң жетсе жетпесе да шилтеп өт. Ошондо дубал урап түшөт. Андан ары дубалдын ичине киргенден кийинкисин өзүң билесиң,-дейт.

Ат айтканындай бир жерге келип токтойт. Шааысмайыл кылыч менен чаап өтсө, дубал кулайт. Бул дубал жалаң гана кишинин башынан курулуп, бир кишинин башынын гана орду калыптыр. Ал дубалдын ичине кирсе, бир чаар тулпар Камыртайды көргөндө кишенеп тизесине чейин, дагы арыраак бастыра түшсө, көзүнө чейин жерге батты. Далдаага Камыртайды байлап, арыраак барат.

Эч кандай адам жок. Бирок, коргондун ичинде абдан сонун кооз бак асман тирейт. Ал бактын ортосундагы көлдүн четинде бир терек бар. Аяк-быягына көз жүгүртсө, эч ким билинбегендиктен, Шааысмайыл теректин башына чыгып кетет да, уктап калат. Ошол мезгилде үч кыз келип, көлдөн суу алайын десе, сууда бир абдан сулуу жигиттин сүрөтү турат. Кыздар ал жигитти кармап алабыз деп, көпкө убара болушат. Чакаларына суу сузуп алышса, анда да жигиттин сүрөтү түшөт. Кармап алалы дешсе, колго илинбейт. Кыздардын айласы кетип чарчаганда кетип калышат.

Кыздардын падышасы:

-Эмне кечиктиңер! Силердин башыңарды аламын,-деп кысымга алат.

Кыздар көргөнүн айтып беришет. Аны уккан падыша кыз:

-Биздин коргонго кандай киши келди экен? Дубалга бир кишинин башы жетпей турат эле, жакшы болду,-деп падыша кыз кыздарды ээрчитип чыгат. Барса, кыздар айткандай

сууда бир сүрөт турат. Ал дагы кармап алайын деп аракеттенсе, колго илинбейт. Аяк-быягын айланып караса, теректин үстүндө бир жигит уктап жатат.

-Муну өлтүрбөстөн тирүү кармап алсак, зыян келтириши мүмкүн. Ошондуктан жарадар кылып, сууга түшүрүп, башын алып, дубалды бүтүрөлү,-деп падыша кыз эки кызын жумшап, теректи аралата баштайт. Терек солкулдаган кезде, Шаайсмайыл ойгонуп кетип, түшүп келет. Падыша кыз:

-Жигит, мага келдиңби?-дейт.

-Жолоочунун жолу ушундай экен,-деп бала жооп берет. Анда кыз:

-Бул жерге келген кайтып кетчү эмес. Тетиги дубал сага окшогон жигиттердин башынан бүткөн,-деп дубалды көрсөтөт. Ал падыша кыздын аты Рабизаңга болот. Кыз:

-Менин шартым бар, күрөшөм, мен жыксам башыңды алам, сен жыксаң сага тиемин,-дейт. Атайын койгон калыстарын чакыртып, каратып коёт. Экөө күрөшүп, Шаайсмайыл жыгып алат.

Падыша кыз кайрадан күрөшөт. Шаайсмайыл дагы жыгат. Эки жолу жыкканда кыз таажысын тартып жиберет. Тартып жибергенде кыз экени көрүнө түшөт.

-Эркек башым менен кыз менен күрөшүп эмне пайда таптым-деп Шаайсмайыл кыздын үстүнөн ооп түшөт.

Ооптүшкөндөн кийин кыз Шаайсмайылдын үстүнө минип, канжарын алып, башын алмак болот. Бул учурда турган калыстар:

-Ээ, Рабизаңга, наамарттык кылбагын, бул жигит сени бир эмес, эки жолу жыкты. Жеңиш бул жигиттики,-дейт.

Ушул сөздү уккандан кийин, ордунан ыргып туруп, жигитке жүгүнүп:

-Жеңиш сиздики, мен да сиздики,-дейт. Шаайсмайыл андан ары жолун улантмак болот. Рабизаңга уруксат бербейт.

Кеч курун бир күндүк той жасап, экөө бирге жатмак болот. Шаайсмайыл кылычын экөөнүн ортосуна коюп коёт. Анда кыз:

-Шаайсмайыл, сен эмне үчүн мындай иштi жасайсың, эмне үчүн унчукпайсың, же сага менин сулуулугум жакпайбы, же баатырлыгым жакпайбы? Менден көңүлүң калдыбы?-дейт.

Анда Шаайсмайыл айтат:

-Мен үйдөн аттанып чыкканда бөлөк максат менен чыкканмын. Менин сүйгөн кызым бар болучу. Сиз меники, мен сеники болдум. Сизди мен аламын. Бирок экөөбүздүн ким-кимибиздин ниетибиз ишибиз кылычтын мизиндей курч болсун деген ой менен койдум. Мен азыр сапар кетип бара жатамын. Ошол сапарымды туура аткарыш үчүн мен түз жана

туура жолдо болоюн. Кайра келе жатып, той жасап, анан сүйлөшөбүз,-дейт. Эртеси андан жөнөп кете берет.

Мында да ай жүрүп, күн жүрүп, түн жүрүп, жыл жүрүп, бир капчыгайга туш келет. Капчыгайда бир чоң таш жатат. Өтүп кетүүгө жол жок. Ары-бери бастырат. Ошол кезде Камыртайга тил бүтөт.

-Ээ, Шаауысмайыл, камчы сап менен ташты көтөр. Ал таш ачылгандан кийин каалга, каалгада кулпу бар. Ал кулпунун ачкычы ошонун үстүндө турат. Ал эми ачып киргенди өзүң билесиң.

Аты айткан ишти жасаганда жол ачылат да, атын жетелеп кирип жатса, оң жактан дагы бир кичине каалганы көрөт. Ал каалганы ачып кирсе, караңгы үй, төрдө бир кыз чачын сылап отурат.

Анын сулуулугунан үй жарык көрүнөт. Баягы кызга сүйлөшүүдөн сүрдөп, кичинекей майда таштарды кызды көздөй ыргытат.

Анда ал кыз:

-Ой, сен кандай бей тартип жансың? Жырткыч карышкыр болсоң, мени жегин. Жок, сөз түшүнгөн адам баласы болсоң, жолуңа түшкүн,-дейт.

Анда Шаауысмайыл:

-Мен жырткыч эмесмин, адам баласымын. Караңгы жердин астында жашаган өзүң кандай жансың?

-Эгерде сиз муну уккуңуз келсе, тарыхымды айтып берейин. Жети эркек бир туугандын ичинде бир жалгыз кыз элем. Атым Гүлпаары. Эң кенжеси болучумун. Биздин ханыбыз мени аламын деп агаларыма айттырат. Бирок, агаларым болбой коёт. Болбогондо хан уруш ачты, быйыл жети жыл толот. Ошондон бери эки акем өлүп бешөө калды. Мындан ары жүрүп олтурсаңыз, жолдо бир жагында көп киши, бир жагында беш киши эки тарап болуп согушуп жатканын көрөсүз. Ошол беш киши менин бир тууганларым. Ошондуктан ханга бербес үчүн мени ушундай караңгы жайга сактап турушат,-дейт кыз.

Сөздүн маанисине түшүнгөндөн кийин Шаауысмайыл жолуна түшүп кете берет. Жүрүп отуруп барса, жолдун бир тарабында көп киши, бир тарабында беш киши болуп согушуп жатат. Кетип бара жатып, Шаауысмайыл жакын келгенде эки жактагыларды карабай туруп салам айтайын, кайсы жагы алик алса, ошол жагына кошулайын деген ойго келет. Ойлогондой салам берсе, беш киши алик алат, көп киши тарабы үнчүкпайт. Шаауысмайыл бешөөнө кошулуп согушка кирет. Ошентип, падышанын аскерлерин кырат, жеңишке ээ болушат.

Бирок, беш бир тууган сүйлөшүп Шаауысмайылды кетирбей, үйлөрүнө алып барышып, карындашын ага бермекчи болушат.

Ал кечеси той жасап, карындашын Шаавысмайылга беришет. Бирок, түндөсү бирге жаткырганда Шаавысмайыл ортосуна кылычын жылаңач коюп коёт. Анда кыз кылычтын ортого коюлушунун жайын сурайт.

Менин сулуулугум көңүлүңө толбодубу, же беш бир тууганымдын баатырлыгы жакпадыбы?-дейт.

Силер жөнүндө эч кандай наразычылыгым жок. Мен үйдөн жөнөгөнүмдө бир максат менен чыккамын. Ошол максатым аткарылмайынча, менин сиз менен сүйлөшүүм туура келбейт. Бул кылычтын коюлушунун себеби - экөөбүздүн сүйлөшүүбүздүн маңызы, мына ушундай курч болсун. Заар менен сапарымдан калбай жөнөп кетейин. Мен сизден айныбайм,-дейт Шаавысмайыл.

Ошону айтып кайта келишке убада кылып жөнөп кетет. Ошентип күндөп-түндөп жүрүп отуруп, бир шаардын четине жетип, бир жесир аялдын үйүнө түшөт. Ал аялдан:

-Элиңерде эмне кеп бар?-дейт.

-Бизде эч деле кеп жок, бир гана жаңылык, падышабыз Гүлдүзар деген кызды аламын деп, тою болуп жатат. Бүтүшүнө эки гана күн калды!

-Андай болсо жакшы. Сиз мына бул акчага базарга барып, жууркан-төшөк, жемиш алып келиңиз,-дейт.

Акчаны алып, аял базардан айткандардын баарын алып келет. Кеч киргенде аялга Шаавысмайып айтат:

-Сиз ханга жакшылап оокат жасаңыз. Мына бул шакекти кошуп алып барасыз да, тасмалды хандын астына коесуз. Сиз өзүңүздү Гүлдүзардын эжесимин деп, ханга билдирбестен туруп шакекти Гүлдүзарга көрсөтөсүз. Анда Гүлдүзар сизге эмне десе, мага айтып келесиз.

Айтуусу боюнча жесир аял шакекти кошуп, тасторконду алып барат. Анда Гүлдүзар:

-Сиздин үйүңүзгө ким келди?-деп сурайт.

-Менин үйүмө бир жигит келип, ушундай жасагын деди,-дейт аял.

Анда Гүлдүзар:

-Андай болсо мен ханга айтып тойду токтото турайын. Заар менен көчөгө бир киши чыгарбас үчүн буйрук бердирейин. Өзүм кырк кызды ээрчитип бакка барайын. Ошол жерден мени алып кетсин. Ушундай деп айтып барыңыз,-дейт кыз.

Аял бардыгын Шаавысмайылга айтса:

-Жок, сиз кайра барыңыз да мындай деңиз: мейли тоюн токтото турсун, заар менен көчүрүп жөнөсүн. Мен хандан тартып алып кетем, кудурети болсо тартып калсын,-дейт.

Хан Гүлдүзарды алып келе жаткандыгын көрүп, Шааысмайыл алдынан тосуп чыгат да, Гүлдүзарды ала качат.

Хан кабарды катуу салып, артынан куугунтукташып, хандын тулпарлары да кууп жетпейт.

Шааысмайыл менен Гүлдүзар аттан түшүп эс алышат. Артынан хандын аскерлеринин келгендерин Шааысмайыл жеңе берет. Ошентип, төрт-беш күн ошол жерде согуш болот.

Алар жолдон Гүлпаарыга келет. Анда жети күн той жасап, сегизинчи күнү Гүлпаарыны алып жөнөйт. Гүлпаарыга агалары эки тулпар, үч куржун алтын, жана үчөөнө тиешелүү кийимдер, Гүлпаарынын бала кезинен бирге жүргөн күчүгүн кошо беришет. Күчүк бардык жаман, жакшылыкты алдын билет экен. Андан жүрүп отуруп, Рабизаңгага келишет.

Рабизаңга аябаган баатыр кыз болгон экен. Ал карамагындагы элди, шаарды бүт Шааысмайылга бүтүн өткөрүп берет. Ал жерден алынын келишинче алтын-күмүштөрдү, кымбат баалуу таштарды жүктөп алып жөнөйт.

Айылга жакын келгенде Гүлдүзар:

-Биз кайнатабыздыкына барбастан, ушул жерге жай салып туралы-дейт.

Шааысмайыл макул болуп, атасынын айлынан он беш, жыйырма алыстыкта үй салдырат. Анын жайлары кымбат баалуу таштар менен бүтөт.

Хан бир күнү саякатка чыгып, кеч калып келе жатса бир канча алыстыкта абдан жаркыраган кооз жай көрүнөт. Эртеси хан изилдетип жиберсе, уулу Шааысмайылдын жайы болот. Эртеси атасын үйүнө чакырат. Гүлдүзар:

-Кайнатабыз үйгө келсе, бизди көрсөтпө,-дейт.

Хан баласы менен кошо жөнөйт. Шааысмайыл атты жайлаганча хан үйүнө кирип барат да, тамак даярдап жаткан үч аялды көрүп калат. Хан:

-Мен жетимиш-сексен жыл хандык доорон сүрүп, ушул жашка келгиче мындай сулуу аялдарды көргөн эмес элем. Чыныгы аялдар ушулар турбайбы!-деп баласын өлтүрүп, келиндерин алмакчы болот.

Ошол жерден калп ооруп калат. Баласына:

-Мен ооруп калдым, күн сайын келип кабар алып тургун,-деп тамак ичпестен аттанып кетет. Кемпирине барып:

-Балабыз динден чыгыптыр, каапырды алыптыр. Жети ата-быздан бери тозокко түшө турган болдук. Уулду эптеп өлтүрөлү,-дейт.

Кемпири макул болуп, хандын акыпы боюнча бал жана уу ачытат. Баланы чакыртат. Бала жөнөөрдө Гүлдүзар күчүктү кошуп берип:

-Атаңкына барганда күчүктүн кылганын кыл, баскан изин бас,-дейт.

Бала барса, атасы кыңкыстап жаткан болот. Ошол мезгилде энеси бир пиялага бал алып келип, ханга сунат, экинчи пияладагы ууну баласына сунат. Хан балды ичип жиберет. Шааысмайыл ичейин десе күчүк колдон тырмалап ичирбей коёт. Анда атасы менен энеси:

-Эмне үчүн ичпейсиң?-деп сурайт. Мындай оокатты ичип көргөн эмесмин, мага жакпайт,-дейт Шааысмайыл.

Бул сапар өлүмдөн калып, үйүнө кайтат. Экинчи жолу дагы чакыртат. Энеси палоо басып, бир жагына май аралаш, бир жагына уу аралаш палоону экиге бөлүп алып келет. Хан жей баштайт. Күчүк Шааысмайылга жегизбей коёт. Шааысмайыл өлүмдөн экинчи жолу калып, үйүнө кайтат.

Үчүнчү күнү чал ордосунун эшигинен тартып, төрүнө чейиин килем менен төшөйт. Эшигинен төрүнө чейин терең чункур каздырат. Бул чуңкурдун ичине учун жогору каратып, эки шиш темир кактырат. Ал темир шиштердин учу ууланган болот. Ушинтип даярдатып коюп, баласын дагы чакыртат. Шааысмайыл күчүктү астына кое берет. Күчүк килемдин ортосун баспастан чети менен басат, күчүктүн изи менен Шааысмайыл да жүрүп отурат.

Барганда ууланган күрүч берет. Аны да жебей коёт. Ошентип, үйүнө дагы аман-эсен кайтат.

Төртүнчү жолу дагы баласын чакыртат. Хан:

-Балам, мен сени өлгөндө-талганда ак деп, так деп-көрдүм эле. Сен мага ишенбей, күчүктүн бир баласына ишенип калыпсын. Чын сырыңды айтчы, сенин күчүң эмнеде?-дейт.

-Менин эки колумду алтымыш кулач аркан менен артыма байласа, күчүм ошондо, ошону чече албаймын,-дейт бала.

Айткандай хан алтымыш кулач аркан менен Шааысмайылдын колун байлап:

-Башын алгыла!-деп кыйкырат.

Шааысмайыл күйшөнүп койсо, аркан бытырап, үзүлүп кетет. Хан:

-Ии, балам, мен сени катыксын деп жатам,-дейт. Хан экинчи жолу дагы сурайт.

-Алтымыш кулач чынжыр менен колумду аркага байласа, менин күчүм ошондо,-дейт бала.

Хан Шааысмайылды байлатып:

-Алгыла, жигиттер, башын!-деп кыйкырат. Ал күйшөнүп койсо, чынжырдын көзү сайын үзүлөт.

Үчүнчү жолу таарынычтуу, ырайымдуу сөздөр менен баласынан сурайт:

-Менин өлөрүм калып, өсөрүм калган жок, чын сырыңды айт, күчүң эмнеде?-дейт.

Бул сөзгө бала эрип кетип:

-Мен чын сырымды айтайын, Камыртайдын куйругунан биртал кылын алып, эки чыпалагымды бириктирип байласаңыз, менин күчүм ошондо,-дейт.

Аны менен байлатып, хан:

-Алгыла башын!-деп кыйкырганда, Шааысмайыл үзө албай калат.

Хан эки көзүн чукутуп, көзүн көлгө салдырат да, өзүн орго салдырат.

Хан үч келинине: "Шааысмайыл болсо ордо, мага тийсин"-деп кабар айттырат.

-Биз тирүүбүздө тийбейбиз, күчү жетсе, бизди өлтүрүп алсын,-деп келиндери жооп кайтарат.

Ошондо согуш башталат. Хандын аскерлери жеңиле берет. Алар согуша берсин, биз ордо жаткан Шааысмайылдан кабар алалы.

Бул ордо жаткан Шааысмайылга кайдан-жайдан тамак таап, күчүк алпарып таштай берет.

Күндөрдүн биринде бир чоң соодагер келип, ордонун туурасында бир-эки чакырым алыстыкта түнөп калышат. Ал соодагердин жанында дайыма күчүк болот дагы, күчүккө канчалык оокат берсе дагы аны жебестен, тиштеп алып кете берет.

Акырында соодагерлер:

-Бул кандай күчүк?-деп аңдып калышат. Күчүктүн артынан пайчы коёт. Пайчы күчүктүн артынан барса, тиштеп алган оокатты бир жерге алып барып эле таштап жиберет.

Артынан барып караса, бир чоң ордун ичинен бир кишинин добушу чыгат.

-Сен кандай жансың?-дейт.

-Мени ордон чыгарып койгула!-деп суранат.

Бул сөздү угуп, баягы кербен башы соодагерге айтат. Алар төрт качыр менен аркандарды алып, орго барышат. Арканды таштап, качыр менен сүйрөтүп чыгарат.

Ордон чыкканда Шааысмайылдын эки көзү көр, сакал муруту өскөн болот. Аны алып булакка келишет. Ал булактын суусу менен бети-колун, көзүн чайкап отура берет. Күчүк көлгө барып, Шааысмайылдын эки көзүн алып келип берет. Ошол кезде Шаасмайылга түбүндө отурган талдын башына эки көгүчкөн келип конот. Алар кишиче мындай деп сүйлөйт:

-Көздү жакшылап жууп туруп, өз көзүңө сал. Көзгө салгандан кийин экөөбүз куйругубуздан эки тал таштайбыз. Талды эки колуңа ал да, оң колуңдагың менен сол

көзүндү, сол колундагы менен оң көзүңдү сыйпайсың. Анда көзүң кадимкидей таза болот.

Шааысмайыл көгүчкөндөр айтканын кылат. Күчүктү ээрчитип кете берет. Жүрүп отуруп эки өгүз менен кош айдап жаткан дыйканга жолугат.

Дыйкан:

-Падышабыз согушуп жатат. Алардын катары мага жакындап калды. Согушка барсам, келемби, келбеймби деп эгин айдап жатам. Сен кимсиң?-дейт.

-Мен баласызга бала болоюн, ботосузга бото болоюн деп жүргөн жанмын,-дейт. Аңгыча эки өгүзү чарчап калат. Бала эки өгүздү чыгарып коюп, бир колу менен тартып, бир колу менен кармап, жерди айдап таштайт.

Анан дыйканга:

-Сиздин ордуңузга мен барамын, "менин балам бар, ошол барат" деп айта бергин,-дейт.

Дыйкан:

-Болуптур,-деп баланы үйүнө ээрчитип жөнөйт. Үйүнө келип, үйүндө болгон бар тамагын берип:

-Балам, сен эмне оокат жейсиң?-дейт.

-Мен кочкор, теке, бука, айгырдын этин жеймин. Дыйкан ал түнү бир кочкору бар экен, ошону союп берет. Аны бүт жеп жатат. Саар менен бир текенин этин жейт. Дыйкан кечте бир букасын союп берет. Бала аны эки күн жейт.

Ошол мезгилде хандан чакыруу кагаз келет да дыйкан Шааысмайылды жөнөтөт. Аялдары Шааысмайылдын келатканын, согушка кирерин билет. Баатыр аял Рабизаңгиге беркилер:

-Шааысмайыл келип азыр согушка кирет. Бирок, алдан-күчтөн тайыган немени этияттагын,-дейт.

Шааысмайыл барып:

-Биз бул хандын баатыр баласынын аты бар деп уктук эле.Ошону берсе, душманын сөзсүз жеңип берем,-деп ханга айттырат.

Атасы Шааысмайылды таанывай калат. Анткени күчүк көзүн таап келгенде, көздөрүн алмашып салып койгон экен.

Хан бул Шааысмайылдын суроосун канааттандырып атын берди. Атты минип, согушка киргенде, аялы Рабизаңги дароо тааныйт да кача берет. Шааысмайыл Рабизаңгини эңип, хандын астына алып келет. Хан Рабизаңгини желдеттерге башын алганга буйрук кылат. Муну угуп турган Шааысмайыл.

-Ханды кармагыла!-деген буйрукту берет.

Ошентип нисапсыз хандын ниети өз башын жоготкон экен.

Жоомарт жана адил

Илгери, илгери бир кылымдарда жанаша жашаган эки элде Жоомарт жана Адил деген хандар өткөн экен. Жоомарт хан калкына карамдуу, элди тегиз көргөн, тегиз жашасын деген киши болгон. Бул хан бир күндө сарайында түшкө дейре иштеп, калган убактысында элди аралап, "ач, жылаңачтар жокпу" деп жүрүп өткөрчү экен.

Күндөрдүн биринде талаа-түздөгүлөрдү кыдырып келе жатса, суу ичип жаткан эшекти көрөт. Аны абайлап караса арка-башы жоор, арык, алы кетип арыган эшек экен. Жоомарт "бул эшек элге кызмат кылган, эчен жолу эмгектенген, ошондуктан ушул абалга жеткен", деп ал эшекке күмүш жүгөн катып алып барып, өз сарайына бактырып коет.

Ошол эле мезгилде Адил деген кара кылды как жарган "бул алыс, тигил жакын" дебеген хан болгон экен. Сурак сураганда "өзүмдү көрсө сүрдөнөт, сөзүнөн жаңылат, же кошомат кылат", деп суракты көшөгөнүн ичинде олтуруп алып, жүзүн элге көрсөтпөй сурачу экен. Бул эки хандын вазирлери, кеңешчилери эки ханды бири бирине ушактап, чагымдап олтуруп, экөөнү уруштурат.

Ошондо Жоомарт хан элине "Адил хандын колу көп экен, силер бөөдө кырылып каласыңар, андан көрө мен качып кетейин, силер кол көтөрүп багынып бергиле, ошондо кырылбай эсен каласыңар",-дейт да качып кетет. Ал качып барып, ыштыкка кирип бекинет. Ошол ыштыкка жакын жерде бир бечара аялы менен жашайт экен. Бул экөөнүн эл орунга олтургандагы сөзүн далдаадан уккан Жоомарт, алардын үйүнө түн жамынып кирип келип:

-Элиңерде эмне жаңылык бар?-деп сурайт. Ал бечаралар:

-Эки хан урушуп, Жоомарт хан качып кетиптир. Адил хан "Жоомарт ханды ким кармап берсе, ага Жоомарттын салмагындай болгон дилде беремин" деп жар чакыртты, болгон жаңылык ушул, мындан башка жаңылык жок,-дейт. Жоомарт хан:

-Ошол качып кеткен Жоомарт менмин, мени же бузуку, же бир митаам, же бир зөөкүр таап алып ханга алып барып, анын алтынын алып жыргайт. Андан көрө силер менин эки колумду артыма байлап, мойнума чылбыр салып, бириң жетелеп, бириң шыйракка чаап айдап, ханга алып баргыла да, анын алтынын алып убай көргүлө,-дейт. Анда тиги бечаралар:

-Сизди жалдыратып алып барып көргөн оокатыбыз курсун, ушул эле оокатыбыз жетет,-дешет.

Жоомарт:

-Силер эле алып баргыла, менин каныма силер забын болбойсуңар, турмушуңар оңолот. Адил болсо менин каныма забын болот,-дейт.

Жоомарттын сөзүнө макул болушуп, эки бечара аны бири жетелеп, бири айдап ханга жөнөшөт. Баратканда алдынан зөөкүр чыгып калат да:

-Бул ким?-дешет. Эки бечара:

-Бул баягы качып кеткен Жоомарт хан, кармап алдык, ханга алып баратабыз,-дейт.

Тигил зөөкүрлөр эки бечарадан Жоомартты жулуп алып кетишет. Жолдо баратканда дагы башкалар алардан жулуп алып кетишет. Ошентип олтуруп Жоомартты Адил ханга 20-чы киши жетелеп барат. Адил хан Жоомартты зынданга салдырып:

-Ким алып келди?-деп сурак кылат.

-Жоомартты мен алып келдим,-дешип баягы биринен бири жулуп алышкан жыйырма киши чуулдашат.

Адил хандын жигиттери Жоомартты зындандан чыгарып келишет. Адил хан ким кармап келгенин сурайт. Мени булар алып келишкен жок, мени кармап сизге алып келатканда мына бул кишилер кемпир, чалдан зордуктап тартып алышкан, эмгек мына бул бечаралардыкы деп, кемпир менен чалды көрсөттү. Адил хан кемпир, чалга Жоомарттын салмагындай алтын берет. Кемпир, чал Жоомартка алкыш айтышып, кубангандан кудуңдап жолго түшүшөт.

-Булар сени эмнеге алкап кетип баратышат,-дейт Адил хан. Жоомарт Адил ханга болгон окуяларды айтып берет. Адил хан "ушундай элине кайрымдуу, бечарага дитин берген, эл үчүн туулган адамды өлтүрүүгө болбойт, биздин ичибизден чыккан бузукулар уруштурган турбайбы", дейт да Жоомартка таажысын кийгизип, тагына мингизип хан көтөрөт, өзү ага вазир болот. Бул экөө эл ичиндеги бузукуларды, митаамдардй, кара ниеттерди тазалап жок кылышат. Ошондон кийин эки эл бир нече кылымдар тынч жашап калган экен.

Бир туугандар (жомок)

Бактыяр жана Ыктыяр деген эки бир тууган жашынан кырман четине конуп топтоло калышат. Жетим калышып, көрүнгөндүн колунда малай жүрүп, күн өткөрүп жашай беришиптир. Орок оруп, кетмен чаап, маң дай терин агызып, ак эмгегинен тапкан оокаттарын бирге бөлүп жешиптир. Айлар -жылып, жьш өтүп, экөө тең бой тартып чоңоюшат. Улуусу Бактыяр өзүнө окшогон кедей адамдын кызы на үйлөнөт. Бактылуу жашап, балачакалуу болушат. Андан кийинки үйлөнүү кезеги иниси Ыктьшрга келет.

Ага арнап там салышат. Эми жаңы келе турган колукту үчүн жарашык туу жакшынакай кийимкече, үй эмеректерин, тамакашын даярдоо керек болуп, эки бир тууган биргелешип, шерик тешип, эрте жазда буудай эгишет. Аны жакшылап карап, чөбүн отоп, сугарып, күнтүн дебей күч аяшпай иштешет. Жаркырап жай айлары да келет. Буудай бышат. Аны оруп, кырманга көтөрүп ташышат. Жанчып, данын экөө тең бөлүп алмак болушат. Бирок агасы Бактыяр бул жылкы эгилген буудайдын түшүмүн бүт бойдон инисине берип, аны үйлөп коюну ойлойт. Муну уккан Ыктыяр көнбөйт: Оо, урматтуу агатайым! дейт ал,— биздин атабыз, анын аталары да таманы чор жакыр адамдар болуп өткөнүн сиз жакшы билесиз.

Алар "Ынтымак бар жерде — ырыс бар" дешип, тапканын ортодо бөлүп жешкен. Көрдүңүзбү, демек, бул кырман толгон кызылды экөөбүз тең бөлүп алалы. Сиз дин балачакаларыңыз бар. Жетет экөөбүзгө тең. Бактыяр сөзгө жыгылып, инисинин айткан кебин туу ра деп тааптыр. Ошентип, бир тууган агаинилер буудайды бөлүп, үйүйлөрүнө ташый башташат. Үч күн, үч түн ташы шат. Деги кырмандын чети оюлбайт. Бир күнү кенжеси кыр манга келип, агасынын буудайы азайып бараткандын бай кайт, байкайт да, өзүнүкүнөн ага копгуп крёт. Ал кеткен соң, улуу агасы келип, көрүп турган көзүнө ишенбейт. Аңтаң болуп туруп калат. Ар тарабынан караса, кыбыр эткен жан жок. Чымчыктар гана асманга дүрр эте учуп чыгып, кайра Бактыяр тердеген чекесин сүртүп: Кызык, эмне үчүн менин буудайым ошол эле бойдон ту рат, азайбайт? Үч күндөн бери ташып эле жатам го? Мын да бир сыр бар? Кой, андан көрө иниме көбүрөөк болгону жакшы, ага жардам берейин. Быйыл ал үйлөнөт, кыйналып калбасын! дейт. Өзүнө энчилеген кызылдан күрөп, инисиникине кошуп коёт.

Мындан кийин Ыктыяр келет кырманга. Үйүлүп жаткан данды көрүп: Эхэээ, бул эмне болуп кеткен? Буудайым мурдагыдан да көбөйүп калыптыр го? Кой, агам жогунда, ага билдир бей, өзүмкүнөн кошуп коёюн. Ал эми бышыкчьшык маалы на чейин кыйналып калбасын?!— деп, беркиге бир капты жылдырат. Акыры бул сыйкырдуу иштин сыры, себеби эмнеде эке ни экөөнө тең белгилүү болуп калат. Көрсө, бу ынтымактуу луктун, кайрымдуулуктун касиети, жакшылык каалоонун улуу шарапаты экен! Муну бир туугандар түшүнөт. Ошондо улуу агасы Бактьшр кызыл данды уучтап: Иним, "ырыс алды ынтымак" деген ушул. Мындан ары да ар убак бирибирибизге каралашып жардамдашып, ын тымактуу жүрсөк, өмүр бою кордук көрбөйбүз! деген экен. Анда

кичүүсү агасына башын ийип, жооп кайтарыптыр: Кебиңизде калет жок, агатай! Айтканыңыздын баарын аткарамын! Сөзүнүзгө даярмын.

Жээренче чечен баяны (жомок)

Кайсы бир мурунку мезгилде Жээренче чечен аттуу адам жашаган. Ал өз мезгилиндеги акьшдуу, сөзгө чечен, көрөгөч адам экен. Анын Төлөмырза деген кем акьш уулу болгон. Ал жалганчы, жалкоо болуптур. Бир күнү Жээренче чечен бир жактан келсе, уулу элдин ортосуна туруп алып мактанып жатыптыр: Мен элик аттым эле, менин огум бутунун учу менен ку лагынын учуна тийди, деп. Аны угуп Жээренче: Ээ, уулум, сен элик буту менен кулагын кашылаганда аткан экенсиң да, деп анын сөзүн тууралаптыр.

Баласынын акылсыздыгын көрүп Жээренче чечен уулуна акылдуу колу кту издөөнү эп көрөт. Жээренче чечен баласын ээрчитип жолдо келе жатып: Ат жалына казан ас, деди. Төлөмырза түшө калып, ат тын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: Ээ, балам, ат жалына казан ас, деген канжыгадагы та макты ат үстүнөн жейли деген сөз болот, деди. Дагы бир топ узагандан кийин: Балам, узун жолду кыскарт, деди. Төлөмырза түшө ка лып жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: Жолду кетмен менен кыскарта албайсың, балам, "узун жолду кыскарт" деген өткөнкеткенден кеп сал деген болот. Кеп адамга эрмек болот, жолдун каңдай өткөнү билинбей калат. Узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз кыскартат, деди.

Ач карышкыр

Чоң суунун боюн жеке ээлеп, ошол жерде оюна келгенин кылган, жолукканды тытып, моокусу канган көк жал болуптур. Ошол суунун боюн ээлегенине элүү жыл болот. Бирок топук кылып тойбой, акыры "ач карышкыр" деген атка конуптур.

Күндөрдүн биринде жортуп келатып, Карышкыр канаты сынган Карчыгага кезикти. Кубанычы койнуна батпай:

-Ой, мен сени жеймин!-деди.

-Эмне үчүн, Каке?

-Курсагым ачка, таппадым сенден башка,-деди Карышкыр тилин салаңдатып, шилекейин агызып.

Андай кылба. Каке, мени жегениң менен карыныңа как, жумуруңа жук болбойм. Карап көрсөң, аркайган гана сөөгүм турат. Мындан ары барсаң, тээтиги дөбөдө узундугу бир кулач чучук жатат. Ошону жесең оюңча тойбойсуңбу?- деди Карчыга.

-Эмесе макул,-деди да, Карышкыр желген бойдон дөбөгө чыгып барды. Айтканындай эле бир кулач чучук жаткан экен. Аны көрө сала:

-Ой, Узун Чучук, араң жеттим чуркап-учуп, мен сени жеймин,-деди.

-Эмне үчүн жейсиң?

-Курсагым ачка, буюрбаптыр сенден башка,- деп Карышкыр тилин салаңдатып шилекейин агызды.

-Жоок, Каке, мени жегениң менен тишиңе тыгын да болбойм. Андан көрө тетиги кырды ашсаң, ак улак жүрөт. Ошону жесең капшытың чыкпайбы!

Муну укканда карышкыр ичинен кымындай түшүп, желип-жортуп кырды ашып, улакка кандай жеткенин өзү да билбей калды:

- Ой Улак, мен сени жеймин.

- Эмне үчүн?

- Курсагым ачка, буюрбады сенден башка!

- Жоок, Каке, мени жебе!.. Керчү кандай арыкмын, этим көк жашык, каным бир кашык. Мени жегениң менен тойбойсуң. Мына бул тоонун ары жагында Чоң Кара Эчки бар! Ал семиз, ошону жесең жыргабайсыңбы,-деди улак чепилдеп.

Ач Карышкыр макул болуп, куйругун көтөрүп алып, даң салган бойдон тоону ашып, Чоң Кара Эчкиге барды:

-Ой, Эчки, мен сени жеймин!

-Эмне үчүн?

-Курсагым ачка, буюрбады сенден башка!

-Мен бир жегенден чыкпайм, эртең дагы тамак издемек белең!.. Андан көрө мына бул өзөнгө барсаң Чоң Боз Бээ баткакка тыгылып жатат. Аны үч-төрт күн оокат кылбайсынбы!

-Сеники ырас,-деди да, ач Карышкыр желе-жорто өзөнгө келди. Боз Бээни көргөндө көзү кызарып, шилекейи агып, "эми муну жеймин" деп сүйүндү.

-Ой, Боз Бээ, мен сени жеймин.

- Эмне үчүн?

- Курсагым ачка, ылайыктуу жок башка.

Эмесе жакшы болуптур... Ободу мени баткактан чыгарып, анан жегин...

Карышкыр макул болду да, Боз Бээни араңдан-зорго баткактан сүйрөп чыгып:

-Эми жейинби?-деп тиштерин арсайтты.

-Эми жейсиң, бирок сен ободу менин туягыма өзүндүн ким экенинди жазып коюп, анаң жегин,-деп Бээ туягын тосту.

Туягына кат жазып жаткан кезинде, Боз Бээ кош аяктап жыга тепти да, өзү оюн салган бойдон жөнөп кетти. Ач карышкыр ордунан туруп, сендиректеп басып, арманын айтып баратты:

"Карчыганы жебеген

Кайран башым,

Кулач чучук жебеген

Курган башым,

Ак улакты жебеген

Аңкоо башым,

Кара эчкини жебеген

Каткан башым,

Балчыктай байтал суурган

Балбан башым,

Таманына кат жазган

Молдо башым,

Тарс эттире тептирип

Өлүп кала жаздаган

О-олдо башым!"

Ошондон кийин карышкырдын башындагы жарасы бат эле кабылдап, көп узабай өлүп калган экен.

Эки бир тууган

Илгери өткөн заманда бир хандын катыны өлүп, андан эки бала калыптыр. Хан катыны өлгөндөн кийин аял алса, кичүү баласына кас болот. Бир күнү ал баланын агасы кырк жигити менен куш салганы кеткенде, хандын аялы:

-Сенин кичүү уулуң мени уруп койду,-деп ханга даттана баштайт.

Хан аялынын сөзүнө ишенет да, баланы жылаңачтатып аябай сабатып, эки жигитине:

-Ыраак барып башын алып салгыла!-деген буйрук берет. Эки жигит баланы айласыздан алып барып, киймин чечип алып, өзүн кое беришет. "Атаңа көрүнбө, эгер көрүнсөң, бизди өлтүрүп коёт. Биз өлтүрдүк деп кийимиңди алып баралы",-деп эки жигит жөнөп кетишет.

Байкуш бала айласыздан ыйлап кала берет. Бир убакта агасы оюна түшөт да, анын кеткен жагын, көздөй жөнөйт. Бала ыйлап бара жатса, агасы астынан чыгып, болгон иштин баарын ага айтып берет. Агасы аябай жаны кейип инисин кучактап алып ыйлап, "экөөбүз мындан көрө тентип өлөлүк" дейт дагы атын кырк жигитке берип, экөө ыраакы жолго түшүшөт.

Жүрүп олтурса, жакын жерден эч бир айыл көрүнбөйт. Тоого жетип, бир чоң таштын түбүнөн суу таап ичип, эс алып уктап калышат.

Уктап калып турса, иниси такыр ойгонбойт. Көрсө өлүп калыптыр. Агасы баягы жерде ыйлап, эмне кылар айласын таппай, башына бир чүкөдөй алтын коюп: баланы ким көмсө, ошол алсын, - деп жазып жүрүп кете берет.

Жүрүп отуруп жолдон бир абышка-кемпирге кезигет. Ал абышка кемпирдин тамагына тоюп, бир аз эс алат да, баягы абышкага:

-Менин жолдогу инимди чамаңар келсе, көөмп кетсеңер экен,-деп жалынат.

-Макул деп абышка ал балага жол көрсөтүп берет.

Бала жүрүп олтуруп бир шаарга барса, элдин баары кейип ыйлап олтурушат.

-Эмне кейип жатасыңар?-деп сураса:

-Бул жерде бир ажыдаар бар, ал ажыдаар эртең баарын жутат деп жатат,-дейт.

-Мен ажыдаардан силерди сактап калсам, ханыңар мага хандыгынан түшүп береби?-дейт.

Баланы ханга алып барса, хан макул дейт. Ал балага ажыдаардын тили бүтүп, ажыдаарга күнүнө бир кыз, бир кой берип турмай болот. Ошентип ажыдаарды көндүрөт. Бала хандын тагына отуруп калат.

Эми абышка-кемпир жөнүндө сөз кетсин.

Алар өлгөн баланын жанына келгенде, бир жылан чыгып, абышка менен арбаша кетет. Абышка жыланды өлтүргөндө тиги балага жан кирет да:

-Катуу уктап калган экемин,-деп тура келет.

-Сени аюу-жылан арбап өлтүрүп койгон турбайбы,-деп абышка түшүндүрүп, алтынды алып кемпири менен кетип калат.

Бала жүрүп олтуруп, агасы келген шаарга туш болот. Шаардын четиндеги бир алачыкка келип, шыкаалап караса, бир абышка-кемпир, бир кызды алмак-салмак өөп, ыйлап олтурушат. Бала салам айтып кирип барат. Барып сураса, "ушул шаарда бир ажыдаар бар, ошого түтүн сайын бир кыз, бир койдон берүүчү элек, эми кезек бизге келди",-деп ыйлашат.

-Эмесе мага тамак бергиле, мен барайын, бир кылыч таап келгиле,-дейт.

Баланы тамакка тойгузуп, кызча кийинтип, бир кылыч таап берип, ажыдаарга алып барганда ал сорот. Бала кылычты туурасынан кармай берип, ал оп тартуунун күчүнөн тең бөлүнүп калат, өзү эси ооп жыгылат.

Эртең менен хандын эки жигити тамагын алып келсе, ажыдаар өлүп, жанында бир бала жатат. Ал тамак алып келген эки жигит баланы чала-була өлтүрүп, көлдүн жээгине алып барып көөмп салып, "ажыдаарды биз өлтүрдүк" деп ханга чаап барышса, хан көп алтын берет.

Абышка менен кемпир балага куран окуп, көл жээгине кой алып барып союп, кемпир тезек терип жүрсө, кызынын тонунун этеги чыгып жатат. Кемпир абышкасын чакырып, экөө сууруп алса - баягы бала. Алдына алып, оозуна сүт тамызып, киши кылып алгандан кийин баланы көпкө, багып жүрүшөт.

Бир күнү базарга барса, баягы эки жасоол аны көрөт да, ханга:

-Бизди бир бала тилдеди,-дейт.

-Анда бул баланы дарга астырып ташта,-дейт. Баланы асмак болгондо, көп кербенчилер,кезигип:

-Баланы кандуу сууга соёлу, эгер биз кандуу сууга киши сойбосок бизди астырып өлтүрөт,-деп баланы акчага сатып алып барып сууга соердо, бала:

-Мен силерди өзүм алып чыгайын,-дейт.

Кербен башы макул болот. Бала чыпалагын канатып, аларды суудан өткөзөт.

Кенбенчилер балага төрт төөнүн жүгүн беришет. Ал андан ары карай жүрүп олтуруп, бир шаардын базарына барса,бир бала:

-Төрт төөнүн жүгү,-деп бир үкөктү арабага салып жүрөт. Бала баягы үкөктү сатып алып ачса, бир сулуу кыз олтурат.

Ал сулуу кыз баягы баланын башынан өткөргөндөрүнүн баарын сурап, жазып алат.

Кербенчилер менен четке чыкканда, алар:

-Сен эмне алдың?-деп сурашат.

Бала кызды көрсөтөт. Кызды көргөндө, алардын арасында талаш болуп, баланы үкөккө салып, сууга агызып жиберишет. Бала агып бара жаткан жеринен бир абышка кармап, үкөктү ачса - бала, аны бала кылып алат.

Кербенчилер кызды талашып олтуруп, ханга барышат. Ханга барышса, кыз баягы жазып алган кагазын ханга берет. Хан байкап, эки жасоолчу жана кербенчилерди жонунан кайыш тилдирип, дарга астырып өлтүрүп, баланы издетип, кызга таптырып берет.

Макмут

Илгери бир Макмут деген киши отуз эчкиси менен аялы экөө оокат кылуучу экен. Ал киши ар күнү эртең менен мөөнгө жуурат куюп алып, эчкисин жайып кетет.

Ошол убакта бир карышкыр, бир түлкү болуптур. Түлкү келип Макмутту куйругу менен жыга чаап, жууратын ичип, карышкыр тиштеп жыгып алып бир эчкисин жеп кетүүчү экен. Күнүгө экөө ошентип жей берип он беш эчкиси калат. Макмут өзү ачка болуп жүрүп, арыктап бүтөт. Бир Кара дөө деген дөө Макмутту:

-Эртең сиз биздин үйгө коноккo барыңыз,-дейт.

Дөө корккoнунан эртеси бармак болот. Макмут үйүнө келип, аялына:

-Кара дөө келгенде жакшылап чай бергин, андан кийин эшикке чыгып: "Макмут, бул коноккo эмне эт салабыз",-деп кыйкыргын. Анда мен коктудан:

-"Мурунку дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы дөөнүн сан этинен кесип сал" деп кыйкырам,-деп экөө акылдашып алды.

Дөө келгенден кийин Макмуттун аялы чай берет, андан кийин эшикке чыгып:

-Макмут, эмне эт салам бул коноккo?-деп кыйкырат. Анда Макмут:

-Мурунку дөөнүн башын сал, кийинки дөөнүн төшүн сал, ал аз келсе, алдагы олтурган дөөнүн сан этинен кесип сал,-деп жооп берет. Бул сөздү угуп, Кара дөө корккoнунан Макмуттун жаман кара үйүн мойнуна илип алган боюнча качып жөнөйт.

Кара дөө кетип баратып баягы түлкүгө кезигип калат. Анын аябай качканын көргөн түлкү:

-Эмне качып баратасын, бегим?-деп сурайт. Анда дөө:

-Ушунда бир Макмут деген алптан качып баратам,-дейт. Аны укканда түлкү кыт-кыт күлүп:

-А кокуй, анын такыр алы жок, мен куйругум менен жыга чаап айранын ичип алчумун,-дейт.

-Жок, калп айтасыз ал жанда жок күчтүү,-деп дөө коркот. Түлкү болбой жатып ээрчитип келе жатканда, Макмут алдынан чыгып:

-Кайран досум, жарайсың ишке, качкан дөөнү алдап ээрчитип келе жаткан турбайсыңбы?-деп кыйкырат.

Дөө түлкүнү башка бир чаап өлтүрүп, өзү качып бара жатып: "Кара дөө деген атагым болсо, ушу Макмуттан качты дегенден көрөкчө, өлгөнүм жакшы эмеспи", деп бийик зооканын башынан кулап өлөт.

Мына ушинтип "билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү минди жыгат" дегендей Макмут алы жок болсс да, акылы менен жоосун жеңип, аман калган экен.

Көнөчөк кийген түлкү

Илгери бир кемпир-чал болуп, алардын жалгыз кара ую бар экен. Уюн саап, сүтүн ичип, каймагын каттама кылып жеп күн көрүшчү. Кемпир табакка жыйнаган каймагын тактанын алдына койчу. Муну бир шум түлкү байкап калып, күн алыс келип жеп кетчү болду. Кемпир аны мышыктан көрдү да каймакты оозу тар көнөчөккө салды.

Күндөрдүн биринде түлкү кемпир-чалдын үйүнө дагы келди.

Каймак табакта эмес, көнөчөктө экен. Түкөң жанталашып жатып көнөчөккө башын салып, каймакты жеп алды. Анан башын кайра чыгармакчы болду эле бирок болбоду. Куткарар эмес. Түлкүнүн айласы кетти да:

-Көнөчөк аке, эми тамашанды кой. Ушунчалык убара кылганың да жетишет. Үйдө балдарым бар, кое бериниз.-деп жалынды.

Анда көнөчөк ага кекээрдүү сөзүн жөнөттү.

-Кайран түлкүм, келип жатат күлкүм! Сени конокко чакырдым беле, эми кое бер дебе. Каймак жейм деп үйгө киресиң, анын таттуу экенин билесиң. Мен бир аз тамаша кылсам, "үйгө барайын, балдарым бар" деп чебелектейсиң! Жок, сен үйүңө барбайсың, экинчи көнөчөккө башыңды да салбайсың!

Түлкүнүн күйбөгөн жери күл болду:

-Эмесе сенин жазаңды берейин да, сууга агызып жиберейин,-деп өзөндү карай жөнөдү.

Түлкү келип башын сууга салды. Көнөчөккө суу толуп, түлкү тумчугуп кулап түштү. Куу түлкү дал ушинтип өлгөн экен.

Байыркы түрк жазма эстеликтери

Байыркы түрк жазма эстеликтери – 7–12-к. түрк уруулары жана элдери колдонгон жазма. Ташка, кагазга руна, уйгур, брахма, согда, манихей, сирия (эстрангело) жазуусунда, араб тамгасы менен түрк тилинде жазылган чыгармалардын кеңири түрү. Негизинен байыркы түрк эстелигин руна сымал жазма түзөт. Кыргыз жана түрк калктарынын тарыхын изилдөөдө мааниси зор. Байыркы түрк жазма эстеликтери пайда болгон мезгил 7–8-к. деп эсептелип, жогорку чеги 11–12-кылымдарга чейин созулат. Жазуу эстеликтеринин тили – байыркы түрк тили. Б.т.к.ж. эрте орто к- да Орхон, Енисей жээктеринде, Чыгыш Түркстан аймагындагы көчмөндөрдүн арасында жаралган. 6–7-кылымда Борб. Азиянын түрк тилиндеги калктары, түрк кагандарына баш ийген калктар, төмөнку Волгадагы, Дон, Түндүк Кавказдагы түрк калктары өз жазуулары катары колдонушкан. Алгач руна жазуулары бири-бири менен байланышпаган 37 же 38 белгиден турган. Алар согду жазуусуна караганда жыгачка жана ташка түшүргөнгө жакшы ылайыкташкан. Руна жазмасы түрк тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрүн так берген. Үнсүз белгилер үндүү тамганын алды же арт жагына келишине жараша эки түрдө, оңдон солду карай горизонталдык абалда жазылган. ошондой эле тик жазылган учурлары да кездешет. Руна жазуулары гот же скандинавия руна жазуулары менен салыштырылган. Руна жазуулары деп аталып калышы ошол себептүү. Руна жазууларынын келип чыгышы ж- дө окумуштуулардын арасында төмөндөгүдөй ойлор өкүм сүрөт: 1) кель-гот урууларына таандык; 2) енисей кыргыздарынын жазуусу; 3) грек-гот алфавити менен түздөн-түз байланыштуу; 4) унутулган орус жазуусунун үлгүсү; 5) угро-фин аска бетине жазылган тамгалардын үлгүсү; 6) грек, түндүк финикий, туштүк семит алфавиттери менен жакындыгы бар; 7) ирандык тамгаларга окшоштугу бар; грек алфавитинин византиялык, эфталиттик формалары колдонулган; 9) Биздин заманга чейин 8–5-кылымдагы Казакстандагы Эсик көрүстөнүндөгү "алтын адамдын" жанынан табылган күмүш идиш түбүндөгү жазуу байыркы түрк руна жазуусунун башаты; 10) С. Г. Кляшторныйдын пикиринде руна жазуусу согду жазуусунун негизинде жаралган. Руна жазуусун негиздөөчүлөр согду алфавитинин тамгаларын жана ага мүнөздүү үндүү тамгаларды белгилөөдөн баш тартышып, силлабарий (муун эсебине жараша түзүлгөн сөз) иштеп чыгышкан. Дж. Клосондун изилдөөсү боюнча согду жазуусунан тышкары гректердин кол жазмага окшош ариби ортоперсия (пехлеви) жазуу-су пайдаланылган. Байыркы руна алфавитин 7–9-кылымда Орто Азиянын көптөгөн мамлекетери пайдаланган. 10-кылымда руна жазуусу Моңголияда эски жазуу катары сакталган. Ал эми Енисейде, Алтайда, Орто Азиянын түндүк- чыгышында 10–11-кылымдарга чейин пайдаланган. С.Г.Кляшторный байыркы руна жазмасынын колдонгонуна, мезгилине, аймагына жана жанрына карата төмөндөгүдөй тизмектештирет: 8–11-кылымда Кыргыз кагандыгынын жазуулары (Енисей боюу); 7–8-кылымдагы Чыгыш Түрк кагандыгынын жазуулары (Моңголия, Алтай); 8–10-кылымдагы Курыкан уруу союзунун жазуулары (Лена, Прибайкалье); 8–9-кылымдагы Уйгур кагандыгынын жазуулары (Моңголия); 8-кылымдагы Батыш Түрк кагандыгынын жазуулары (Жетисуу, Фергана); Хазар кагандыгынын жазуулары (Таласта табылган жыгачтагы жазуу); 9–10-кылымдагы Кимак

мамл-нин жазуулары. Жазуу эстеликтери жанры жагынан 6 топко бөлүнөт: 1) тарыхый-библиографиялык тексттер; 2) эпиграфикалык лирика поэзиясы; 3) аска бетиндеги, таштардагы, курулуштардагы орчундуу окуяны белгилеген жазуу; 4) диний, адабий тексттер; 5) Дунхуандагы жана Мирандагы иш кагаздары; 6) тиричилик буюмдарындагы белгилер (буюм ээсинин ысмы, каалоо). 8–11-кылымда Енисей боюнда жаралган руна жазуулары Таластагы жазуулар менен жакындыгын түркологдор баса белгилешет. Бул жазууларынын мүнө-зүнө караганда атайын жазмакерлерден башка, калктын бир бөлүгү аны жаза билишкен. Жазууларда сөз чеберчилиги кыйла өздөштүрүлгөн.

Булбул менен торгой (жомок)

Булбул - Баардык жан-жаныбарлардын атасы ким? Аныгын айтып бер. Төмөнкү суроолорго жооп бер? дейт. Энеси ким? Түшүндүрүп чечип бер. Каны, жаны кайсы? Ар жандын өмүрлүк досу ким болот. Аныктап түшүндүр? Ар ким досту таанып күтө билсин, кепкеңешин угуп, ке жирлик кылбай жүрсүн. Адамдын өмүрлүк душманы ким? Түбүнөн түрө түшүн дүрүп айтып бер. Ар ким душманын таанып, жанына жакын барбасын. Билинбей торуна илинип калбасын. Торгой: Ааламга жарык нур берген, кулак берип угузган, тил берип сайраткан, денеге аракет-кыймыл киргизген бар дык жанжаныбарлардын атасы күн. Бешик болуп жай берген, бапестеп багып май берген, эм чегин эмизген, эразамат дегизген энеси жер. Жер болбосо, бешик жок. Бешик эмес, эшик жок.

Чөлдөсө суусун кандырган, кирдесе жууп чайдырган, та мырга тарап жайылган, күч берген, кубат кийирген каны суу. Суусуз чөлдө жан болбойт, жан болсо да ал болбойт. Суулу жерде жемиш көп, жемиштүү жерде жеңиш көп. Демек, жаны аба. Кирбесе аба алың жок. Алың түгүл жаның жок. Ар жандын өмүрлүк досу сабыр. "Сабырдын түбү сары алтын, саргарган жетер муратка, алда кайдан оолугуп, ашыккан калар уятка", деген макалды өткөндөгү атабабаларыбыз мурас кылып калтырган.

Рум падыша, турум падыша

Илгери, илгери бир Турум деген падышанын баласы куш салып кечинде үйүнө кайра келатса, ак тайлак минген бир кыз алдынан чыгат. Бала:

-Кайдан келе жатасың, атың ким?-десе, кыз:

-Мен Рум падышанын Каракөз айым деген кызы боломун, мени издеп таап ал,-деп ак тайлакка камчы салып жөнөйт.

-Кара кашка аргымагым куусам жетет, кармап эле алайын -дейт да бала кызды кууйт. Бирок ал жерден чаң бурк этип, булжерден чаң бурк этип, бала жетпей калат.

Турум падышанын баласы кырк жигити менен эртеси дагы ууга чыгып, кечинде үйүнө келатса, баягы кыз дагы алдынан жолугат. Бала дагы кууп жетпей калат. Бала сары санаа тартып, убайым менен өңү аза түшөт.

Турум курдаштарына:

-Менин балам өңүнөн азып кетти, эмне болгонун сураштырып бергилечи,-дейт.

Ал кишилер:

-Эмне болуп өңүңөн азып бара жатасың?-деп сураса, бала:

-Рум падышанын Каракөз айым деген кызы мага эки жолу жолугуп, эки жолу кууп жетпей калдым, Каракөз айымды аламын, атама айткыла, Каракөз айымды алууга уруксат берсин, ошол кызды ойлоп азып кеттим, башка эч бир да оорум жок,-дейт.

Баланын сөзүн тиги кишилер Турум падышага төкпөй-чачпай айтып барышат.

-Алса алсын,-деп Турум падыша баласына курал-жарактуу кырк жигитин кошуп, кырк бээни союп, кырк төөгө азык, кырк төөгө пул артып Румдун шаарына жөнөтөт.

Бала бир нече күндөр жол жүрүп олтуруп, Румдун шаарынын четине жетип конот, жигиттерин кароолго коюп, өзү жатат. Бир оокумда чурулдаган чуу чыгат, чочуп ойгонуп кетип караса:

-Тос эле тос, карма эле карма!- деп бирөөнү бир нече киши кууп келатат. Бала качып келаткан кишини кармап алат да:

-Сен эмне болгон жансың?-деп сурайт.

Баягы киши:

-Мен Рум падышанын колуна түшкөн Кыраанкара деген ууру элем, ал эми сен кимсиң?-дейт.

-Мен Турум падышанын баласымын, Рум падышанын Каракөз айым деген кызын издеп келатамын,-дейт бала.

Кыраанкара:

-Мени куткарып алсаң, мен Каракөз айымды алып келип беремин.

Анда бала:

-Эмне берип куткарып аламын?

Кыраанкара:

-Кырк төөңдү пулу менен берсең, куткарып аласың.

Бала кууп келгендерге кырк төөнү пулу менен берип, Кыраанкараны куткарып алат.

Кыраанкара:-Каракөз айым менен Жансүйөр деген кызды мен өзүм эле алып келемин, кырк жигитинди үйүнө жибер,-дейт. Кырк жигит үйлөрүнө кетет. Кыраанкара тоодогу токойду аралап балтасы менен токойду кыркып жол ачып баратса, алдынан бир кыз чыгат, ал кызды:

-Кайда баратасың?-десе:

-Рум падышанын Каракөз айым деген кызы тоодо чоң сарайда жашайт, аны кырк кыз, кырк жигит болуп кайтарабыз, мен ата-энеме чай кайнатып берейин деп кетип баратамын,-дейт.

Кыраанкара баягы кызга:

-Эмесе, Каракөз айымдын ашык болгон жигити алыстан келиптир, анын турган жерин көрсөтүп кой,-деп ээрчитип алат. Токойду аралап жүрүп олтуруп, бир мезгилде араң жетишет. Ал жерден Кыраанкара Каракөз айымды чоң куржундун бир көзүнө, Жансүйөрдү экинчи көзүнө салып көтөрүп жөнөйт. Күзөтчүлөр байкап калып кууйт.

Кыраанкара канаттуулардын, айбандардын, өсүмдүктөрдүн тилин билген, бир уктаса кырк күн уктап, кырк күнге чейин уктабаган күлүк киши болгон экен. Ал:

-Бүгүн үйгө жетебиз, мен кырк күн уктаймын, менин кырк бөлмөлүү үйүм бар, силерге бир аял кырк бөлмөлүү үйдү бирден кыдыртып чыгат, ичиндеги дүнүйөлөрдү көрсөтүп кайра жыйнаганча кырк күндүн өткөнү билинбей калат дейт,

Ошол күнү Кыраанкара тигилерди ийнине көтерүп алып үйүнө келип, баягы өзү айткандай уктайт. Бир аял үйпөрдү ачып ичиндеги шаан-шөкөттөрдү тигилерге көрсөтө баштайт. Кыркынчы бөлмөнү ачып көрсөтөт, анда эки окшош тулпар турат. Аял эки тулпарды Каракөз айым менен Жансүйөргө жетелетип сугартат. Аңгыча бир калдайган кара булут келип, эки тулпар менен эки кызды көтөрүп алып кетет. Ошол күнү Кыраанкара ойгонот.

-Ага эки тулпарды, эки кызды бир кара булут келип көтөрүп кетти,-дейт бала.

Анда Кыраанкара:

-Бир Тулпар меники, бир тулпар Алп кара куштуку болучу, экөөбүз мелдешип жарышканбыз, ал асманда учкан, мен жерде жүгүргөнмүн, ошондо Алп кара куштан мен чыгып, анын тулпарын утуп алганмын. Ал ошого ичи күйүп алып кеткен турбайбы,-дейт да, чоң балтасын көтөрүп барып, бир чоң теректи кыя баштайт. Көрсө, Алп кара куштун жаны ошол жерде экен, ал:

-Кара жаным, кыйба, ой жаным ай, жаным! Мына аманаты?,-деп эки кызды, эки тулпарды алып, түшүп келет.

Эртеси Кыраанкара баланы бир ийнине, кыздарды бир ийнине көтөрүп, баланын үйүнө жөнөйт. Ошол күнү анын үйүнө жетпей, бир токойго конуп калышат. Кыраанкара уктамыш болуп жатса, бир маалда дарактын башына үч көгүчкөн конот, бир көгүчкөн:

-Бул баланын атасы ушул кызды алганына капа болуп, балам ууланып өлсүн деп, уудан куш, уудан ээр токумдуу ат, уудан тайган алып атасы эртең тосуп чыгат,-дейт.

Эртең менен турушкандай кийин Кыраанкара балага:

-Сенин атаң сенин келинчек алып келатканыңды билип, алдыңдан ат-куш жана тайган алып чыгат, досум, ошол үчөөнү тең мага бергин,-дейт.

-Берейин,-алар сага аздык кылат, андан дагы көп нерсе берсем болот эле,-дейт бала.

Эртеси баягы Кыраанкара айткандай баланын атасы атын, кушун жана тайганын алып, баланын алдынан чыгат. Атасы:

-Балам, мына бул атты минип, кушту алып, тайганды ээрчитип ууга чыгып, көңүлүңдү ачкын, сенин келинчек алганыңа кубанып алып келдим,-дейт.

Бала аларды алат да бүт досуна берет. Досу атты, кушту жана тайганды алып токойго барат да, баарын өрттөп, күлдөрүн сууга салып жиберет.

Атасынын айласы кетип, бир күнү баласы уктап жатканда:

-Баламды чагып өлтүргүн,-деп ажыдаарды жиберет. Кыраанкара аны билип, уктабай кылычын алып, аңдып жатат.

Ажыдаар эшиктен жылып, үйгө белчесинен киргенде Кыраанкара ажыдаарды бөлө чабат. Кан чачырап Каракөз айымдын бетине тиет. Каракөз айым ууланып калбасын деп, анын бетине жоолук жаап, тамган канды Кыраанкара соро баштайт. Бала ойгонуп, ичинен нааразы болуп калат. Кыраанкара;

-Досум, мен сага жакшылык кылып жатам, сырымды айтпаймын. Айтсам таш болуп каламын, жакшылыкты билбейт турбай-сыңбы?-дейт.

Бирок бала:

-Жок, сен дос эмес экенсиң, кас экенсиң,-деп такыр болбойт. Кыраанкара:

-Эми, досум, сен үчүн таш болсом болоюн, сырымды айтайын, атаӊ сенин Каракөз айымды алганыӊды жаман көрүп жактырбай, өлтүрүү үчүн ууланган ат, куш, ууланган тайган алып келип тосподубу. Алар менен ууга чыкканда сен ууланып өлмөксуӊ, ошондуктан мен аларды алып өрттөп жоготтум. Кийин чагып өлтүр деп ажыдаарды жиберди, кылычымды даярдап түнү менен карап жатып, ал үйгө кирип келгенде аны бөлө чаптым, анын каны Каракөз айымдын бетине чачырап калды эле, ууланып калбасын деп канын соруп жатат элем,-дээр замат Кыраанкара белине чейин көк таш болуп катып калат.

-Айткандай, бул көп жакшылык кылган эле, мунун жакшылыгынан кантип кутулам,-деп бала Кыраанкараны көтөрүп алып жөнөйт.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бала бир жерге барып жатып калат. Ак кийинген, ак боз ат минген ак сакал киши келип:

-Ой, балам, эмне жатасыӊ?-деп ойготуп тургузат да:

-Сен барып Кара тоону тап, анда капкактуу кара булак бар, аны сен "кайдан табылчу элеӊ, капкагыӊ кайдан ачылчу эле" деп туруп, Кыраанкаранын эӊ мурун буттарын салгын. Буту тыбырайт, кийин булакка бүт денесин малгын, "ушунча уктаган экен-мин" деп тура калат,-дейт.

Бала Кыраанкараны көтөрүп алып, Кара тоого жөнөйт, барып капкактуу кара булакты табат, анын капкагын ачып:

-Сен кайдан табылчу элеӊ, капкагыӊ кайдан ачылчу эле!-деп эӊ, мурун эки бутун салганда эки буту тыбырайт. Кийин денесин бүт салат.

-Ох!-деп Кыраанкара тура келет.

Бир аз эс алгандан кийин Кыраанкара баланы көтөрүп алып, бир күндө үч айлык жолду басып, анын элине жөнөйт. Бала "Кы-раанкара жолду мурункуга караганда кандай басып калды экен, сынап көрөйүн", деп тебетейин жерге түшүрүп коёт да:

-Ой, досум, тебетейим түшүп калды!-дегендин ортосунда Кыраанкара жарым күндүк жолго жүрүп кеткен экен.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп баланын айлына келсе, көп элдин карааны көрүнөт. Кара кементай кийген, кара өгүз минген бир койчу жолугуп калат. Андан сураса, ал койчу:

-Балам болсо өлдү, анын досу Кыраанкара болсо таш болуп калды деп ашын берип, эми кан эки кызды аламындеп той берип жатат. Бул эл ошол тойго келген эл,-дейт. Муну угуп Кыраанкара койчуга:

-Сен канга барып "акылыӊа кел, ээси келатат, аманатын колуна сал" дегин,-дейт.

Койчу канга барып:

-Эй кан, акылыӊа кел, ээси келатат, аманатын колуна сал, - дейт.

-Бул жаман койчу эмне дейт?-деп кандын жигиттери койчуну тызылдатып кууп калышат. Ал Кыраанкараны көздөй качат. Кыраанкара кылычын алып келгендерди кууп, чаңын асманга чыгарып, кыргын салат, канды туткундап, дарга асат.

Ошентип бала таажы кийип, такка олтуруп, атасынын ордуна кан болот. Чоң той берип Каракөз айымды алат, берки кызды Кыраанкарага берип, кош айтышып, аны элине жөнөтөт.

Абылай жетим

Илгери бир заманда бир кемпирдин чалы өлүп, эки жашар эркек баласы калып, эптеп күн көрүшүп, бала он эки жашка келиптир. Бир күнү энесинен:

- Менин атам кайда, бар болсо үйгө келбейби?-деп сурайт.

-О, балакетинди алайын кулунум, сенин атаң келбес жагына кеткен.

Бала катуу ичи күйсө да экинчи атасын көрө албай турганына көзү жетти.

-Энекебай, менин атам эмне кесип кылуучу эле?

-Атаңбы? Атаң тоого тор жайып, куш кармоочу.

-Анда атамдын торун берсеңиз, мен атамча куш кармап келип, мүнүшкөрлөргө сатып, көп алтын табат элем.

-Макул,-деп энеси тоого жиберди. Бала бир карга кармап алып сүйүнүп келди.

-Бул куш эмес, балам, куш кармоо колуңан келбейт го,-деди энеси.

-Анда атам башка эмне кесип кылуучу эле?

-Дарыядан балык кармоочу. Кемпир чалынын торун балага алып берди. Дарыя балыкка бай экен. Кемпир балыкты кандай кармоону баласына үйрөтүп, көп олжо менен үйлөрүнө келишти. Бала күндө балыкты көп кармап базарга сата берип, үй-оокаттарын ондоп, дасыккан балыкчы болуп калды..

Күндөрдүн биринде бала дагы көп балык кармап келип, энеси сүйүнүп балыктарды көрүп жатса, арасында эң кооз бир балык жүрүптүр. Ала коюп чакадагы сууга салды эле, өлө элек экен, жан кирип сууга ойной баштады.

-Абылай балам, бул укмуш алтын балык биздин багыбызга торго түшкөн экен, муну канга тартуу кылсак чоң олжого батабыз,-деди кемпир.

Айткандай эртеси бала айнек кумурага суу куюп, балыкты салып, канга тартуулаганга барды. Кан вазири экөө тең катуу кубанып, балага жүз дилде берип жөнөттү. Абылай өмүрү мынча дилдени тапмак тургай, көргөн да эмес. Өтө-сүйүнүп энесине келди. Базарга барып көп буюм, мал сатып алышты. Жесир кемпирди карабаган агайын-туугандары Абылайдын төрүнөн кетпес болду.

Арадан көп өтпөй эле Абылай жетимди баягы кандын жигиттери издеп келип, канга айдап кетти. Кан адилеттүү болсо да анын вазири каардуу, башкесер кара мүртөз эле. Ал канга:

-Алтын балыктуу болгонуңуз жакшы, бирок түгөйү жок жарашпайт экең, ошол балыктын түгөйүн таптыруу керек, ал ошол гана баланын колунан келет,-дейт.

Кан вазиринин тилинен чыкпайт. Бир ай мөөнөт беришти.

-Эгер таап келе албасаң башың алынат,-деди.

Бала аргасыз макул болду да, болгон окуяны айтып энесине келди. Эртеси тобокел деп дарыяга чыгышты, айтылган мөөнөтү да бүттү, бала саргайып өңдөн азды. Канга барчу таң да атты. Эң акыркы үмүтүн үзбөй торун көтөрсө алтын балыктын элеси көрүндү. Кубарган түсү, алактаган жүрөгү ордуна келди. Тартуу канга алынып келинди, бала эки жүз дилде алып үйүнө кайтты.

Кан, вазири, үй-бүлөсү менен балыкты кубалашып ойногонуна катуу ыраахаттануучу болду.

Күндөрдүн биринде вазир канга кедди:

-Каным, баары жакшы, эми буга Алтын-Көлдү таптыруу керек, балыктар кумуранын ичинде эркинче ойной албай жатат. Алтын-Көл чыгыш тарапта перилердин колунда болот деп уккам. Чоңдугу тай казандай, тышы алтын, ичи каухар, суусу тунук мүрөк зам-зам. Бул кереметтүү көлдү эч уста жасай албайт, барып алып келүү Абылай жетимдин гана колунан келет. Анда кан:

- Ушул эле дөөлөт жетет, жөн нерсеге бирөөнүн жетимин кыйнаганда эмне чыкмак эле, тим эле койгонубуз оң го,-деди.

Канга кадыры көп өткөн каардуу вазир, канды акыры макул кылды.

Абылай жетимди чакыртышып, бир жыл сүлүк берип, Алтын-Көлгө жөнөтүштү. Аргасыз жетим энесине акылга келди. Сабырдуу байбиче күл азык камдап, уулуна уламадан укканын баяндап түгөл айтып, батасын берип, Алтын-Көлгө жөнөттү.

Туура алты ай жол жүрдү. Жолунан нечен укмуш жырткычтар, жылан, бөйөн-чаян кезикти, акыры алар жолун бөгөп, өтө албай турганда бир ак сакал чал пайда болду. Саламдашып баладан болгон окуяны толук укту. Карыя балага боору ооруп, колундагы сыйкырдуу таягын берди.

- Шилтеп эле койсоң бардык жандыктар жол берет, сен издеген Алтын-Көлгө дагы бир күндүк жол калды. Мелтиреген талаада бир гана жашыл дөбө кезигет, жанында шаркырап аккан булак бар, ошол дөбө перилердин жыйын курчу жайы, айына бир гана келишет. Сен ошол дөбөдөн чуңкур казып алып жатсаң, а дегенде көгүчкөн болуп учуп келишет, жерге түшсө адам сөөлөттүү болот. Ошондо бирин эптеп жакадан алып кармап

алсаң болду- жогуңду табасың. Эгер кармай албай көрүнүп койсоң, анда дагы бир жыл күтөсүң.

Бала баарын толук билди. Карыя болсо кош айтышты да көздөн кайым болду.

Бала карыянын айткан жерине келип, чуңкур казып жатып алды. Эки күн өткөндө асманга батпаган көп көгүчкөндөр келип баягы чоң дөбөгө конору менен адам болушуп, көпкө шектенип турушуп, акыры жыйынына киришти. Абылай айлакер байкатпай туруп жакын өтүп бара жатканын жакадан адды эле, көгүчкөндөр дүр этип асманга көтөрүлдү, коркунучтан чочуган перилер артын карабай өз дүйнөсүнө учуп жөнөштү. Абылайды бир аз көккө көтөрдү, алп урушуп келип жерге түшүштү, колу карышкан Абылай көгүчкөн кандай аракет кылса да кое берген жок. Колундагы жип менен мойнуна күрмөй салып, белине бекитип байлап алды. Акыры экөө сөзгө келишти. Абылай эмне каалаганын айтты.

Аны орундатса өмүрү каларын билген пери Абылайга жарты айдай алтын берди. Жерге коюп чертип койсо, ойдо жок сонун көл болду.

Экөө шилекей алышып достошуп, Абылайды пери досу орто жолго чейин учуруп жеткизип коюп, өз дүйнөсүнө учуп кетти. Мөөнөтү бүтө электе кандын каалаганы даяр болду. Абылай жарым миң дилде, сый алып кубаныч менен үйүнө келди. Алтын көлгө алтын балыктар жарашып, ыракатын падыша, вазир көрдү. Абылай жетимдин кубанычы көпкө созулган жок, каардуу вазир дагы бир укмушту ойлоп тапты.

-Падышам -деди вазир,-күн батышта Күлдүркан деген бар, анын Айсулуу, Күнсулуу деген эки кызы бар, күлүп койсо караңгы жарык болот, бир шаар жөн эле жаңырып турат. Айсулуу падышам сага гана жарашат. Алтын көлүң болсо, алтын балыгың болсо, эми Айсулуудай жарың болсо, ааламда эмне арманың бар? Акыры иш жамандык менен бүтөрүн сезген кан көпкө макул болбоду. Амалкөй вазир асылып жүрүп ар түркүн сөз менен канды эритип, буга да макул кылды. Бул иш да Абылай жетимге жүктөлдү. Күл азыгын камдап, Күлдүркандын шаарын бет алып, Айсулууну кантип алам деген ой менен жолго чыкты. Амалсыз байбиче арыбаган азаптын көлүндө калды. Бул жолу жолуң катуу болот деп энеси Абылайга бал жана таруу кошкон бир карын май берди.

-Эгер бирөө сени менен кошо жешсе жана эмне деп сураса буга энемдин эмчегинин сүтү кошулган дегин, ошондо ишиң онунан чыгат,-дейт энеси.

Бала бул сөздү көңүлгө түйүп, батышты көздөй жүрүп олтурду. Көп жол жүрүп, көзү тунарды, таңдайы катып чөлдөрдө суусады. Алсырап калган кезде алдынан бир чубалган чаң көрүндү. Абайлап турса ааламда жок алп-дөө экен. Ал алыстан эле баланын качпай күтүп туруусун өтүндү. Абылай жанынан чындап үмүт үздү. Дөө:

-Сенден аны-муну сурап олтурууга убактым жок, оозумду гана толтур, болбосо өзүңдү жалмап алып жолго түшөм,-деди.

Шашып калган Абылай баягы сары майды сугунта берди. Дөө майды былчылдата чайнап жутуп жиберип, тамшанып туруп:

-Бул эмне тамак?- деди Абылай:

-Кадимки май бал, таруу, бирок менин энемдин сүтү кошулган эле.

Дөө муну укканда айран калды.

-Эми кызык болгон турбайбы, мен сени менен эмчектеш болуп калган экемин. Сени жегеним болбойт, сага каалаган убагында жардамга келишим керек. Ме, мобуну түтөтсөң мен дароо даяр боломун,-деп узун мурутун жулуп берип, көздөн кайым болду.

Кайраттанган Абылай Күлдүркандын шаарына да жакындап келип алыстан көрүп, ушул болсо керек деп жоромолдоду. Шаардан эмес жерден көк өгүз минген, он чакты эчки, коюн жайган чалга жолукту. Саламдашкандан кийин:

- Жетиммин, багар-көрөрүм жок, баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм,-деген тилегин айтты.

Чал сүйүнгөн бойдон баланы ээрчитип кемпирине жөнөдү, кемпир дагы сүйүндү, бир эчкисин союп өзүлөрүнчө той кылып, баланы бала кылып алышты. Бала чөп алачыкты ондоп, шыбактап там салды. Абышка-кемпир уулдуу болуп, муунуна муун кирди. Ал жылкы жай өттү, күз өттү, кыш өтүп жаз келди. Бир күнү келин алууга сөз болду. Ошондо Абылай жетим өз максатында ишти эми баштады.

-Эгер мен аял алсам Күлдүркандын кызы Күнсулууну же Айсулууну аламын, болбосо дүйнөдөн так өтөмүн,-деди.

Чал катуу чочуду.

-Ал кан-падыша болсо, мен жакын бара албаган жаман чал болсом, балам, падыша мени бучкагына теңеп койбойт го, өзүң ойлочу. Анын үстүнө "шылдың кылганын кара" деп, башымды сөзгө келбей кесип жүрбөсүн?

-О, жарыктык,-деди Абылай,-кудалыкка, элчиликке өлүм жок, бир жооп айтат, канга барып кел, ата. Эгер балалыкка сана-басаң өзүң билгин, туубасаң да тутунган балаңмын го,-деди.

Чал бир көзүнө жаш алып, бир көзүнө кан алып, көк өгүздү токуп, канга жөнөп, кандын жигиттерине дайнын айтып, кабыл алчу ордосуна келди. Бир күн конок кылгандан кийин кан чалды өзүнө чакыртты. Таазим менен салам айтып, канга эмнеге келгенин баяндады. Кан ачуусу келген жок.

- Уулуңдун чоң Таламы бар экен, биринчиден мага уулуңду көргөз, уулуңду сынап көрөмүн, көңүлүмө жакса, үч мөөрөй беремин, аткарып кетсе кыз сеники, менин шартым ошо, аткара албаса башын кесемин.

Ошентип Абылай жетимдин башы эки кылычтын ортосунда калды. Муну толук уккан Абылай жетим Күлдүркандын кылычына барып бергенден башка айла жок экенине көзү жетти. Болжогон күнү падышага келди. Баланы көрүп жактырды, Айсулуу менен Күнсулууну да балага көргөздү.

-Кааласаң үч мөөрөй берем, жеңип кетсең кыз сеники, болбосо башың кесилет,-деп кайталады падыша.

Бала макул болду, атасы кантсин "Кандай болот?" деп көзүнүн жашын куюлтуп карап турду. Көрүп турган эл:

-Ажал айдаган бечара, ишиң бүттү,-деди.

Мөөрөй башталды. Биринчиси кырк өгүз союлду, эти казанга салынды.

-Үч күндүн ичинде жалгыз өзүң жеп бересиң,-деди.

Бала бир үйдө жалгыз өзүн камап туш-тушка караол коюуну өтүндү. Баланын айтканы орундатылды. Караңгы киргенде Абылай жетим баягы досунун мурутун түтөттү. Көз ачып жумганча үйгө кырк дөө кирип келди. Бардыгын бала түшүндүрдү эле жарым саатта кырк өгүздүн эти жок бодду. Бала бир кабыргасын алып эртең менен мүлжүп олтурду. Калыстар келгенде шагыраган гана сөөк калыптыр. Бир кабырганын калганына кан чатак кылды. Анда бала:

-Адал малыңыздын этинен ооз тийсин деп калтырдым, болбосо сугунуп деле жиберем,-деди.

Хан сөзгө жыгылды. Ыза болгон кан:

-Мына бу агып жаткан дарыяга ары бери жүктүү унаа өткөндөй муз тоңдурасың,-деди.

Бала кыйшаюусуз макул болду. Досунун мурутун дарыяга салды эле кычыраган кыш түшүп, калдайган муз тоң дарыя буулду. Муну сынашып, калыстар каршы-терши өтүп көрүштү, бирок музда эч шек жок. Мөрөй дагы баланыкы болду. Падышанын ачуусу чындап келди.

-Мынабу тоонун ары жагында Ала-Көлдө отуз кулач ажыдаар бар. Ар бир кырк күндө бирден адам, ар бир жумада бирден бодо жейт аны бербесең элиңди соруп жок кылам дейт. Мына ошого эртең бир адам керек. Аны өлтүрсөң аман каласың, болбосо ажыдаарга жем болосуң.

Бала буга да макул болуп, эки жагы тең миздүү эки болот кылыч сурады. Усталар эртең мененге чейин согуп даяр кылып, бала куралды алып ажыдаарга жөнөдү. Ажыдаардын ачуусун келтирип, болжогон убактан кечигип барды. "Бул эмне болду?" деп ачуусу келген ажыдаар жөнөгөнү калган экен. Баланы көргөн ажыдаар ичи катуу ачынгандыктан алыстан эле оп тартты. Абылай ажыдаардын оозуна аба менен учуп жөнөдү. Колундагы эки миздүү болотту ажыдаардын ууртун көздөй болжоду. Күү менен тийген Абылай ажыдаарды жара тилип, колунан албарс кылычы түшпөгөн калыбында куйругунун учунан чыкты. Жырткыч эч нерсеге чамасы келбей жайын тапты. Эсин жыйган Абылай жонунан кайыш тилип алып канга келди. Убадага бекем падыша шартты бузбай, нечен күнү той жасап Айсулууну Абылайга берди. Ажыдаардан кутулган эл алкыш айткандын гана үстүндө болду. Абышка-кемпирди көчүрүп Абылай жетим өзүнүн шаарына жөнөдү. Нечен айдан кийин келсе кара мүртөз вазир дүйнөдөн кайтыптыр.

Ошентип Абылай жетим эки энелүү, аталуу, жаш сулуу жарлуу болуп, ушул күнгө чейин бактылуу жашап калыптыр.

Миңбай, жүзбай

Бар экең, жок экен, Миңбай менен Жүзбай деген болгон экен. Миңбайдын миң кою, бир баласы, Жүзбайдын жүз кою, бир баласы бар экен. Миңбайдын баласы бир күнү коюн талаага кайтарып чыгып уктап калса, карышкыр келип койду эртеден түшкө чейин кырат. Бала ойгонбостон уктап жата берет. Жүзбайдын баласы кой кайтарып жүрүп, Миңбайдын коюн карышкыр кырып жатканын көрүп, баласын ойготту:

-Кокуй, куураткыр, коюңду карышкыр кырып кетпедиби,-деди.

Миңбайдын баласы тура калып жаакка бир салат.

-Сен жүз коюң менен мага теңелгиң келеби? Менин миң коюм бар, эмне үчүн ойготосуң, эң кызык түш көрүп жаттым але, түшүмү таап бер,-деп урушту. Жүзбайдын баласы да карап турбастан экөө бешимден урушкан кечке чейин урушту. Акырында Жүзбайдын баласы:

-Эмне түш көрдүң, айтчы, каадалуу түшүңдү угайын?-деди. Миңбайдың баласы:

-Каадалуу түш дейт тура, башыма күн тууп, аягыма ай тууп, орто жериме чолпон жылдыз чоң тууп жатыптыр, бул каадалуу түш эмегенде, карышкыр кырган кой каадалуу бекен?-деди. Жүзбайдын баласы:

-Сатасыңбы түшүңдү,-деди. Миңбайдын баласы:

-Сатамын, карышкыр канча коюмду кырса, ошончо кой берип алгын,-деп убадалашты.

Жүзбайдын баласы:

-Карышкыр канчалык коюңду кырды экен, батырак санагын,-деп санаттырды. Миңбайдын баласы коюн санаса туура жүз коюн кырыптыр.

-Жүз коюм өлүптүр, жүз коюңду берип аласыңбы?-дейт.

-Алдым, саттым береке,-деп кол алышып кечинде үйлөрүнө кайтып кетишет.

Жүзбайдын баласы эл жата үйүнө барды. Жүзбай тура калып:

-Кокуй балам, коюң кана?-деди. Баласы:

-Атаке, түшкө сатып жибердим,-деди. Жүзбай:

-Ал эмне болгон түш экен, жүз койдун баарын саттыңбы?-десе, баласы күлүп жиберип:

-Башыма күн тууп, аягыма ай тууп, орто жериме чолпон жылдыз тууган түшкө саттым, атаке,-деди. Атасы ордунан тура калып, жеткен жеринде келтек менен, жетпеген жеринде тезек менен уруп баласын кубалады.

-Эгер койду таппай үйгө келе турган болсоң, ичиңди жарып, башынды итке салбасам менин Жүзбай атым өчсүн - деп атасы ачууланып кала берди. Бала айлап, күндөп жүрүп

олтурду. Башы таз болду, курсагы ач болду, ошондо асманда учуп бара жаткан каргага карап айтты:

-Карга аке, ынтымакка келели, бир табактан жешели, ачкадан өлүп баратам, бир кайыр этиңиз,-деп колун каргага сунган убакта, карга айтат:

-Ошондой бол, таз балам! Коюңа салган чөптү жейин десем жата калып таш алып, тура калып баш алып уруучу элең, сага чала,-деп өтүп кетти.

Мындан кийин үстүнөн бир топ көгүчкөндөр өттү. Буга да:

-Көгүчкөн аке, ынтымакка келели, бир табактан жешели, ачкадан өлүп баратам, сен бир кылчы кайырды,-деп колун сунду.Көгүчкөн:

-Ошондой бол, таз балам, кар буркандап жамгыр жааганда, жем издеп кокус мен барсам, тузак тартып ата энемди, бала-чакамды кармап алгансың. Ата-энең кое бер, убал болот десе, убал болсо кудайым адал кылбай эле койбойбу деп, шишкебек кылуучу элең, ии ошону эми көргөнүң!-деп өтүп кетти.

Канаттуудан айла болбогондой кийин бала жүрүп олтуруп, бутун шилтей албай, каруусу калбаганда "өлсөм дагы адам жатпас дөбө деген дөбөгө жетип этимди карга, кузгун жесин" деп, башына таяк жасап, көзү чекчейип, бели бөкчөйүп, жатып үргүлөп уктап кетти. Таң агарып атканда бир адам келип: "Тур, атка мингин", деп мингизип алып жүрүп кетти. Түш болгондо баягы адам артын караса түрү суук бир таз бала атына минип келе жатканын көрүп, саадагын суурул атайын деп, кайра ойлонуп: "Никем ушуга буюрган экен" деп тура калып башына дары сыйпап, жети күндө капкара кундуздай чач чыгарды. Бул адам Күлгакы деген сыйкырчы кемпирдин кызы экен. Сейит чал дегендин Өмүраалы деген уулуна тиймек болуп, убадасын берип, ушу түнү адам жатпас дөбөгө Өмүраалы келип, кызды алып кетмекчи болгон экен. Өмүраалы бир күн эсебинен жаңылып калып, ал күнү келбей калыптыр. Кыздын аты Айымсулуу экен. Ал буйрук экен деп баягы таз балага тийди. Баланын аты Чыныбек. Бир нече күндөн кийин Айымсулуу түш көрүп, эртең менен Чыныбекке:

-Түндө түшүмдө Өмүраалы кырк жигити менен Чыныбекти өлтүрүп, колуктумду таап аламын деп жолго чыгыптыр,-деди.Чыныбек:

-Анда эң жакшы түш, эмесе мен аны өлтүрөт экемин,-деп Өмүраалынын келе турган жолуна чоң ак үй болуп кубулуп, кырк кулактуу казан болуп, ичинде толтура эт болуп кайнап турду. Өмүраалы кырк жигити менен келип:

-Кокуй, Чыныбек таз ушул окшойт, сабагыла - десе, жигиттери:

-Адам баласы кантип үй, от болуп калсын, жолдогу бышып турган бейиштин тамагынан жебей кетсек жолубуз болбойт,-деп түшө калып казандын кырк кулагынан кармап чыгарайын дегенде, казан жарылып кетип, Өмүраалы баш болуп кырк жигити күйүп өлүп калышты. Чыныбек так үшүнтүп, айла менен өлтүргөнүн Айымсулууга айтып берди.

-Эми уулунун артынан Сейит чал келет,-деп Чыныбек таз Сейит чалдын келе турган жолун тосуп, ак тайлак болуп кубулуп жүрдү. Сейит чал көрөрү менен Чыныбек таз экенин билип, тайлакты кармап алып үйүнө алып барып чөгөрүп, темир казыкты еркөчүнө кагып:

-Келинимди таап, баламды тиргизип бергин,-деп боздотуп кыйнай баштады. Чыныбек тайлак болуп муңканып, эки көзүнүн жашын мончоктотуп төгүп, боздоп турду. Сейит чалдын Ашымкан, Кишимкан деген эки кызы келип:

-Айланайын аке, адам баласы кантип тайлак болуп жүрсүн, бекер жанын кыйнабасаң, бу деле кудайдын бир макулугу турбайбы,-дешти. Сейит чал:

-Кыздарым, баламдын түбүнө жеткен чунак ушу,-деп ансайын тайлакты ура баштады. Эки кызы:

-Атаке, тайлагыңызды бизге бериңиз, Ит-Ичпестин Ала-Көлүнө сугаралы, эгер суудан ичсе тайлак экени чын, ичпесе адам баласы - Чыныбек таздын нак өзү болот. Андан кийин эмне кылсаңыз өзүңүз билиңиз,-дешти.

Сейит чал тайлакты кыздарына бербей койду эле, эки кызы таарынып мойнуна аркан тагып "муунуп өлөбүз" дешип атасын коркутушту. "Баламдын үстүнө кыздарымдан айрылбайын", деп тайлакты кыздарга бере салды.

Кыздар жетелеп Ит-Ичпестин Ала-Көлүнө жетишти. Тайлакты сугармакчы болгондо Чыныбек акең коргошун болуп суунун түбүнө түшүп кетти. Эки кыз алаканын шак коюп, көчүгүн жерге так коюп, тилдерин жебиретип, атасына ыйлап келишти.

-Ырас эле куйту таз экен, суунун түбүнө коргошун болуп чөгүп кетти,-деди.

-Эчак эле айтпадым беле, чунак кыздар, чуулдап жүрүп ушуну кылмак элеңер, кайсы жерге түшкөнүн көрсөтүп бергиле,-деп эки кызын ээрчитип Сейит чал сууга келип, сууну ууртап коргошунду тиштеп алайын дегенде, Чыныбек жөргөмүш болуп, бир теректин башына жөргөлөп чыгып кетти. Сейит чал жылкычы чымчык болуп жөргөмүштү эми тиштеймин дегенде, Чыныбек асманга турумтай болуп учту. Жылкычы чымчыкты тырпыратып, кыздарын кыңшылатып, мээсин чукуп, көзүн оюп өлтүрүп таштады. Чыныбек турумтай болуп учуп кетти. Чыныбек Айымсулууга келип:

- Эми эл-журттуу жерге барып, оокат кылалы,-деп Кара хан дегендин жерине келишти.

Экөө чөп алачык кылып алып, айылдын четинде турушту. Бир күнү хан кырк жигитин ээрчитип, куш салууга чыкты. Хан кушун бир коёнго салса, албастан айланып учуп, Чыныбектин чөп алачыгына конуп олтуруп алды. Хан келип:

-Ой, үйдө адам болсо чыгып кушумду алып бергилечи,-деди. Айымсулуу Чыныбекти карап:

-Хан келди, батыраак чыгып кушун алып берчи,-деди. Чыныбек:

-Өзүң деле алып бере койбойсуңбу, хан жутуп коймок беле сени,- деп кекетип койду. Айымсулуу кушту алып бере коеюн деп, эшикке чыга калды. Хан Чыныбектин аялынын сулуулугуна эси ооп аттан кулап түштү.

Айымсулуу:

-Ушунча хан болуп туруп киши көрбөгөн экенсиз,-деп аттантып, колуна кушун кондуруп узатып жиберди.

Хан Айымсулууга ашык болуп, кандайча колго түшүрөрүн билбей, бир күнү Чыныбекти чакырып алып:

-Чыныбек баатыр, бир тамаша салайын деп жатамын, жалгыз жатып сен да эриккендирсиң, көптөн бери тим жатып мен да эриктим. Ат сайышып жашынмак ойнойлу,-деди. Чыныбек:

-Макул, нече күндөн жашыналы, кимден башталсын?-деди. Хан:

-Үч күндөн болсун, менден башталсын,-деди. Хан жашырынды, таз ары-бери күйпөлөңдөп чуркап жүргөнүн Айымсулуу көрүп:

-Эмне кылып жүрөсүң?-десе,

-Ханды карап жүрөмүн-деди.

-Кайдан карайсын?

-Кайдан карамак элем, ушулардан карап табамын да! Айымсулуу наараазылык сөз катты:

-Булардан таба албайсың, ат байланган сарайда чоң ак эркеч турат, ушуну сакалдан алып сабасаң, хан өзү туруп келет.

Айтканыңдай ал эчкини сабаса, "Чыныбек баатыр, мөрөй сеники" деп тура келди. Хан экинчи күнү жашынганда Чыныбек ары карап, бери карап, таба албай жүргөндө, Айымсулуу чакырып алып:

-Жардын түбүндөгү теректи өзөгүнө чейин кессең өзү туруп келет,-деди.

Чыныбек чуркап барып, өзөгүнө чейин теректи кессе, "мөрөй сеники Чыныбек баатыр" деп, хан ордунан туруп келди. Үчүнчү күнү хан жашынганда Айымсулуу Чыныбектен:

-Ханды кайдан табасың?- деп калат.

-Анын эмнесин сурайсың, сарайдагы ак эркечти сабап, жардын алдындагы теректи кессем өзү эле келбейби!-деди.

Айымсулуу:

-Ай кудай алгыр, ал хан жакын жерде жок, Сасык-Көлдүн аралында кара буура болуп чөгүп жатат. Он эки кайың таякты суусунан кесип алып, ошолоруң сынганча сабасаң гана хан анан туруп келет. Үйдүн тегерегинен ханды алты жыл издесең да табалбайсың,-деди.

Чыныбек он эки четин таяк, он эки кайың таяк кыйып алып, аралда жаткан кара бууранı бакылдатып жыйырма төрт таягы сынганча сабаганда:

-Чыныбек баатыр, мөрөй сеники,-деп ордунан туруп келди. Хан:

-Эми Чыныбек баатыр сен жашынган,-деди.

Чыныбек кап менен кементайды көтөрүп алып чуркаган бойдон Айымсулууга келди да:

-Мен алачыктын артына жашынайын, сен ханга айтпагын,-деди. Анда Айымсулуу:

-Кокуй, сен куураткані жүргөн турбайсыңбы?-деп, Чыныбекти оймок кылып сөөмөйүнө салынып, көйнөгүнүн этегин кайып олтуруп алды. Хан ары карап, бери карап таба албай, айласы кеткенде:

-Чыныбек баатыр, мөрөй сеники, бери кел,-деп чакырды. Чыныбек колдон түшүп, хандын жанына келди. Экинчи күнү жашынганда Чыныбекти Айымсулуу колундагы ийнесинин саптаган жиби учундагы түйүнгө кошо түйүп жашырды. Хан ары-бери карап таба албай, айласы кетти.

Чыныбек баатыр, мөрөй сеники,-деп чакырды. Чыныбек: Жаныңызда олтурсам көрбөйсүз,-деп тура келди. Үчүнчү жашынганда Айымсулуу ийне кылып Чыныбекти жакасына сайып койду Хан ары-бери карап, таба албай айласы кеткен соң:

- Мөрөй сеники, Чыныбек баатыр, кел,-деди. Чыныбек дагы оодунан туруп келди. Хан эми өзү жашынганын да таптырып, Чыныбек жашынганда таба албай, аялын уттуруп ичи күйүп, хандыгына таянып аялын бербей койду. Хан бир күнү эли-журтун жыйнап:

-Ким Чыныбектин аялын алып берет?-деп жар чакырды. Ошондо оозунда тиши жок, алтымыш жаштагы бир кемпир:

-Таксыр, ханым, мени он беш жаштагы балага алып берсеңиз, мен алып берейин, аны "Ит-Ичпестин Ала Көлүнөн суу алып кел, хан ооруп жатат, дарысы ошол суу экен,-десек барат,- үч күндөн калбай келгин, кала турган болсоң, аялың хандыкы дейбиз. Ал сууга барган соң үч күн эмес, үч жылда да келбейт,-деди.

Хан бул ойду туура көрүп, Чыныбекти чакырып, бир көнөк берип:

- Ит-Ичпестин Ала-Көлүнөн ушуну менен бир суу алып кел, үч күндөн калба, үч күндөн калсаң, аялың меники болот,-деп буюрду. Чыныбек макул болуп көнөктү алып, үйүнө келип, Айымсулуу менен акылдашып, үч күнгө чейин көнөккө толтура малдын заарын жыйып, күнү бүткөндө ханга алып-барып берди. Хан Ит-ичпестин Ала-Көлүнүн суусу деп ичип, соо жанын оорутуп алды.

Кан төшөктө жатып, элдин тынчын алып күндө жыйын, күндө той кылып жар салды.

- Ким Чыныбектин аялын алып берсе, ошону тилегине жеткизем,-деди. Анда бир чал:

- Каным, мага он бештеги кызды алып берсеңиз мен алып беремин. Чыныбекти жаян балыкты өлтүрүп, бир жак кабыргасын алтын уук кылып, жети күндө кел, жети күндө келбесең аялың хандыкы болот дейбиз. Жаян балыкка жети күндө эмес, жети жылда да жетпейт. Жетсе да, жаян балык жутуп коёт,-деди.

Хан тазды чакыртып алып:

-Жаян балыктын бир жак кабыргасын алтын уук кылып кел, жети күндөн калбагын, жети күндөн калсаң, аялың биздики болот,-деди.

Чыныбек бул сөздү дагы аялы менен акылдашты. Айымсулуу жаян балыктын аксак тору атын семиртүү үчүн алган экен, ошол атты Чыныбекке миңгизип:

-Чолок кара кылычты, алтын сепкен жоолукту, алтын коңгуроону, алтын шакекти алып бар,-деди. Чыныбек макул деп айткандарынын баарын алды. Айымсулуу асман менен түн ичинде учуруп жиберди. Чыныбек барса, жаян балык суунун түбүндө ойноп жүргөн экен. Жеткенде алтын коңгуроонун үнү чыкканда жаян балык тору атымды аламын деп, суудан башын чыгарганда, кылычты кынынан чыгарса, жети кулач болуп узарды. Кылыч менен жаян балыктын башын жара чапты. Бир жак өрөөнүн торуатка кырк бүктөп салып, асман менен учуп, сегизинчи күндө үйүнө келип түштү. Жети күндөн ашкандан кийин:

- Айымсулууну аламын,-деп хан калкын жыйнап нике кыймакчы болуп жатканда, Айымсулуу жети катар темир үй болуп, жатып калган экен. Кандын айласы кетип, атып да, кесип да ала албай акыры от менен чыгар деп, тегерете карагайды үйүп, темирди ысытып жатканда, Чыныбек келип коңгуроосунун үнүн чыгарды. Айымсулуу угуп, сыйкыры менен жаккан отту хандын үйүнө көчүрүп, өзү Чыныбектин жанына бирге отуруп калды. Бүткүл эл журт таң калып, эси кетип коркушту.

Мындан эки-үч күн өткөндөн кийин дагы хан калкына жар салды, анда бирөө:

-"Ушу жакта көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын элик бар, ошону алып кел", деп жиберсек, Чыныбек сөзсүз өлөт, жолдо ажыдаарлар көп,-деди.

Чыныбектин аялы алардын сөзүн угуп, күйөөсүнө айтты:

-"Хан канча күндө келесиң" десе, "күнү-түнү он күндө келемин" деп, жылкынын артында сүйрөлгөн бир кунан бар, ошону ал,-деди. Эртеси эле хан Чыныбекти дагы жумшады.

-Ушу жакта көчүгү күмүш, көкүрөгү алтын элик бар экен, ошону алып келгин, сенден башка жарай турган киши жок, канча күндө келесиң?-деп сурады. Чыныбек баатыр:

Күнү-түнү он күндө келейин,-деп баягы жылкынын артындагы жаман кунанды алды. Ал тулпар экен, кунанын аялына алып кедди. Аялы багып тулпар алына келтирип:

-Кечинде жатып эртең менен мойнуңа куруңду салынып баргын, ал элик чынар теректин түбүндө жуушап жатат. Арканыңды үч тегеретип ыргытып, өзүң көрүнбөй келе берсең, элик өзү барпаңдап алдыңан чыгат,-деди.

Баатыр тулпарын минип кетти. Тулпар күчүнө келип, ар тоонун башын бир аттап басып отуруп жетти. Нечен ажыдаарлар, тулпардын туягын чагып өттү. Чыныбек эртең менен эликке барып чынар теректин түбүндө жаткан жеринен, арканын үч тегеретип ыргытып, атына минип, көрүнбөй кете берди. Бир убакта барпаңдап энтигип элик алдынан чыкты. Эликти ээрчитип алып, үйүн көздөй жолго салды. Чыныбектин келерине бир күн калганда, хандын бир вазири келип Айымсулууга:

-Жүрүңүз, баатырдын ашын берели,-деди.

Эртеси баатыр эликти жетелеп келип хандын колуна берди.

Хан айласы кетип, оорумуш болуп төшөккө жатып, Чыныбекти чакырып, Гүлгаакынын гүлүн алып келүүгө жиберди. Айымсулуу бир кат жазып! Чыныбекке берди:

-Жолуңан бир кемпир жолугуп туякка айран куюп берет. Оң колуң менен айранды алгын, сол колуң менен катты бер,-деп айтты. Бир нече күндүк жолдон кийин кемпирге жолугуп, оң колу менен айранын алып, сол колу менен катты берди. Кемпир окуп:

-Менин үч кызым бар эле, бербеске ылаажым жок, сенин албаска ылаажың жок экен,-деди.

-Эми мен кыздарымды чакырам,-деп бир кудуктун жанын көрсөттү.

-Ушу жерге менин үч кызым учуп келет, кичүүсү кийин келет, кичүүсүн өн кийиминен таанып алсаң болгону,-деди.

Кемпир ышкырып кыздарын чакырды. Үч көгүчкөн учуп өттү. Кичүүсү артынан келди, Чыныбек кичүүсүнүн кийимин жаасы менен түшүрө атты. Кыз Чыныбектин жанына учуп келип, кийимин сурады эле Чыныбек бербеди.

-Эгер сен мага тийсең беремин, тийбесең бербеймин,-деп Чыныбек туруп алды. Айласы кеткенде кыз макул болду. Кемпир төрт шакекти төрт жагына ыргытты эле, тиги жактан, бу жактан тегереги тең жактан "той болот" деп чуулдашып көп кишилер келди. Той берип, элди ыраазы кылып, батасын алып, калкына күйөөсүнүн даңкын жайып Гүлгаакынын гүлүн берип узатмакчы болду. Узатаарында кыз энесине:

-Төрт шакегимди бермейинче барбаймын,-деп, ордунан турбай жатып алды. Айласы кеткенде кыйылып туруп, кемпир ары карап ыйлап, бери карап күлүп, кызын бир карап, күйөөсүн бир карап туруп араң берди. Кызы алгандан кийин Чыныбек менен жолго түштү. Үйүнө жетерге бир күн калганда кандын вазири Чыныбектин Айымсулуусуна келип:

-Жүрүңүз, Чыныбек баатырдын ашын берели,-деди. Айымсулуу:

-Эртең келбесе, өзүм барып берейин,-деди.

Эртеси Чыныбек баатыр колуктусун алып келип калды. Гүлгаакынын гүлүн ханга берди. Хан Чыныбектин колуктусун көрүп андан бетер эси кетип, оорусу чынга айланды. Колуктусу алып келген төрт шакегин төрт бурчка ыргытты. Эл батпай баягыдай чогулду, келген кишилерди хан көрүп "бу кайдагы эл" деп чочуду. Чыныбек баатырдын колуктусу ханга:

-Сиздин элиңизге эл, журтуңузга журт коштук, зыяны болбос,-деди. Хан элди көрүп:

-Эми ушуларымды өлгөн атам көрсө, эч болбогондо өз кулагы менен укса, менин ушунчалык көп элимдин бар экенин жана хан экенимди билдирейин,-деп Чыныбек баатырды жибермек болду.

-Чыныбек баатырым, сен элден-журттан ашкан баатыр болдуң, мен белгилүү, акылдуу ханың болдум. Бул дүйнө жүзү бизди билет. Эми тиги дүйнөдөгү элдер дагы бизди билсин, сен менин өлгөн атама барып, менин хан болуп турганымды, элимдин көптүгүн айтып атамын өзүнүн колунан кат жаздырып алып кел,- деди.

Чыныбек:

-Бир дөңгөч, он аркан даярдап бериңиз, күнү-түнү менен барып келем,-деди. Үйүнө келип өзүнүн сүрөтүн тартып дөңгөчкө байлап, ай батып, жылдыз толуп турганда аркан менен дөңгөчтү учуруп жиберди. Убагы бүткөнчө хандын атасынын жазуусундай кылып Айымсулуу менен кийинки колуктусу үчөөлөп катты жазып, ханга алып барып берди.

Хан катты окуп ыйлап:

-Мени атам келип кет дептир. Чыныбек өзүңдөй кылып мени учургун,-деп кыйнады. Чыныбек элинен кыл аркан жыйып, ханды кабыргасынан кан тамганча катуу таңып, тоонун башынан ылдый карай учурду. Бир күн-эки күн өткөн соң Чыныбек баатыр хандын аялына барып:

-Жүрүңүз хандын ашын берели,-деди. Аялы Чыныбек баатырдын Айымсулуусун туурап:

-Эртең келбесе, өзүм барып берейин,-деди.

Ханы тоодон учуп коктуга түшүп, атасынын барган жерине барып өлгөн соң, элине кайтпады. Чыныбек ханга аш берип, аялын алып, эли-журтун жыйып, баягы Жүзбай атасынын алдына барып жүз койго алган түшүн айтты.

-Башыма күн, аягыма ай, орто жериме чолпон жылдыз чоң тууган түш,-деп айтып берип, ата-энеси менен жыргап ушул убакка чейин дүйнөнүн түбүндө, жер жүзүнүн үстүндө жашап жатышкан экен.

Күкүк менен зейнеп (жомок)

Илгери-илгери бир куш жыгачтын башына уя салып, эки балапан чыгарат. Балапаңцардын биринин аты Күкүк, экинчисиники Зейнеп экен. Балапандар чоңоюп, уядан учууга жакындап калат. Учарга жакын Күкүк менен Зейнеп алмак-салмак канаттарын күүлөп, машыга баштайт. Бир күнү Күкүк уянын кырына чыгып алып талпынат. Талпынып жатып, уядан кулап түшүп, жердеги жаракага кирип кетет. Уяда калган Зейнеп бир тууганына кантип жардам бере рин билбей чыркырап кала бериптир. Күкүк ошол бойдон дайынсыз жоголот.

Бир оокумда Зейнеп менен Күкүктүн ата-энеси келип, Күкүктүн жер алдына кирип кеткенин угушуп, артынан из деп жөнөшөт. Жаракага түшүп, алар да жок болот. Уяда бир нече күн "күкүк" деп сайрап отуруп, Зейнеп да учуп кетет. Ошол күндөн бери Зейнеп бир тууганын чакы рып, "Күкүк" деген боюнча жүрөт. Ал эми Күкүк жер алдын да жашап, "Зейнеп" деп чакыра берет экен. Ошентип, алар ушул күнгө чейин биринбири издеп, үн алышып, сайрап жүрүшүптүр.

Алтын шакек

Илгери, илгери бир чалдын жалгыз баласы бар экен. Бир күнү чал "баламды бир сынайынчы" деп, жыйырма тыйын берип базарга жиберет. Ал барып беш тыйынга күчүк, беш тыйынга мышык, беш тыйынга короз жана беш тыйынга жыландын баласын сатып алып үйүнө келет.

"Балам тыйынын бир оокатка жарарат экен десем, капкайдагы жарабаган нерселерди алыптыр" деп, чал ачуусу келип, үйүнөн кууп жиберет.

Бала корозду, мышыкты, жыланды көтөрүп алып, бет алган жагына кете берет.

Күндөрдүн биринде жыландын баласына тил кирип:

-Досум, мен жыландын падышасынын баласы элем, адамзаттын колуна эмне болуп түшкөнүмдү билбеймин, сен атамды издеп тапсаң бул дүйнөдө эч нерседен кор болбойсуң. Бир чоң кара дөбө бар, аны тапсаң бир кичине жылан чыгат, андан ары жүрүп олтурсаң бир чоң жылан чыгат, аларга менин башымды көрсөтүп койсоң дароо кетет. Ошол жыландын изи менен баса берсең, бир үңкүргө келесиң. Ал үңкүрдө бир чоң чарада алтын бар, ошол алтындын ичинде менин атам жатат. Мени ошол үңкүргө барганда кое бер. Үңкүрдүн ичинде түрдүү тамак-аш бар, өзүң ошол тамак-аштан ичип жата бер,-дейт.

Бала жүрүп отуруп, чоң кара дөбөгө келсе, алдынан бир кичине жылан чыгат, ага койнундагы жыландын башын көрсөтүп коет, кичине жылан коркуп качат. Бала андан ары басат, алдынан дагы бир чоң жылан чыгат, ага да жыландын башын кылтыйтты эле, а да ийнине кире качат. Бала анын изи менен үңкүргө кирет. Анда бир чоң чарада алтын, анын үстүндө чоң жыландын жатканын көрөт. Көтөрүп жүргөң жыланды кое берет да, өзү ар түрдүү тамактардан ичип жатып калат. Бирок көп күн жүргөндүктөн зеригет. Анын зериккенин билип, жыландын баласы:

-Досум, зериктиңби, кетесиңби?-дейт.

-Уруксат берсең кетем.

-Досум, бул алтындар сага опо болбойт, атамдын тилинин алдында алтын шакек бар, ошол шакекти атамдан сурагын. Шакектин алтымыш эки дубасы бар, ал дубаларды үйрөтүп коёмун, анан кор болбойсуң,-дейт жылан.

-Алтын шакекти өзүң сурап бергин. Жылан атасына келип:

-Ата, сиздин алтын шакегиңизди досум сурап турат, ошол шакегиңизди досума бериңиз,-дейт.

Атасы ары карап ыйлап, бери карап күлүп, "Эми болбостур" деп, күңгүрөнүп сүйлөнүп туруп "ту-у-у" деп бүркөп жиберет, ошондо алтын шакек оозунан ыргып кетет.

Жылан алтымыш эки дубаны үйрөтөт. Бала шакекти тилинин алдына салып, дубаны үйрөнүп, короз менен мышыгын көтөрүп, күчүгүн ээрчитип жөнөйт.

Жүрүп олтуруп бала бир чал менен кемпирге жолугат. Чал:

-Балам, эмне болуп жүргөн баласың,-дейт.

-"Баласы жокко бала болоюн, ботосу жокко бото болоюн" деп жүрөм,-дейт бала.

Чал аны бала кылып алат. Ал күндөрдүн биринде "атамдын үстүндө үй, өрүшүндө жылкы, короосунда кой, котологон уй болсун" деп, алтын шакегин жерге бир урат. Баланын айтканы бир заматта даяр болот.

Балага түнкүсүн күнүгө эле чыгыш жактан бир жарык көрүнөт.

-Ата, ата, күнүгө эле түн ичинде чыгыш жактан бир жарык көрүнөт, бул эмне болгон жарык?-деп бала сурайт.

-Балам, ал падышанын кызынын нуру, ал кызына үй салып берген, ошол үйдө багат. Жанагы жарык ошол кыздан чагылышып турат.

-Ата, ошол кыздын атасына жуучу түшүңүз, мен ошол кандын кызын алайын.

-Ал кыздын калыңын кайдан табамын?

-Ата, коркпой эле бара бериңиз, калыңга берүүчү малды мен табамын,-дейт.

Ошентип чал канга барат да:

-Кан, мен сага жуучуга келдим, кызыңды менин балама бересиңби?-дейт.

-Чал, сага кызымды берейин, бирок капшытымда калмак айгайлап, тушумда тулпар туйлап турсун, эшигиме чөккөн төөдөй алтын коюлсун, тоодогу жайлоомо алтын-күмүштөн сарай салынсын. Ал сарайлардын ичинде май көл менен сүт көл болсун, ошол көлдөрдө алтын-күмүш чабактар секирип ойноп турсун. Үйүмдүн четине чынар терек менен күмүш терек орнотулсун, ал чынарларда алтын булбул менен күмүш булбулдар сайрап турушсун, кызымдын калыңы ушул, ушул калыңды кырк күндө бүтүрүп, тоюңду берип, келиниңди ал,-дейт кан.

-Ушунчалык калың салды, "кырк күндө бүтүп, тоюнду берип келиниңди алгын" деди, мен мынча калынды кайдан табам, качан бүтүрөмүн,-деп чал баласына ыйлап келди.

-Эй, ата, ыйлаба, анын баарын мен табамын, эсенчилик болсо келиндүү болосуз,-деп бала бир түнү кандын шаарынын четине барып: "Калың жөнүндө кандын айткандары таң атканча бүт аткарылсын"-деп, алтын шакегин жерге бир урат.

Эртең менен караса, айлана жарк-журк этет, кандын айткандары бүт аткарылып калган.

Кан көрүп, сүйүнүп "чал келинин алсын" деп чалга жигиттерин кабарга жиберет. Чал баласын жана башка кишилерин алып канга келет. Кан той берип кызын берет. Аларга алтын сарай менен күмүш сарайын энчилеп, кыз күйөөсүн киргизип коёт.

Бала мышык менен корозду үйүнө коюп, өзү итин ээрчитип ууга чыгып кетет.

Бир күнү ысык ичкен, суюк чычкан, коко тикен менен көчүгүн аарчыган мастен кемпир баланын келинчегине келип:

-Балам, менин багар, көрөрүм жок, сенин кешигиңди ичип оокат кылып жүрөйүн,-деп ыйлап кирет.

-Жүрсөңүз, жүрүңүз,-деп келин кабыл алат. Бир нече күндөн кийин мастен кемпир келинге сөз катат:

-Эркек эле курусун, аялга сырын айтпайт тура. Сенин эриңдин тилинин алдында бир алтын шакеги бар, эриң уудан келгенде тилиңдин алдындагы алтын шакекти көрсөт деп ыйлактагын. Эриң алтын шакекти көрсөтөт. Көрсөткөндөн кийин "алтын шакегиңди мага бергин, мен кээ-кээде көрүп коюп жүрөйүн" дегин, ал берет, алтын шакекти экөөбүз көрүп коюп жүрөлү.

Бала уудан келгенде келинчеги таарыныч кылат:

-Сенин алтын шакегиң бар турбайбы, мага айтпай жүрүпсүң. Ошол шакегиңди мага бер, анда-санда көрүп коюп жүрөйүн.

Бала алтын шакегин келинчегине берет. Келинчеги ал шакекти алып, көрүп коюп жүрөт. Бир күнү мастен кемпир:

-Балам, алтын шакегиңди берчи, мен да көрөйүн,-дейт. Келин алтын шакекти кемпирге берет. Мастен кемпир алтын шакектин алтымыш эки дубасын окуп, "ушул келин менин Кейбат деген балама катын болсун" деп жерге бир урат. Ошону менен мастен кемпир келинди жети суунун ары жагындагы Кейбат деген таз баласына алып берип коёт.

Бал кечинде уудан келсе, үйдө келинчеги жок, мышыгы менен корозу калган, өзү эмне кыларын билбей отуруп калат. Итке, мышыкка тил кирип, балага:

- Капа болбогун, алтын шакекти биз табабыз, - дешип жөнөп кетишет.

Үчөө суудан өтүп, мастен кемпирдин үйүнө барышат. Ит итке кошулат, короз корозго кошулат, мышык болсо шып этип үйгө кирип кетет. Короз:

- Мен боз үйдүн жабуусун тартканда, түндүккө чыгып барып кукулуктаймын, мастен кемпир "өлүгүңдү көрөйүн, бул кандай доок?" деп мени караганда оозуна жаба "шарт" эттиремин. Ал какырынып түкүрүнгөндө оозунан алтын шакек ыргып кетет. Мышык, сен шып дедире илип кач. Ит, сен эшиктин алдында тургун, мышык келип үстүңө жабышсын, мен да учуп түшүп, аркаңа конуп калам. Анан алып качпай жаның жокпу!-дейт да түндүккө конуп кыйкырат.

Мастен кемпир:

- Бул кайдан келген короз?-деп таңыркап оозун ачып карап турганда короз шарт бир коёт. Ал: "өлүгүндү көрөйүн!"-деп түкүрүнгөндө, алтын шакек бок менен бирге ыргып кетет. Мышык шып этип илип качат, ит мышык менен корозду үстүнө кондуруп алып зымырап жөнөйт.

Мастен кемпир кандай ит экенин тааный албай калат. Ит алты суудан өтүп, жетинчи суугa барганда:

- Мен алып барамын,-деп мышыктан талашып шакекти алат. Ал сууну кечип бараткан маалда чарчап акактайт да оозунан шакекти түшүрүп жиберет.

Үчөө суудан өтүшөт, ит балага барып:

- Мен алтын шакекти суугa түшүрүп жибердим, ал шакекти балык жутум алат, балыкты балыкчылар кармайт, мен ошол кармалган балыктарды жыттап, алтын шакекти табамын -дейт.

Ошону менен төртөө сууну бойлоп жөнөшөт. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп төрт балыкчыга жолугушат. Кармаган балыктарын караса, бирөө тим эле жылтылдайт. Ит балыктарды жыттагылап, таптым дегендей ишарат берет. Бала:

-Курсагым ачып турат, мага төрт балык сат, кууруп жейин -дейт балыкчыга.

-Сатса сатайын, алыстан келе жаткан жолоочу окшойсуң,-деп балыкчы төрт балыкты сатат.

Бала төрт балыкты сатып алып, баягы жалтылдаган балыктын ичин жарат, ичинен алтын шакек чыгат. Бала алтын шакекти тилинин алдына салып:

- Мастен кемпир жер жүзүнөн жоголсун, келинчегим үйүмдө болсун,-деп алтын шакекти жерге бир урат.

Ошентип бала мастен кемпирди өлтүрөт, келинчегин өзү алат, ата-энесин алдырып, жыргап жатып калат.

Булбул

Байыркы заманда бир чал булбул экөө дос болуптур. Чал мергенчи да комузчу да экен. Ал ар күнү мылтыгын ийнине асып алып, токойдон кийик атып келип оокатын өткөрөт. Токойдо сайраган түрдүү канаттуу куштардын үнүн угуп, үйүнө келгенде аларды тууратып комуз чертип, түрдүү-түрдүү күү чыгарат.

Күндөрдүн биринде булбул чалдын күүсүнө кызыгып:

-Досум, мага күүлөрүндү үйрөтүп койчу,-дейт.

-Макул,-деп чал ар күнү кийиктен келгенде комузун колуна алып, ар кандай мукам күүлөрдү кубулжута сайратып черткенде булбул тыңшап, анын күүлөрүн тууратганга тили жатыга баштап, аздан-аздан үйрөнүп кетет. Бара-бара тим эле комуздай таңшытып, бүт үйрөнүп алат.

Булбул кийин абдан такшалат.

Анын сайраганын уккан эл тыңшап эле олтургусу келип, таң калышат. Ошондо абышка тигиге кайрылат.

- Досум, сенин сайраганын бүткүл элге жагып калды, бардыгы эле уккусу келишет. Бирок күндүзү иш менен күйпөлөктөп жүрү-шүп жакшы уга албай жатышат. Ошондуктан түнкүсүн сайрагын, түнкүсүн эл бош, сайраганынды угуп ыракаттана маашырла-нышсын,

Булбул сайроону комуздай үйрөнүп, чал досунун айтуусу бо-юнча дайым түнкүсүн сайрап калган экен.

Саякатчы бала. Тоо теке атканда

Жолдоштор, мен бир топ окуя көргөндүктөн аны сиздерге сүйлөп берем. Мен өзүм жаш болсом да, бир топту көрдүм. Саякатчылык да кылып көрдүм. Мергенчилик да кылып көрдүм. Ошондогу болуп өткөн чындыктан сиздерге сүйлөп Окуучулар, менин бул көргөндөрүмү сиздер калп деп да ойлоорсуздар, жок, андай эмес, мен мындай иштерди башымдан өткөргөндүктөн, сиздерге айтайын. Мен эң жаш кезимдеги баштан өткөргөн окуядан баштайын. Мен биринчи жолу мергенчиликке чыктым. Менин кийик атып алуучу куралдарым мына булар болду: кайыңдан ийген, кендирден чыйратмасы бар жаам, ит мурундун өзөгүн алып таштап жасаган таш мылтыгым. Жаамдын огу болсо жоонураак чийден, сап кылып учуна темир учтаганмын. Таш мылтыгымдын сүмбөсү сынбасын үчүн, четинден жасагам. Анын огун болсо тоголоктоп, аябай майга кайнатып алгам. Себеби, тийген жандыкка бир жагынан тийсе, экинчи жагынан чыгып кетүү үчүн жасалган амал эле. Ошентип камданып алып чоң бир тоого мергенчиликке чыктым. Көп эчкилердин жайылып жүргөн өңүтүнө жеттим. Тоо эчкилер эң эле жакын келди, бирок мени көрбөдү. Мен алар көрбөсө экен деп, бир таштын түбүндө өңүттөп отурам, ыраактан атайын деп, мурун аткан жок эмес белем, ошондуктан жакын келгенде атайын дейм. Бирок, жаамдын огу бирөө эле, аныктан ал жоголуп кетпес үчүн, энем бир топ тоголок жип ийрип берген. "Жаанын огу жоголуп кетпесин, ушул жипти жаанын огуна байлап, өзүңдүн бир нерсеңе байлап туруп, атып жүр" — деген энем. Мен ал жиптерди жаамдын огунун сабына байлап, бир учун белиме байлап, энемдин айтканындай алдыма жакын кирип келген бир чоң тоо эчкинин текесин атып жибердим. Атып жибергенден кийин эле бышкырып, үркүп алып жөнөдү. Тоголок жип чубалып бүткөнчө качып бара жаткан текени карап тура бердим. Тоголок жип чубалып бүткөндөн кийин эле, мени качып бара жаткан теке дегдеңдетип сүйрөп алды. Теке деле качып бара жатат, мен деле текенин артынан дегдеңдеп сүйрөлүп бара жатам. Теке деле качып бара жатат, мен деле текенин артынан дегдеңдеп текеден калышпай кетип бара жатам. Бир маалда тоо теке жарга чыга качты. Жарга чыга качканда, мен жардын алды жагында бутум жерге тиер-тийбес болуп калды. Теке ансайын жогорулап кача берди, мен ансайын дагы жогорулап жардын бооруна асыла бердим. Бир маалда тоо теке жардагы түнөгөн короосуна жетти окшойт.

Мен өйдөлөбөй, ылдыйлабай токтоп калдым. Өзүм өйдөлөбөй же ылдыйлабай калгандыктан, белимдеги байлалуу жипти кармап жогору чыга бердим. Бир аздан кийин бир чоң үңкүргө жеттим. Үңкүр капкараңгы, баягы жипти тартып көрсөм былкылдабайт. Ошондой болгондуктан акырын жипти кармап коюп, үңкүрдүн төр жагына жеттим. Үңкүрдүн төр жагына баратсам, баягы тоо текем эчак эле өлүп калыптыр. Жаам бир жагынан тийип, экинчи жагынан чыгып кеткен экен. Жип ошол октун сабында эле байлануу бойдон жүрүптүр. Ошондуктан менин белимдеги жип менен жаанын огуна байланган жип туташ болгондуктан, теке мени сүйрөп жүргөн экен. Мен ал текени кантип үйгө жеткирем. Көтөрөйүн десем көтөрө албайм. Кандайча үйгө жеткирүүнү бир аз туруп ойлондум. Аны жеткирүү оңой эле экен. Бир аз күтсөм, тоо эчкилер деги бир

короосуна келүүчүдөй, тоо эчкилер келгенде бирин алдап кармап алып, өлгөн тоо текени артып кете турганмын. Бир аздан кийин тоо эчкилер короонун ооз жагынан эле шагырап кирип келишти. Мен акырын короонун бир жагына жашына калдым. Тоо эчкилер баары тең эле аткан текени тегеректеп, маарап калышты. Мен акырын төрт аяктап, эчки сыяктуу маараган болуп, көп эчкилерге жакындап бардым. Эчкилер мага таң калгансып карап калышты. Бирок, чоң теке качырып келип сүзүп калды. Мен анын сүзгөнүнөн корккон жокмун. Сүзгөнү келе жатканда, тура калып мүйүзүнүн ортосуна кире качтым. Ал теке мени өлтүрмөк тургай кандайча кутуларын билбей, башын араң көтөрүп калды. Мен эки мүйүзүнүн ортосунда туруп, акырын-акырындап жонун сылап, мойнун кашып жатып, үйүр кылып алдым. Акырын-акырындап үстүнө барып миндим. Минсем абдан жоош болуп калды. Мен анын үстүнө минип алып, маңдай-башын сыласам, туруп берчү болду. Мен мингенге берки эчкилер таңыркап карап калышты.

Бирок, алар да үйүр боло баштады. Ошентип ал жерде 15 күн туруп калдым. Күндүзү үйрөтүп алган текемди минип алып, берки эчкилерди айдап, жакшы от жайыттарга алып барып, тойгузуп келем. Баягы өлдү деген теке өлгөн эмес экен. Жөн эле эси ооп жатып калыптыр. Кийинчерээк аны короого былк эткизбей жаткырып, жерден жакшы чөп, суу алып келип берип жатып, мал кылып алдым. Кийинчерээк абдан мага жакшы үйүр болду, кайда барсам да, ошол айыккан теке ээрчип жүрүүчү болду. Мен бул тоо эчкилерди үйүр кылгандан кийин, айдап алып үйгө кетүүнү ойлодум. Миңгич текени минип алып, тоо эчкилерди он алтынчы күнү болот дегенде короодон чыгып, үйдү көздөй айдап жөнөдүм. Акырындап үйдү көздөй айдап жайып отурдум. Бир маалда бир-эки эчким жайылып бара жаткан жерден эле тууп жиберсе болобу. Бир аз убакыт күнгө кургатып алам. Улактарды салып жүргөн куржунум бар эле. Ал эки улакты куржундун эки көзүнө салып, баягы айыккан текеге артып койдум. Ал теке менин артымдан калчу эмес. Минип бара жаткан текемден кийинки чоңу ошол эле. Эртең менен короодон чыктым. Кечинде шагыраган көп эчкини үйгө айдап кирип бардым. Бир топ күндөр өткөндөн кийин, мен баягы короого бир барып келейин деп ойлодум. Себеби, кайрадан баягы короого эчки келип калса көнүктүрүп, дагы айдап кетүүнү макул таптым. Энем да менин айткан оюмду макул көрдү. Ошентип, азык-түлүгүмдү камдап алып, баягы короону көздөй жол тарттым. Короого жетип бардым. Бирок, баягы короо өңдөнбөйт. Башка бир жаңы короо өңдөнөт.

Мен ал короонун аныктыгын билүү үчүн төр жагына жүрүп отурдум. Бирок, берки короонуку төрү жакын эле, бул короонун төрү эң эле ыраак өңдөнөт. Себеби, дагы эле төрүнө жете албай кетип эле бара жатам. Бир маалда бара түшүп, күп эле жыгылып түштүм. Түшкөндө сууга түшкөндөй болдум. Суу эки жакка бөлүнө түштү. Бирок, мен сууга чөгүп эле бара жатам. Ал суу көлбү, деңизби, агын суубу, ал жагы мага белгисиз. Себеби, жер алды караңгы, эчтеме көрүнбөйт. Өзүм сууга түшкөнүмдү гана билдим. Сууга сүзүп, чабак уруп жүрүүнү кыйын билүүчү элем, ошондуктан гана чөкпөй калкып, чабак уруп турам. Мен ал суудан кантип кутулуп, жер жүзүн көрөрүмдү билбей, бир топко ойлонуп турдум. Ойлонуп турсам да, эч айла табылгандай эмес. Андыктан суу үстү

менен чабак уруп жүрүп олтурдум. Бирок, капкараңгы, эч бир күн шооласы, жарык дүйнө көрүнбөйт. Кайда бара жатканымды билбеймин. Суу үстү менен гана кетип бара жатам. Ошентип, кетип бара жатсам, алыс жактан бир жарык шоола көрүнөт. Көрүнгөнү менен абдан алыс көрүнөт. Алыс болсо да ошол жарыкты көздөй жүрүүгө туура келди. Жүрүп отуруп ал жарыкка жакындадым. Көрсө, ал жарык жер астында тоо тукумдарынын бир асылдуусунан көрүнөт. Андан сууга түшкөн жарык күнгө чагылышкан айнектей жаркырайт. Анын жарыгынан жогору жактын капталган жер экенин ошондо билип жүрөм. Бир аз ошол жарыктын жанынан суудан ашып көтөрүлүп турган бир ташка чыгып эс алдым. Көтөргөн тамагым сууга чыланып калган көрүнөт. Чыланса да жеп тоюп алдым. Ал сууга көз жиберип карасам ушунчалык тунук, ушунчалык мелүүн жана мында жер үстүндөгү суулардай кыбыраган жандык көрүнбөйт. Экинчи бири жер астындагы суунун жана жердин бир айырмачылыгы: андан тырмактай өскөн өсүмдүк көрө албайсың. Жана урап турган кум, таш жок, баары тең эле мизилдеген гранит менен капталган.

Мен, ал жерге жашоо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, иши кылып бир жактан чыгамбы деген үмүт менен сууга сүзүп алып жөнөдүм. Чындык, караңгылык эми басты. Мурунку тоо тукум асылынан чыккан жарыктан да ажырадым. Же күндүн жарыгы жок. Күн шооласын көрбөгөндөн кийин, түнбү же күнбү, менин жер астына түшкөнүмө нече күн, нече түн болду, ал жагы да маа белгисиз. Же саатым да жок, убакытты да билүүгө болбойт. Ошентип олтуруп, бир жактан бир кичине болор-болбос дагы бир жарык шоола көрүнө баштады. Мен ал шооланы көргөндөн кийин, турчумунбу — ошол жакты көздөй шуулдап сүзүп олтурдум. Бир аздан кийин жарык шоолага жетип да бардым. Ал жарык шоола күндүп нурунан түшкөн жарык экени аныкталды. Ал жарыктын так өзүнө жетип бардым. Көрсө ал жарык, бир казылган кудук аркылуу күн шооласы жерге түшүп жаткан экен. Кудуктун түбүнө барып жер үстүндөгү жарыкты карадым. Бийик казылган кудук аркылуу жер үстү көрүнбөйт. Жалгыз гана көгөргөн көк асман мага көрүнөт. Бирок, эбегейсиз бийик кудуктан кандай чыгуум да белгисиз. Тыш жактан маа эч бир жандык көрүнбөйт. Адам баласы жакын ченде жок сыяктуу. Анда-мында гана сайраган куштардын үнү араң-араң угулат. Бир маалда ыраактан созулуп чыккан адамзат шекилдүү бир дабыш пайда боло баштады. Ал дабыш барган сайын жакындай берди. Бир аздан кийин, кудуктан суу алабыз деп, аркан байлап, чакасын калдыратып кудуктун түбүндөгү сууну көздөй түшүрүштү. Булар мени көрсө коркот го, кандайча коркутпай тышка чыгуунун акылын таптым. Биринчи чака түшкөндө чапанымды чечип чакага илээштирип жибердим. Экинчи чака түшкөндө бутумдагы чокоюмду чакага салып жибердим. Үчүнчү чака түшүп келе жатканда кудуктун түбүнөн көрүнө калып, өлгөн киши калкыгансып калдым. Чака төмөн сууга түшкөндө да суунун үстүнө чыгып калдым эле, акырын чаканын үстүнө суналып өлгөн бир адам сыяктуу чака менен көтөрүлүп олтурдум.

Акырында суу алып жаткан адамдар чаканы тышка тартып чыгышып, маа ушунчалык таң калышты. Алар маа тамактарынан берип тойгузушту. Мен эс алып, кудук тазалаганы

келип, түшүп кеткен элем дедим. Алар да менин сөзүмө ишенгендей болушту. Алардан мен кайдан келе жатканын, ошол жердин аттарын сурап алдым. Алар кербенчилер экен. Мен чыккан кудук ушул жердеги кумдуктагы кудук экендигин өздөрү кеп салышып олтурушту. Ал кудук азыр ойлосом Африканын Сахара чөлүндө, же кызыл кум, кара кумда, же болбосо Тибет дөңсөөсүндө болуу тийиш. Тууралап айтып берүүгө эсимден чыгып калыптыр.

Ырыс алды — ынтымак

Качандыр бир кезде акылдуу карыя жашаптыр. Анын тогуз уулу бар экен. Бирок балдары атасы айткан акыл-ды угушпайт. Ар кимиси өз алдынча жүрөт. Ага теге-ректегилердин баары күлөт. Чоңу кичинесин сабайт. Киченеси чоңун акырая карайт. Биримдиги жок тогуз баланы бөлөк кишилер уруп кетишет. Атасы балдары-нын кылыгы жөнүндө терең ойго чөмүлөт. Эч айла болбо-гон соң, чал өзү тоого барды да, үйүнө чоң тутам табылгы-ны көтөрүп келип, балдарын чогултуп алып:

— Кана, балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн, мына

бул табылгыны тобу менен сындыргыла,— дейт.

Тогуз уулдун ар бири кезектешип күчүн сынады. Боо-ланган табылгыны эч кимиси сындыра албай, шалдайып туруп калышты.

Карыя табылгынын боосун чечип:

— Эми бирден сындырып көргүлө,— деди.

Балдары табылгыны ошол замат чырт-чурт бөлүп, сын-

дырышты.

Абышка балдарын отургузуп алып нускалуу сөз баш-тады:

— Мен силердин келечегиңерди ойлоп капа болом. Душманыңар көп, эгер ыркыңар жок болсо, душман си-

лерди жанагы жалгыз табылгыдай барча-бурч сындырып коёт. Ал эми боолонгон табылгыдай бирдиктүү болсоңор,

сындырмак түгүл, силерди эч ким майтара албайт. Менин айтаар акылым ушул,— дейт.

ЫРЫС АЛДЫ — ЫНТЫМАК

Качандыр бир кезде акылдуу карыя жашаптыр. Анын тогуз уулу бар экен. Бирок балдары атасы айткан акыл-ды угушпайт. Ар кимиси өз алдынча жүрөт. Ага теге-ректегилердин баары күлөт. Чоңу кичинесин сабайт. Киченеси чоңун акырая карайт. Биримдиги жок тогуз баланы бөлөк кишилер уруп кетишет. Атасы балдары-нын кылыгы жөнүндө терең ойго чөмүлөт. Эч айла болбо-гон соң, чал өзү тоого барды да, үйүнө чоң тутам табылгы-ны көтөрүп келип, балдарын чогултуп алып:

— Кана, балдарым, күчүңөрдү сынап көрөйүн, мына

бул табылгыны тобу менен сындыргыла,— дейт.

Тогуз уулдун ар бири кезектешип күчүн сынады. Боо-ланган табылгыны эч кимиси сындыра албай, шалдайып туруп калышты.

Карыя табылгынын боосун чечип:

— Эми бирден сындырып көргүлө,— деди.

Балдары табылгыны ошол замат чырт-чурт бөлүп, сын-

дырышты.

Абышка балдарын отургузуп алып нускалуу сөз баш-тады:

— Мен силердин келечегиңерди ойлоп капа болом. Душманыңар көп, эгер ыркыңар жок болсо, душман си-

лерди жанагы жалгыз табылгыдай барча-бурч сындырып коёт. Ал эми боолонгон табылгыдай бирдиктүү болсоңор,

сындырмак түгүл, силерди эч ким майтара албайт. Менин айтаар акылым ушул,— дейт.

Көп узабай карыя бул дүйнөдөн өтөт. Ошондо балда-ры акылга келип, биримдик менен оокат кылып, кас-ташкан душманды жеңип, бей-бечарага каралашып, ын-тымактуу өмүр сүрүшөт. "Ырыс алды — ынтымак" деген накыл кеп ушундан улам айтылып калыптыр. (Жомок).

Жылан менен кишинин арбашы

Илгери-илгери бир дыйкаң болгон экен. Эгинин отоп жүрсө, жакын эле жерден ышкырган дабыш чыгат. "Эмне болду экен?"-деп карай калса, бет маңдайында эки-үч кадам аралыкта эгинден да бийигирээк болгон жылан куйругу менен тикесинен турат. Дыйкан апкаарып жыланды тиктеген боюнча туруп калат. Баягы жылан да кишиден көзүн албай, тостоё тигилет. Дыйкан да көзүн ирмебей көпкө чейин карап тура берет.

Бир топтон кийин дыйкан жылан менен арбашып калганын билип, бир аз эсин жыйып, мындай учурда эмне кылуу керзк экенин элден уккандары боюнча жасоого аракет кылат. Жылан менен арбашып турганда ал кыймылдап, же бурулуп кетпей, жыландын атын табууга аракет кылып, ар кандай ысымдарды айта баштайт: "Мар", "Могой", "Мокочо", "Кайыш", "Айнек", "Айнеккөз", "Уу", "Заар", "Чаар"!

Бирок жылан эч кыймылдабай тикесинен катып турат. Дыйкан жыландын аты ушул болуп калбасын деп болжогон сөздөрүн жобурап улантат. Бирок таба албайт. Жылан анда-санда ышкырып коюп, тилин соймоңдотуп, дыйкандан көзүн албай кыймылсыз. Булардын арбашуусу созула берип, бир топ убакыт өтөт.

Түш ченде дыйкандын кызы атасына тамак алып келет. Келсе, атасы жылан менен тиктешип турат. Атасы күндүн ысыгына какталып тура берип, бүткөн боюнан шорголоп тер кетип, деми кыстыгып, ичи көөп бара жаткан экен. Жыланды караса анын да ичи көөп, шайы кетип, көзү тостоюп чанагынан чыгарына аз калыптыр. Кыз жүрөгү түшүп бир кадам жасай албай каккан казыктай туруп калат.

Кызыын келгенин билген дыйкан: "Топчумду чеч!"-деп айтууга гана араң кудурети келет. Эмнегедир шол замат баягы жыландын ичи тарс эте жарылып, сулап жатып калат. Көрсө, жыландын аты "Топчу" экен. Жыландын аты табылган соң, ичи жарылып кетиптир.

Жылан менен арбашкан адам, жыландын атын таба албаса ичи көөп, жарылып өлөт экен.

Ошентип дыйкан жыланды жеңип бала-бакырасы менен аман-эсен оокатын кылып жатып калган экен.

Көкө мерен (уламыш)

Илгери-илгери өткөн бир замандарда ушул азыркы Нарын турган жер учукыйры көрүнбөгөн чытырман түнт токой болуп, анда не бир түркүн жан жаныбарлар күн кечиришип, не бир сонун түмөн түрлүү канаттуу куштар безеленип сайрап турчу дешет. Мына ошол ажайып бейиш бакты мекендеп, аңчылыкты кесип туткан кыргыздардын моңол деген уруусунан Көкө аттуу ары балбан, ары көзгө атар мерген чыгыптыр. Ал ата кесибин улантып, мергенчилик менен күн кечирип жатканда, өзүнүн жериндеги азырак элди кара тумоо, чечек, сынга, мерес сыяктуу дабаасыз дарт каптап, жумурай журттун шаштысын, тынчын алат.

Ошондой дарттын зардабынанбы же жоокерчилик замандагы уруулар ор тосунда тезтез болуп туруучу кандуу кагышыпгууларданбы, айтор, эл абдан кыйналат, бирок ырыстуу ынтымакчылыктан, касиеттүү кайрымдуулуктан кайтышпайт, бирибирине кол кабыш кылып, журт уюткусу бөлүнбөйт. Ошондой күндөрдүн биринде Көкө мерген аң уулоого барат, бирок көзүнө эч нерсе чалдыкпай, колуна мүдүр нерсе урунбай, ойдутоону бүт кыдырып, арыпачып келе жатса, алдынан бир бугу ойт берип чыга калат. Мерген анын соңунан түшүп кубалап, жаасын тартып калат, кийикжаралан ганына карабай карагай аралап качып олтурат.

Баатыр из кубалап артынан барса, кийик бир асканын түбүнө ташка жыгачтан жөлөп, үстүн карагай, арчанын бутактары менен жаап жасалган жарты алачыктын жанына токтойт. Аңгыча жарты алачыктан тери шым, кемсел, башына малакай кийген бир байбиче чыгып, ага аралдуу кийикти көрсөтүп: Мен кайберендин ээси болом. Сен "элимди багам" деп, кайберендерди эсепсиз кырып тукумкурут кылдың, кайбе рендердин учугу уланбас болду. Касиеттүү кайберен эненин каргышына калдың. Мындан ары өзүң кырган кайберендерге жем бол, — деп батасын берип, көздөн кайым болот. Ошондо элин багам деп аңчылык кылып, бирок табияттын мыйзамын бузуп, кайберендерди ашыкча бүлгүнгө учураткан Көкө мерген чөпкө айланып, жараланган кийик болсо, аны жеп сакайып кетет. Упгундан улам бул чөптү эл Көкө Мерген деп жүрүп, бара бара көкөмерен атанып, жабыркаган жарааттарга шыпаа, дабаасыз дарттарга дабаа болуучу чөп чай катары бааланып, колдонулуп келет. Көкөмерен гүлүнүн көк болгону Көкө мергендин көк мыштыгынын көк экенин билгизет имиш.

Кан менен вазир

Бир убакта кан өзүнүн вазирине ачуусу келип өлтүрмөкчү болот. Кандай кылып өлтүрөйүн деп ойлоп, үч каздын учуп баратканын көрүп:

-Ушунун тилин билип кел, эмне деп учуп бара жатат! Эгер тилин билип келбесең, башыңды алам,-дейт.

-Макул,-деп кандын вазири үч каздын артынан чаап бара жатса, мунарада чыгып турган кандын кызы көрүп, вазирди чакырып:- Эмне чаап бара жатасың?-деп сурайт.

Вазир:

-Кан мобул учуп бара жаткан үч каздын тилин билип кел, билип келбесең башыңды алам" деди. Ушул каздардын тилин билгени бара жатамын,-дейт.

Кандын кызы айтат:

-Ээ, вазирим, сен каздын тилин кантип билесиң? Сен эмес кан билбей жатса, андан көрө канга кайта мындай деп айтып бар: - Бир каз "Вазир жакшы кан жакшы" деп айтып бара жатса, экинчи каз: "Катын жакшы эр жакшы" деп айтып бара жатат деп канга бар. Ушинтсең бир жооп айтар кан,-деп кыз вазирди кайра жолго салды.

Вазир канга келип баягындай кылып айтып берди.

-Жок, муну сен каздардан сураган жоксуң, бул жооп менин гана тукумумдан чыкмак. Ким айтты, айткын, айтпасаң азыр башыңды алам,-дейт кан. Вазир айласы кетип капаланып кайгырып, эмне кыларын биле албай:

-Эки күн уруксат бериңиз, айтып берейин,-деп уруксат алат. Айласы кеткен вазир, кайда барарын билбей, "Баякы кызга барайынчы, эмне дээр экен",-деп кызга келет. Кыз вазирге:

-Тагдыр башка салганды көрөсүз да,-дейт. Вазир эки күндөн кийин канга келип:

-Сиздин кызыңыз айтты эле,-деп ажалдан калат. Кан кызына каарданып: "Ага бир кылыкты кылайын" деп ойлоп калат. Үйүнө келип, жакын шаарларынын бардыгына тең кабар берет:

-Жакшыңардан жаманыңар көп келгиле,-деп, элине жар чакыртып, "келбегендерди жазалаймын" деп буйрук кылат.

Элдин баары тойго келип, кандын алдынан чубап өтө беришет. Элдердин баары самсаалап өтүп жатканда бир келесоо сары таз "Барсамбы, барбасамбы"-деп отуруп, бир убакта зөөкүрлөнүп кандын алдына келип калат. Кан аны чакыртып алып, кызын ошо тазга бермекчи болот.

Кандын кызы атасы элди чакыртып жатканда бир жаманга берерин билип күйөөсүнө, өзүнө эки кабаттап кийим жасатып, анын ичине алтындан шыкап тиктирип коёт. Эл

чогулуп өтүп бүткөндөн кийин кан кызын чакырып: Балам, сени ушу тазга арнадым, ушуну менен оокат кыл,-деп айтат.

Кыз:

-Макул, атаке, сиздин айтканыңызды мен орундайын, менин бир суроомду дагы сиз аткарыңыз,-дейт.

Кан:

-Макул болот,-дегенде кыз айтат:

-Мен уруксат бермейинче, ушул шаардын отун түн ичинде чыгарбаңыз. Күүгүм кире электе элиңиз жатсын, өзүңүз да ошентиңиз-деди.

-Макул кызым айтканынды орундайын,-дейт хан.

Кыз баягы тазды ээрчитип, бир камыштуу саздын жээгине алып барат. Барып баягы саздын жээгине алтындан үй салдырат. Экөө ошол жерде оокат кылып калат. Кыз таздын башын жууп, тарап айыктырат.

-Ат сатып кел, деп бир күнү колуна акча берип аны базарга жиберет. Базарга барып бир семиз ат сатып алып, таз кечинде үйүнө келет. Кыз:

-Бул атты эмне үчүн сатып алдың?-деп сурайт.

-Семиз экен, отун-суу тартканга жакшы экен,-деп жооп берет. Кыз ал атты үйүнө коюп, эртеси күйөөсү экөө базарга ат сатып алганы келе жатса, бир отун арткан боз ат баткакка тыгылып, ээси чыгара албай жатканын көрүп, кыз барып:

-Атыңды сатасыңбы, сатсаң мен сага бир семиз ат жана бир топ дилде беремин,-дейт. Боз аттын ээси сүйүнүп кетип:

-Сатам, сатам,-дейт. Кыз атты сатып алып, үйүнө келет.

"Семиздин ордуна арык ат алдың" деп жолдо карата эри урушуп келет. Аялы унчукпай жүрүп отуруп, үйүнө келгенден кийин атты жууп- тазалап бага берет.

Бир түнү Кызыр-Илияс, Акыл, Бак үчөө "канга учурашалы" деп келе жатышса, шаарда жылт эткен от, былк эткен киши жок, үчөө таң калышып, кобурашып келе жатканын таздын аялы үйүндө жатып угат. Бир убакта баягы үчөө тигилердин үйүндө гана от чыгып жатканын көрүп: "Бул кандай адам? Элдин баары жатса, бул от жагып отурат. Бул соо адам эмес экен, ырыстуу экен", деп баягылар кайрылып:

-Бул үйдө ким бар, адам болсо бери чыксын!-дешет. Анда кыз: "Бул үйдө ким болсун, киши бар, керек болсо өзүңөр түшүп келгиле",-дейт.

Анда Кызыр: "Мен кызырмын, батамды берем, бери чык",-дейт.

-Чыкпайм, керек болсо өзүң келип, бата бер! -дейт кыз. Анда Акыл айтат: "Мен акылмын, акылың жок болсо акыл берем", дейт.

Кыз дагы жогоркудай жооп берет. Андан кийин Бак айтат:

-Мен Бакмын, багың жок болсо бак берем,-дейт үчөөңөргө тең мен керек болсом, өзүңөр келгиле, мен барып албаймын,-дейт кыз.

Үчөө кобурашып:

-Бу кандай адам? Буга үчөөбүздүн тең керегибиз жок экен дешип таң калышат да, жок муну көрөлүчү,-дешип үчөө тең түшүп үйгө киришет.

Кыз үчөөнү карап туруп:

-Сен кимсиң? Сен ким?-деп сурап, Акылга айтат:

-Сен Акыл болсоң, таң атканча менин күйөөм менен жатчы. Макул,-деп Акыл таң атканча күйөөсү менен кучакташып жатып, таң атып келе жатканда үчөө тең кетишет.

Эртең менен жигит турса эң акылдуу болуп калыптыр. Кыз бир күнү жигитке:

-Эми мен сага бир сөз айтам, ошону аткаргын,-дейт. Күйөөсү макул болот.

Баякы боз ат тулпар болучу. Кыз таптап олтуруп, аны табына келтирген. Тулпарды мингизип, күйөөсүнө:

-Сагызганды барып чапчы,-дейт. Жигит сагызганды чапса, канатын бир сапар ирмегенде чабат. Дагы бир күнү чаптырса, эңкейе бергенде чабат. Үчүнчү сапар барып чапканда, былк эткенде чабат. Ушуну айтып келгенде кыз күйөөсүнө айтат:

-Кандын бир алтын кийиги бар, жылыга бир маал келет. Жыл сайын кууп кармай албайт. Сен ошого баргын дагы кармап берип, дос болуп кел. Бара жатканыңда алтын кийикти кууп келе жаткан канга учурайсын. Кан:

"Алтын кийикти куугун",-дейт. Сен анда дагы болбогун. Андан кийин кырк жигит учурайт, ошолордун эң аягын күтүп туруп, эң аягындагысынан: "Артта дагы киши барбы?"-деп сура. "Жок" дегенде, ошондо чу коюп отуруп, баарынан өтөсүң, канга жетесиң, канга келгенде: "Кийигиңди кармап берейин, дос болосуңбу" - де, "дос болом" деп үч айттырып, колунан кармап туруп, бекем алыш да, ошондон чу коюп отуруп кийикке жетесиң. Кармаганыңдан кийин кийикти ээрдин кашына коюп алып, шаарды аралап чаап жүрө бер, кан сенден "досум, соогат" деп чаап отурат. Жол катар унчукпастан шаарды аралап отуруп, үйүнө алпарып байлап кой. Кан келет дагы сени жакшы көрсө тактысынын жанындагы бөлмөгө, жаман көрсө үйүнүн жанында бир үй бар ошого отургузат. Алтын кийикти кармап берсең, жакшы көргөн үйүнө сени алпарып киргизет да, сөзгө келип: "Дүнүйөмдүн бардыгын берейин, ошого ыраазы бол!"-дейт. Сен унчукпай отура берип, эң аягында тамак ичкенден кийин "Каным, экөөбүз дос бололу, мага дүнүйөнүн кереги жок"-деп гана кол алышып, үйгө келе бер,-дейт.

Бир күнү кан баягы алтын кийиктин келер мезгилинде аны тосуп, аңга кырк жигити менен чыгат. Кыз аны билип, күйөөсүн атына мингизип, колуна укурук берип жөнөтөт. Жигит жүрүп отуруп, канга барып кыздын айтканынын баарысын аткарып, кандын үйүнө келет. Жигит кийикти өңөрүп чаап келе жатканда, кан "досум, соогат"-деп сураса, тоотпой баратканын көргөн элдер таң калышат. Кыз эртеси атасына келип түн ичинде чырак жактырууга уруксат кылат.

Жигит ак боз ат менен алчандатып күнүгө базарга келгенде эл таң калып, кээси бата берет.

- Мурда күнү ушул жигит алтын кийикти алып келди эле кан бүгүндөн баштап түн ичинде чырак жактырууга уруксат кылды,-деп билгени-жигитке алкыш айтышып, он чакты жыл чырак көрбөгөн элдер таң калып жүрүшөт.

Кыз күйөөсүн күнүгө кандыкына жиберип, конок кылдырып турат. Кыз бир күнү күйөөсүнө:

-"Мен сиздикинен көп тамак ичтим. Сиз биздикинен даам татып кетиңиз"-деп канды чакырып кел,-деди. Күйөөсү: "Макул" деп, бир күн канды конокко чакырып келет. Канды төркү үйүнө киргизип, өзү үйүндө тамагын бышыра берет. Ичип отуруп: "Ушунун катынын көрсөм" деп ойлоп, кан:

-Досум, катыныңды чакырчы,-деп жигитке айтат.

-Азыр келет,-деп жигит отура берет.

-Качан келет?-деп улам-улам шаштырат.

Тамакты ичип бүткөндө жигит катынын ээрчитип киргенде, кан кызын көрүп бакырып, кызы дагы бакырып кучакташып ыйлап, кан кандыгын күйөөсүнө берип, өзү жөнөкөй киши болуп жатып калат.

Мына ушуңдан улам "Катын жакшы - эр жакшы" деген лакап кыргыз элине тараган экен.

Санташ (уламыш)

Санташ дөбөсү жөнүндө эл оозунда мындай бир уламыш бар: Тимур (Тамерлан) XV кылымдын акыркы чейрегинде "Самарканддан биринчи жортуулга чыгып, Кытайдан Ние провинциясына бара жатканда, Ысык-Көл өрөөнүндөгү тоо арасындагы өткөөл аркылуу өткөн.

Ушул жерге жакындаганда аскерлердин башында бара жаткан Тимур ар бир жоокерге бирден таш алып, белдин этегине чогултууну буюрат. Натыйжада эки жерде: бири чоң, бири кичирээк таш дөбө пайда болот. Бул эки дөбөдөгү таштардын саны Тимурдун аскерлеринин санына туура келген.

Тимур аскерлери менен жортуулдан кайтканда, кайрадан баягы тоо арасындагы өткөөл аркылуу өтүшөт. Тимур аскерлерине дөбөдөгү таштардан бирден алууну буюрат. Таш дөбөлөр абдан кичирейет, бирок түгөнбөйт. Демек, өткөөлдө калган таштардын саны канча болсо, ошончолук аскер жоодон кайткан экен. Таш дөбө кичирейгенине караганда, жоодон бир топ аскер кайткан эмес.

Ошондон бери бул жер Санташ деп аталып калган. Ал он миңдеген ташты билдирет.

Асан

Илгери, илгери бир кандын улуу катынынан эки бала, кичүү катынынан Асан деген баласы болуптур. Бир күнү кан түш көрүп, түшүндө булбулдун сайраган үнүн угуп, ошол булбулга ашык болуп калат. Кан күндөн күнгө саргайып, акыры чоң ооруга чалдыгат. Атасы эмнеден ооруп жатканын балдары билишпейт.

Бир күнү кан үч баласын чакыртып:

-Балдарым, мен бир түш көрдүм, түшүмдө бир булбул үнүн мукам-мукам чыгарып укмуш сайрады, мен ошол булбулга ашык болуп, ашыктыктанн ооруп, минтип төшөктө жатамын, булбулду мага кимиң алып келип бересиңер?-дейт.

Улуу катындын эки уулу:

-Биз алып келип беребиз,-дешет. Ошол кезде Асан жаш болот.

-Булбулду алып келүү Асандын колунан келет эле, бирок ал "жаштык кылат, силердин колуңардан келбейт",-дейт кан.

-Бизди Асандан кемсинтет,-деп эки уулу атасына таарынышат. Кан:

-Кой, таарынбагыла, үчөөң тең баргыла,-деп үчөөнү тең жиберет.

Баягы кандын эки уулу Асанды ээрчитип алып, жүрүп олтуруп, бир тактай кудукка барышат. Ал кудуктун жанында эки жол жатат. Бир жолго "барса келет", бир жолго "барса келбес жол" деп, жазылып коюлган. "Барса келет жолго" эки агасы түшөт, "барса келбес жолго" Асан түшөт. Бул үчөө жолго чыга электен мурун Асан:-үчөөбүз кудуктун тактасын үч аталы, кимибиз келсек, тактадан өзүбүздүн огубузду суурул алалы, келгенибизди ошондон билели,-дейт.

Тактаны үчөө үч атат да, жолдоруна түшүп жүрүп кетишет.

Асан жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир күмбөзгө жолугат. Кирип барса түрдүү тамактар бышып турат, эки жагын караса, эч ким жок, курсагы ачкан Асан тамакты иче баштайт. Күмбөздүн төбөсүндө аңдып жаткан мастен кемпир:

-Бейжооп тамакты ичип жаткан ким?-деп кыйкырып түшүп келет да, Асанды кийик кылып коет. Ал кийик мени бирөөлөр атып жеп коёт деп мастен кемпирге жалына берет. Мастен кемпир кийиктен жадап, анын тилин дубалап байлап коет. Кийик мастен кемпирден түңүлүп андан ары кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп дагы бир күмбөзгө жолугат, кирип барса, баягындай түрдүү тамактар бышып турат, бирок Асан коркуп такыр жебейт. Бир маалда күмбөздүн төбөсүнөн бир кыз:

-Бул жерде бейжооп жүргөн ким?-деп түшүп келет. Кийик бүрүшүп, корголоп калат. Кыз кийиктин адамзат экенин билет да, "Мастен кемпир кылгылыкты кылган экен" деп кийикти дубалайт. Кийик адамзат болуп чыга келет. Кыз:

-Сен кайдан жүргөн баласың?-деп сурайт.

Асан тили жок, дудукча колу менен жаңсайт. Кыз "Асандын тилин да байлап койгон экен" деп, тилге келтирет. Асанга тил кирет, ал кызга жол жүрүп баратып мастен кемпирдин үйүнө туш келгенин, ач болгондуктан тамактарын жеп койгонун, мастен кемпир тамагын кызганып, кийик кылганын жана башкаларды айтып түшүндүрөт. Кыз Асандын эрдигине ыраазы болуп, түрдүү-түрдүү тамак-аштарды коюп сыйлайт. Ошентип экөө турмуш куруп, жыргап жатып калышат.

Күндөрдүн биринде Асан:

-Атам кан эле, бир мукам сайраган булбулдун үнүнө ашык болуп калып, ошол булбулду таап келгин деп жиберди эле, мен ошол булбулду издеп жүрөмүн,-деп кызга чын сырын айтат.

Кыз:

-Ал булбул жин перинин падышасынын кызынын колунда турат. Тоонун башында бир кара куш бар, ал жыл сайын тууйт, бирок жыл сайын балдарын ажыдаар жеп коёт, ошонун балдарын ажыдаардан аман куткарсаң, сени булбулга ошол кара куш жеткирет. Анын балапандары темир канат болуп учар убагында уянын түбүнө чуңкур казып, ошол чуңкурда жааңды алып, андып жаткын, ажыдаар келгенде атып өлтүргүн,-дейт.

Асан тоонун башына барып, баягы келинчеги айткандай жаасын алып, кара куштун балапандары жаткан уяны аңдып жатат.

Бир убакта ажыдаар келип, уяга чыга баштайт, балапандары чырылдап, чыркырашат. Асан ажыдаарды тең бөлө атат. Аңгыча болбой үйдөй ташты үтүрөндөтүп, койдой ташты котураңдатып, бороон-чапкын менен кара куш келет. Келсе, балдары аман-эсен. Сүйүнүчү койнуна батпай, балапандарынан:

-Ажыдаардан кантип кутулдуңар?-деп сурайт. Балдары:

-Ажыдаар бизди жутам деп уяга чыгып келатканда мына бул киши атып өлтүрдү,-деп жооп беришет.

Ошондо кара куш:

-Сен мага аябай чоң жардам кылган экенсиң. Эми сенин эмне мүдөөң бар?-дейт. Асан:

-Жин перинин падышасынын кызынын колундагы булбулду алып бер,-дейт.

Кара куш булбул кушка кантип баруунун жолун бардык куштардан сурайт. Ошондо жин перинин падышасына үч жыл туткун болгон көөдөнү адам, көчүгү куш киши кара кушка:

-Жин перилер удаасы менен үч күн уктайт, ошол уктап жаткан кезде барсаңар кудайдын жалгаганы, уктабаган убакта барсаңар кудайдын каргаганы,-дейт.

Кара куш Асанды алып жөнөйт. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп алардын уктаганына бир күн калганда барышат. Ал күнү токойдун ичинде жашынып жатып, эртеси Асан алтын туурда олтурган булбулду алып, келинчегине келип, үчөө жөнөп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп баягы такталуу кудукка келишет. Асан үч окту караса, үчөө тен, тактада кадалган бойдон турат. Асан эки агасынын кетпегенин билет да, келинчеги менен булбулду ошол жерге коюп, өзү эки агасын издеп кетет.

Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир айылга келет. Келсе, бир агасы Чокой деген байга, бир агасы Кепич деген байга малай болуп жүргөн жеринен табат. Асан агаларын алып кетемин десе, байлар:

-Бул экөөнүн ичкен-жегениң төлөмөйүнчө, кое бербейбиз,-деп чатак кылышат.

Асан эки агасынын ичкен-жегенин бүт төлөп, куткарып кудукка барат. Ошол жерден эки агасы Асандын келинчегин, булбулду көрүп көңүлдөрү бузулат. "Уялбай кантип барабыз" деп, Асандын эки көзүн чукуп, сокур кылып туруп, кудукка салып жиберишет. Булбул Асандын эки көзүн кебезге ороп, эки канатынын алдына катып коёт. Асандын келинчеги карматпай качып кетет.

Баягы Асандын эки агасы:

-Булбулду биз алып келдик,-деп атасына алып барышат. Кан эки уулунан:

-Булбулду кантип таап келдиңер?-дегенде, бирөө:

-Күлүк ат минип караңгыда уурдап келдик,-дейт. Экинчиси:

-Караңгыда жөө эле уурдап келдик,-дейт. Балдарынын сөзүнүн эки ачалык билингенден кийин:

-Сени ким алып келди?-деп булбулдан сурайт. Ошондо булбул:

-Бул экөөнүн иниси Асан деген алып келген, бирок бул экөө намыс кылып, Асандын эки көзүн чукуп, такталуу кудукка салып жибериштi, эки көзү менин эки канатымдын алдында турат, Асан өлгөн жок, тирүү эле кудуктун түбүндө жатат,-дейт.

Кан кудуктан Асанды алып келдирип, эки көзүн жылуусунда салдырып, мүрөктүн суусун куйдуруп айыктырат. Ал эми берки эки баласын даргага тарттырып өлтүрөт.

Кан каалаган булбулуна жетип, Асан келинчегин алып келип, элине кан болуп, жыргап-куунап жатып калат.

Жалбыз (уламыш)

Илгери Улукман дарыгердин Жалбыз деген жалгыз баласы болуптур. Баласы абдан акьшдуу, зээндүү, өткүр болуп өсөт. Атасынын кубанычы койнуна батпай, баласына аябай ыраазы болот экен. Кундөрдүн биринде Улукман дарыгердин баласы ооруп калат. Оорусу күндөнкүнгө күчөйт. Улукман аке билген дарысынын барын берет, бардык билген чөптөн дары жа сап баласын дарьшайт. Бирок баланын оорусу айыкпастан кайра күчөйт. Байкуш ата күнү да, түнү да баласын кантип айыктырып, аман алып калсам деп ойлонот. Айласы кетет.

Ар кай жактан дарыгерлерди чакыртат. Баары тең бала ны көрүшүп эч бир жардам бере албасын айтышып, кайра жолго түшүшөт. Күндөр өтө берет. Баланын оорусу күчөп, акыры көз жумат. Атанын кайгысы жүрөгүнө батпай, жалгыз баласын жерге жашырат. Күндөрдүн биринде Улукман аке чапанын желбегей жа мынып, суунун жээгинде отуруптур. Жээктен бир чоочун чөптү көрүп, акырын маки менен чөптү кесип алып, жээк ке коюп, үстүнө макисин коюп коёт. Өзү колун жууп, жүзүн чайкап болуп, макисин алайын десе макисинин мизи кара рып, чөпкө тийген жери эрип кетиптир. Ошондо Улукман аке: Атандьш көрү ай, Жалбызым, Жалбызым, ушул чөптү Ай билгенде, аман калмак экенсиң ай, жалгызым, жалгызым, деп буркурап ыйлаган экен. Ошондон бери ошол чөптүн атын "Жалбыз" деп атап ка лышыптыр. Жалбыздан көп сандаган дарылар жасалып, көп ооруларга дары болуп, ооруган адамдарга пайдасы тийип келе жатат.

Куу түлкү

Жолборс бир түлкүнү кармап алат. Түлкү куйругун буландатып, тумшугун жогору көтөрүп:

-Мени жей албайсың! Мен мына бул калың токойдун кожоюну болуу үчүн келгенмин,-дейт.

Жолборс ары карап, бери карап анын сөзүнө ишенбейт. Анда түлкү:

-Жоке, ишенбесең мени менен бирге токойго баргын. Андагы бардык айбанаттардын менден кандай корко тургандыктарын өз көзүң менен көргүн!-дейт.

- Көрсө көрөйүн,-деп жолборс түлкүнү ээрчип жөнөйт.

Түлкү анын алдына түшүп алып, абайлап жүрүп отурат. Жолборсту көргөндөрдүн жүрөктөрү түшүп, туш-тушка качып, жым-жым жок болушат. Канаттуу куштар уяларынан уча качышат. Түлкү жолборско:

-Жоке, менден коркпой турган эч ким жок экендигине эми көзүң жеткендир-дейт.

Анда жолборс:

-Чындыгында сен абдан барктуу экенсиң. Айбанаттардын баары сыйлап, абдан коркушат тура. Сени менен эрегишип, жамандык кылуу болбойт,-деп түлкүдөн коркуп, кое берет.

Ошентип куу түлкү куулугунан өлүмдөн кутулган экен.

Асыл таш

Качандыр мындан нечен кылым мурун кыргыздын улуу тоосунун эки капчыгайын ээлеп жанаша жашаган эки байдын толгон малы бар экен. Байлар бирин бири жакшы көрбөй: "Ушунун малын мен ээлеп калсам" деп, экөө тең өз ичинен ойлоп жүрдү.

Арадан көп жыл өтүп, эки байдын бирөө өлдү, Анын артынан зайбы да өлдү. Алардын жалгыз уулу он эки жашка чыккан кезинде тоголок жетим калды. Жанаша турган экинчи бай ушундан пайдаланып, жетимдин малы менен мүлкүн бүт бойдон алмакчы болуп, жетимге:

- Сен, балам, жарык дүйнөдө жалгыз досумдан калган жалгыз жетимсиң. Ал эми жалгыз уулум болсо, чоң кербенчилер менен бирге алыскы сапарга кетип, ошол бойдон, кайтпады, балам өлгөн окшойт. Ошондуктан сен менин уулум бол. Өз атандан кем бакпасмын,-деди.

Мына ушинтип, "жетимди бала кылып алдым" деп, бай бүт айлына жар чакыртты. Жетимдин малы менен мүлкүн өзүнө бүт бойдон кошуп алды. Ушуну менен бул байдын байлыгы эки эсе көбөйдү, анан бай жетимден кантип кутулуунул жолун издей баштады.

Бөлөк байдын балдары менен бирге жетим молдонун колунда окуп жүрдү. Бир жолу окуудан келатып, жолдо буту сынып калган баканы көрөт. Бала аны колуна алып, үйүнө алып кетмекчи болду.

Бир аз баса түшкөндөн кийин алды жагында баткакка тыгылып калган арабаны көрдү. Бала ушул баканын бутун сындырып кеткен дал ушул араба го деп ойлоду. Бала арабанын жанына келип, анын ээсине:

-Сен эмне, сокур болуп калгансыңбы? Мына бул байкуштун бутун неге сындырып кеттиң?-деди.

-Мына кызык! Баканы жактай турган киши табылган турбайбы! Мунун сага эмне кереги бар?-деп, арабанын ээси баланы катуу каарып, камчысы менен жондон ары тартып жиберди. Бала ыйлаган жок, баканы өзүнүн үйүнө көтөрүп келип, бутун таңып, тойгузуп, короонун ичинен кичинекей чуңкур казып, ал чуңкурга суу толтуруп, бакасын ошол сууга кое берди. Андан кийин күн сайын баканы жакшылап карап, курсагын ачырган жок.

Кийин бай асыранды баласынын короонун ичиндеги көлчүккө күн сайын эки маал жүгүрүп барып жүргөнүн байкап, бул бала эмне үчүн минтип жүргөнүн билмекчи болот. Бир күнү бала окууга кеткенден кийин, бай акырын басып барып, көлчүктө эмне бар экенин караса, бака аркы-терки сүзүп жүргөн экен. "Бул бака мында кайдан келди? Муну менин асыранды балам алып келдиби?"-деп ойлоду бай.

Кечке жуук бала окуусунан келип, короонун ичиндеги көлчүккө дагы барды. Анын артынан бай кошо аңдып чыкты. Акырын гана карап турса, көлчүктөн бака чыга келип, баланын берген азыгын жеп, кайра чулп этип сууга кирип кетти.

Бай буга аябай ачууланып, асыранды баласына;

-Мен сени бала кылып бактым эле, сени киши болобу деп ойлогом. Бирок сен менин кызматымды барктаган жоксуң. Өзүмө жакшылык кылбай, мына бул жаман бакага жакшылык кылып, күн сайын эки маал тойгузуп жүргөн экенсиң. "Мал арыгын сактасаң - ооз майлайт, киши арыгын сактасаң - төбө каңдайт" деген ушул. Сен эми менден таптакыр кеткин. Бакаңды көтөргүн да, көзүмө көрүнбөй жогол!-деди бай каарданып.

Бала баканы колуна алып башы оогон жакка кете берди. Ал ээн талаа, эрме чөлдө жүрүп отуруп, жолдо бир көлгө жолукту.

"Ушул көлгө баканы кое берейинчи, бул байкуш, да эптеп оокат кылсын", деп ойлоп, бала баканы көлгө кое берди. Бака көлгө түшүп, бала менен коштошуп:

-Сен мени ажалдан куткарып калдың. Мен дагы сага ошончолук жакшылык кылышым керек. Мына бул асыл ташты алгын. Эмнени кааласаң, бул таш ошол тилегиңе жеткирет,-деп адамча сүйлөдү. Ушинтип айтып бака кусуп жибергенде, оозунан кичинекей көк-жашыл таш ыргып кетти.

-Ал эми сенин мындан ары жолуңду айтсам, мына мындай болот: көп күн жол жүргөндөн кийин, жолдун айрылышына кезигесиң: эгер андагы чоң жолго түшсөң, алты ай бою басышың керек, бирок ал жол тынч жана сага зыян кылган эч нерсе болбойт! Анын жанындагы тар жолго түшсөң, үч ай басасың, бирок ал жол эң эле коркунучтуу. Тар жолдон коркпогун. Сенин колуңда көк-жашыл асыл таш бар эмеспи. Бул таш бар кезинде, сен эч нерседен кор болбойсуң,-деди бака.

Бала бака менен жакшылап коштошуп, тынбай жүрүп отуруп, баягы жолдун эки айрылышына барды. Ырас эле бири чоң, экинчиси тар жол экен. Баканын айтканын эске алып, тар жолго түштү. Жолунан ар кыл жырткыч айбандар чыгып, баланы качырып келип, бирок эч кандай зыян кылбастан кайра кайтып турушту. Ошентип бала узак жол жүрдү. Анан бир жерге барып, бир аз тынмакчы болду. Дал ошол жерден жыландын сыйрылып калган кабыгын көрдү.

"Колумдагы асыл таштын күчү канчалык экен, ушуну бир сынап көрөйүнчү",-деп бала колундагы көк жашыл ташты жыландын кабыгына тийгизди. Жылан ошол замат тирилип чыга келди. Анан балага карап:

-Сен мени тирилтип алдың. Дал ушул күндөн тартып мен сага түбөлүк дос болом. Менин айткан сөзүмдү көкүрөгүңө түйүп ал, качан мен керек болсом: "кел, жыланым", дейсиң, ошондо мен сага жетип келем,-деди.

Мына ошентип, жылан өз сырын балага бүт бойдон айтып берип, жолдон алыс сойлоп кетти. Бала өз жолун улантты. Жолдо баратса, өлүп калган аары жатыптыр. Бала өзүнүн асыл ташын ошол аарыга тийгизип, аны да тирилтип алды. Аары мурутунан бирди үзүп берип, балага:

-Эгер башыңа кыйын иш түшсө, мурутумдун учун отко күйгүзгүн, ошол замат сага жардам бериш үчүн учуп жетем,-деди.

Бала дагы көп күн жол жүрдү. Жолдун боюнда адамдын куурап калган башы жатыптыр. Бала ага өзүнүн асыл ташын тийгизди эле, ал куу баш татынакай мырза жигит болуп тура келди. Өзүнүн асыл ташынын күчү аркылуу адамды да тирилтип алганы үчүн бала аябай кубанып, аны өз агасындай көрүп дагы жүрүп отурду.

Бир күнү:

-Сен мени кантип тирилтип алдың?-деп сурады мырза жигит, жолдо келе жатып баладан. Бала баканы кандай кылып бакканын, ал бака буга көк жашыл асыл ташты бергенин, ошол асыл таш колунда жүргөнүн чыпчыргасын коротпой, айтып берди.

Жигит да атасы аябаган чоң бай болгонун, атасынын баланы алыс жолго кербенчилер менен кошо соода кылып келүүгө жибергенин, жолдо каракчылар кол салып, кербенчилердин малы-мүлкүн бүт бойдон тартып алып, өздөрүн өлтүрүп, ошол бойдон кайтып кетишкенин айтып берди. Ушул сөздөрдү айткандан кийин жигит балага өзүнүн ыразылыгын билдирип, мындан ары бала менен түбөлүк дос болууга убадасын берди.

Экөө дагы узак жол жүрдү. Бир түнү тыныгып жатканда мырза жигит балага:

-Сен мага чыныгы дос экениндиi аныктап көрсөт: койнуңдагы асыл ташты менин колума бер, эртең кайра өзүңө берем,-деди.

Бала эч шек алган жок, көк жашыл ташты койнунан сууруп, жигиттин колуна кармата салды. Эртесинде бала ташты кайра сурады, жигит ташты бермек түгүл, жылмайып гана күлүп койду.

Бул экөө дагы узак жол жүрдү, акыры ээн талаа, эрме чөлгө жетишти. Аябай суусап, каны катып баратканда, асманда учуп жүргөн карганы көрүштү.

-Суу жок жерде карга да жашабайт, жакын эле жерде суу болушу керек!-деп бала кубанычтуу кыйкырып жиберди. Ырас эле бир аздан кийин терең кудукка жетип барышты. Кудуктун жанында узун аркан жатыптыр, чака жок экен. Жигит балага:

-Сен менден кичүү эмессиңби жана жеңилсиң, кудукка түшүп, калпагыңа толтура суу сузуп чыкккын! Мен сени белиңен арканга байлап түшүрүп жиберип, кайра тартып алам,-деди.

-Менин калпагымдагы суу экөөбүзгө жетеби?-деп сурады бала.

-Жетет, андан көп суунун кереги деле жок,-деп жигит бырс күлүп койду. Бала оюна эч жамандык албай, ошол замат макул болуп кудукка түшүп кетти. Анын калпакка толтуруп алып чыккаң суусун жигит ала коюп, арканды кое берди, бала чулп этип кайра кудукка түштү.

Жигит кудуктан узап кеткенден кийин, бул жерге кербенчилер келишти. Кербенчилер да суусаган экен. Кудукка чаканы салып суу алмакчы болгондо, кудуктун түбүндө жаткан баланы көрүп калышты.

"Бул кандай бала?"-деп кербенчилер аң-таң болуп турган кезде, алардын башчысы:

-Бул баланы кудуктун ичинен алып чыккыла. Буга кимдир бирөө кастык кылып, кудуктун ичине таштап кеткен окшойт,-деди.

Кербенчилер баланы кудуктан чыгарышып, тамак беришип, көңүлүн ачып жүктүү төөнү мингизип өздөрү менен ала кетишти.

Жүрүп отурушуп, кербенчилер бир чоң шаарга жетишип, соодасын кылып жүргөн кезде, бала шаардын ичин көрүп чыкмакчы болуп адашып кетти. Кербенчилер ошол бойдон аны таппай, өз жерине кайтышып, бала чоң шаарда тентип, жалгыз калды.

Баланын курсагы ачып, кайда барарын билбей, көчөнүн боюндагы теректин түбүндө алсырап отурса, бет алдынан аргымак ат минген, сонун кийинген, мурутун чыйраткан мырза жигит бастырып өтүп баратат. Бала карай салса, ал жигит баягы өзү тирилтип алган досу экен. Бала сүйүнгөн бойдон ага жүгүрүп барып салам айтса, жигит атына камчы уруп, чү деген боюнча кетти.

Баягы жигит асыл ташты алгандан кийин ушул шаарга келип, ташты ханга берип, вазир болуп алыптыр. Жанагы жерде атына камчы басып, чапкан бойдон кеткен жигит кайра өзүнүн ханына келип:

-Биздин шаарга балакеттүү бала пайда болду. Аны сиз кандай да болсо жоготушуңуз керек. Ал баладан эч кандай жакшылык чыкпайт,-деди.

-Баланы зындандын түбүнө таштагыла,-деп хан буйрук берди.

Мына ошентип бала зындандын түбүнө жатып калды. Бала зынданда жатып, баягы жыландын айткан кеби эсине түштү. Бала:

"Кел, жыланым" деди эле, бир заматта жылан соймоңдоп келип, баладан эмне үчүн чакырганын сурады.

-Мен зындандын түбүнө түшүп калдым. Ушундан куткарбайсынбы?-деп сурады бала.

-Бир кезде мени сен өлгөн жеримден тирилтип албадың беле. Эми мен да сага жардам кылайын. Хандын кызы катуу ооруп жатканын уккандырсын. Менин айткан дубамды эсиңе тутуп койгун. Ошол дуба менен сен хандын кызын айыктырасың. Ал кызды сенден бөлөк эч ким айыктыра албайт. Анын үстүнө мен азыр барып, ал кызды чагып алам. Ошону менен ал кыз өлмөк болот. Так ошондо сенин пайдаң тиет. "Бул кызды мен айыктырам!" деп ушул зындандын ичинде кыйкыра бергин. Ошондо сени мындан чыгарып алып, хандын кызын көрсөтүшөт,-деп дубасын үйрөтүп, жылан зындандан чыгып кетти.

Жылан хандын ордосуна сойлоп барып, төшөктө ооруп жаткан кызды чагып, ого бетер катуу оорутту. Хандын кызы эми өлгүдөй онтой баштады. Эл туш-туштан чуркап келип, хандын кызынын оорусу катуулап калганын байкашып, аны сактап калыш үчүн дарыгерлерди издөөгө киришти. Дарыгерлер баары келип, ар кимиси өз билген аракетин кылышты, хандын кызы уламдан улам оор онтоп, өлүүгө жакындап калды. Ошондо хандын айласы кетип, элин чогултуп:

-Менин кызымды ким айыктырчу болсо, ошол кишиге дал ушул ооруп жаткан кызымды сөзсүз берем!-деди хан.

Бул кабар элдин баарына угулду, ошонун ичинде кабарды койчу да укту, ал өзүнүн койлорун зындандын жанынан жайып өтүп баратып, хандын кызын айыктыра ала турган киши табылар бекен деп ойлоду. Ошентип кетип бара жатса, зындандагы бала:

-Хандын кызын мен айыктырам!-деп кыйкырып жатыптыр. Койчу токтой калып, зынданга аркан салып, баланы сыртка чыгарып алды да:

-Сенин аны айыктыра аларың чынбы?-деп сурады. Бала айыктыра ала тургандыгын айтты.

Ошондо баланы хандын ордосуна алып келип, ханга:

-Бул бала сиздин кызыңызды айыктырам деп жатат,-деди.

Хан:

-Сен менин кызымды айыктыра аласыңбы?-деп сурады баладан.

-Айыктыра алам,-деди бала.

-Эгер айыктырчу болсоң, мен сага так ушул кызымды берем,-деп хан баланы ооруп жаткан кызынын үстүнө алып кирди.

Бала өлгөнү жаткан кызды көрүп, ага жыландын үйрөткөн дубасын окуду эле, ошол замат кыз төшөктөн баш көтөрүп, айыгып чыга келди.

Хан аябай кубанып, баланы мончого түшүрүүгө буйрук берип, андан кийин жакшылап кийинтип, тамакка тойдуруп, анан кооз жасалган бөлмөгө жаткыртып койду.

Бул кабар хандын вазири болуп калган жигитке жетти. Ал ханга келип, даттанган түрдөминтип айтты:

-Таксыр ханым, сиз өзүңүздүн кызыңызды тентип келген балага бересизби? Бала дайыны жок кайырчынын бири эмеспи?

-Мен өзүмдүн кызымды ким айыктырса, ошого бермек эмес белем. Бул убадам элдин баарына белгилүү. Ушул бала айыктырды, эми ушуга беришим керек,-деп хан терең күрсүнүп койду.

-Мунун айласын дагы эле болсо табабыз,-деди жигит. Ошондой айланы тапкандан кийин, сиз өз кызыңызды өзүңүз каалаган бөлөк кишиге бересиз. Ал эми менин оюм мындай: бул шаардан сиздин кызыңызга окшогон үч кыз таап, анан төрт кыздын үстүнө чүмбөт жаап, төртөөн төрт арабага отургузуп коюңуз. Арабаларда, кыздардын үстүнө жабылган чүмбөттөр да, ал түгүл чегилген аттар да бирине бири окшош болсун. Мына ошондо жанагы балакеттүү бала төрт арабанын ичинен сиздин кызыңызды таап алсын,эгер таба албай калса, сиздин убадаңыз кайра кайткан болот да,кызыңызды өзү каалаган кишиңизге бересиз.

Митайым вазирдин бул оюу ханга өтө жагып, ошол замат макул болуп, эмесе ушундай болсун деп айтты.

Булардын минтип ойлогон оюу балага жетип, ал өзүнүн досторун чакырды. Оболу аарыны эстеп, анын берген кылын отко жакты эле, аары учуп келди. Бала ага өзүнүн ал-абалын айтты эле, ал:

- Кыздарды арабага түшүрүп, көчөгө алып чыккандан кийин, мени байкап тургун, мен хандын кызынын үстүнөн учам, ошондо ызылдап сага үн берем. Сен түптүз басып келип, хандын кызынын арабасын токтот. Ошону менен хандын кызы сеники болот,-деди. Мына ошентип, көчөгө төрт араба чыкты. Баланы жаңылтыш үчүн бир арабаны дагы кошушту. Кыздарды арабага түшүрүп, үстүнө чүмбөт жаап, орто ченде хандын кызын жөнөтүштү. Аары ызылдап так ортоңку арабанын үстүндө учуп бара жатты. Бала токтолбостон жүгүрүп барып, ортоңку арабаны кармап, арабанын үстүнө секирип түшүп, кыздар менен бирге жол жүрүп, анан хандын ордосуна барып токтоду.

-Тагдыр ушул экен,-деди хан. Менин кызымды ушул балага буйруптур, бөлөк эч айла жок.

Ошону менен хан балага атайы жаңы үй тиктирип, аны ошондо кийрип койду.

Ошол эле күнү кечке жуук баланын үстүнө баягы митайым вазир келип, баланын астында ыйлап-сыктап, жалынып-жалбарып жатканын сакчылар угуп, аны ханга айтып барышты. Хан вазирди өзүнө чакырып:

-Сен менин күйөө балама эмне деп жалындың?-деп сурады.

-Сиздин күйөө балаңыз мен сизге берген асыл ташты "мени-ки" деп чатак чыгарып жатат, ошол себептүү аны менен айтыша кеттим,-деп вазир жооп берди.

-Эмесе аны менен өзүм сүйлөшүп көрөйүнчү,-деп хан баланы чакыртты.

Бала хандын аддына келип баканы аман алып калганың, ал бака көк жашыл кичинекей асыл ташты бергенин, ошол таштын күчү менен капкачан өлүп, куураган башы калган жигитти тирилтип алганын, анан ошол тирилген жигит бул баланы кудуктун түбүнө таштап кеткенин, андан кийин дагы эмнелер болгонун калтырбастан бүт бойдон баяндап өттү. Бул сөздөрдү айтып бергенден кийин вазир чыдап тура албай:

-Мунун баары калп! Бул бала жеткен митайым!-деп кыйкырды. Ошондо хан асыл ташты койнунан суурупчыгып, вазирге:

-Сөмөйүңдү ушул ташка тийгиз,-деп буйрук кылды. Вазир сөөмөйүн ташка тийгизгенде, анын сөөмөйү капкара көмүр болуп күйүп калды.

-Эми сен тийгиз бала,-деди хан балага карап. Эгер сенин колуң көмүр болуп күйүп кетпесе, анда бул таш сеники. Ошондо мына бул вазирдин колу кайра өз калыбына келет.

Бала колун ташка тийгизер замат, вазирдин капкара көмүр болуп калган сөөмөйү кайра өз калыбына келди. Ал эми баланын колу болсо, өзүнүн мурдагы калыбында турду. Ошондо хан вазирдин калп айтканын түшүнүп, аны зындандын түбүнө салдырып койду. Балага өзүнүн кызын берди.

Бала менен сыйкырчы

Жалгыз уулу бар абышка-кемпирдин колундагы бирин-серин малын жут алып, күн көрүш өтө кыйын болуп, акыры ары карап ыйлап, бери карап күлүп, айласыздан баласын малайга бериш үчүн шаарга барышты. Баланы алууга эч ким чыккан жок. Ошентип арадан бир топ күн өттү.

Күндөрдүн биринде абышка аябай чарчап, жол боюндагы төрт бурчтуу кара таштын үстүнө отуруп:

-Үф!-деп үшкүрдү эле, кайдан-жайдан экени белгисиз ак сакал чал пайда боло калып:

-Мени эмне чакырдың?-деди.

-Мен сени чакырган жокмун, чарчаганыман жөн гана үшкүрдүм,-деп абышка жооп берди.

-Эмесе менин атым Өкүш... Бул балаңды жетелеп кайда барасың?-деди чал.

-Оокатым өтпөй, баламды бирөөгө күчүн берейин деп эл кыдырып жүрөм.

-Эмесе балаңды мага бергин, мен окутайын, келерки жылы дал ушул убакта келип аласын.

Ошентип абышкага бир дилде берип, баланы жетелээр замат көздөн кайым болду.

Бала Өкүш чалда окуп жүрүп, анын кызы менен таанышып калды. Кыз баланы ээн чакырып алып:

-Атам сыйкырчы, бирок менин бир өнөрүм андан артык. Бул жерден сени эч кайда кетирбейт. Түбөлүк кул болуп жүрө бересиң. Мен сага ошол өнөрүмдү үйрөтөйүн,-деди да, атасына билгизбей балага өнөр үйрөтүп жүрдү.

Бир жыл өткөндөн кийин абышка сыйкырчы чалга келип:

-Убакыт өттү, баламды бергин,-деди.

Сыйкырчы өзүнчө кобурап койгондо, жети кара мышык даяр болду.

-Мына ушунун ичинен балаңды таанып ал,-деди сыйкырчы.

-Абышка тааный албай, көз жашын көл кылган бойдон жолуна түштү.

Келерки жылы дагы келди. Сыйкырчы дагы кобурап койгондо эле, жети кызыл түлкү даяр болду. Абышка баласын тааный албай дагы кетти.

Ошентип арадан беш жыл өттү. Абышка баласын тааный албады. Сыйкырчы абышкага:

-Алты жылдан бери баланды тааный албадың. Эгер эмдиги жылы тааныбасаң балаң баш-оту менен меники,-деди.

Абышка ыйлап жолдо келе жатса, аркасынан кара аргымак жете келип токтотуп:

-Сенин балаң менмин. Эмки жыпы бизди жети кара ат кылып чыгарат. Бизди азыр ошого үйрөтүп жатат. Оң жактан санаганда үчүнчү болуп мен турам, жаңылбай карма,-деди да, сызган бойдон кетти.

Айткан маалыңда атасы сыйкырчыга келди. Сыйкырчы оозун бүлкүлдөтүп койду эле, жети кара аргымак тизилип тура калды. Абышка ары карап, бери карап, оң жактан санаганда үчүнчү кара аргымакты тизгинден кармап:

-Менин балам ушул,-деди.

Сыйкырчынын амалы кетип, баланы абышкага берди. Үйүнө келгенден кийин бала атасына:

-Мен ат болуп кубулайын, сен базарга саткын. Бирок жүгөнүмдү бербегин,-деди.

Абышка, атты бир шаарга алып келип, көп акчага сатты, да, жүгөнүн белине курчанып, үйүнө кайтты. Бала кубулуп куш болуп, атасынан мурда үйүнө келди.

Абышка баланы базарга экинчи жолу алып барды. Баасына эч ким чыдай алган жок. Бир убакта чоң соодагер чал келип, атты миң дилдеге сатып алып, жүгөнүн кошо сатасын деп жабышты. Абышка ары-бери карап туруп, миң дилдеге жүгөндү кошо сатып, үйүнө кетти.

Көрсө, атты сатып алган Өкүш сыйкырчы экен. Ал үйүнө келип, кызына:

-Атты сарайга аса байлап кой,-деп тапшырды. Кыз макул болуп, жетелеп жөнөгөндө бала:

-Эми дагы бир жардамыңды тийгизип, мени кое бер,-деди. Кыз аргымакты кое берип, атасына келип:

-Ат колумдан чыгып качып кетти,-деди.

Сыйкырчы Өкүш кара аргымак болуп, баланын артынан жетип барганда, бала илбирс болуп кубулду. Өкүш жолборс болуп кууп жеткенде, бала суу жээгинде колун жууп отурган эки кыздын алдына шакек болуп түшүп калды. Кыздын бирөө шакекти көрө коюп, колуна салып алды да, үйлөрүнө келишти. Өкүш сыйкырчы жигит болуп кубулуп, алардын артынан байдын үйүнө келди. Бай Өкүш сыйкырчыдан:

-Жол болсун, балам, кайдан жүргөн эмесиң?-деп сурады.

-Ушул жактан келе жатам, сууга киринип жатып, шакегимди чыгарып койдум эле, унутуп кете, берипмин. Сиздин кызыңыздын колундагы шакек меники, алып берсеңиз,-деди.

-Кана, кызым, шакекти алсаң, ээсине бер,-деди бай.

Кыз шакекти чыгарып, Өкүш сыйкырчыга бермек болгондо шакек буудай болуп чачылып кетти. Өкүш сыйкырчы боок болуп терип кирди. Тоок бутунун алдында калган жалгыз данды жемекчи болгондо, ал кубулуп таруу болду. Өкүш сыйкырчы таранчы болуп терип

кирди. Байдын кепичинин ичине түшкөн таруу кыргый болуп учту да, айланып келип таранчынын башын жара тепти.

Ошентип бала сыйкырчыдан кутулуп, Өкүш сыйкырчынын кызын алып, өз үйүндө аябаган чоң той өткөрүп, бейпил турмушта жашап калган экен.

АРЧА (уламыш)

Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен. Экөө көп жыл балалуу болбой жүрүп, карыганда уулдуу болушат. Маңдайга бүткөн жылдызыбыз, башыбызга күн түшсө сүйүнөр медерибиз, зериккенде жарпыбызды жазар эрмегибиз деп, баланы канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, суук көздөн оолак тутуп, эрезеге жеткиришет.

Бир күнү баласы отунга кетет. Үйүнө келсе энеси катуу сыркоолоп төшөктө жатып калган болот. Эненин оорусу күн өткөн сайын күчөп, ал өңүнөн кетип саргайып, күндөн-күнгө арыктап, кичирейип калат.

Уулу атасынын кеңеши боюнча бир дарыгерди таап ке¬лет. Дарыгер кемпирдин тамырын көрүп:

- Бул ооруга бир гана дабаа бар, ал -мүрөктүн суусу, ошону ичирсең, энең эч качан оорубай жашарат, - дейт. Аны көп жер кыдырып, бир булактан табарын айтат.

Ошол күнү эле бала алыс сапарга аттанып, жер кезип, булакты издеп жөнөйт. Акыры табат. Сууну алып үйүнө кайтат. Жер кезип, суу ичип, көп күн уйку бетин кербеген бала чарчап бир дарактын түбүнө келип, уктап калат. Байкоосуздан энеси үчүн алып бара жаткан баягы өмүрдүн суусун төгүп алат.

Ал агып отуруп бир дарактын тамырына жетет. Мүрөктүн суусуна сугарылган бул арча дайыма жашарып, өлбөс даракка айланат. Сууну төгүп алганын көрүп, бала аябай өкүнөт, бирок ушул суудан арчанын көгөргөнүн көрүп, анын жалбырагынан үйүнө алып келет. Келсе, энесинин абалы андан да начарлап, өлүм алдында турган экен. Бала баягы алып келген жалбыракты үйдүн ичине түтөтүп, энесине жыттатат. Бул мүрөктүн суусун ичкен, касиеттүү дарактан даба таап, эне оорудан тез эле айыгып кетет.

Мына ушундан улам, адамдарды түрдүү оору-сыркоолордон, капыстан келген кайгыдан, чертип келген кырсыктан алыс болсун үчүн, арчанын жалбырагын түтөтүү салты кал¬ган экен.

Камыр балбан

Мурунку өткөн заманда баласыз кемпир-чал болгон экен. Бир күнү кемпир камыр жуурганда: "Алда кудай ай, ушул менин камырым бала болуп калсачы" деп арманын айтып, тышка, чыгат.

Тыштан кайра келсе, баягы камыры бала болуп калыптыр. Анда баягы кемпир-чал бир бирине сүйүнчү айтышып, абдан кубанычта болушуп, той беришип, атын Камыр балбан коюшуптур. Ал абдан балбан, кайраттуу, эр чыгыптыр. Камыкең алтымыш өгүз, элүү ат, араң кыймылдата турган, темир таяк жасатып алып, он жети жашынан саякатка жөнөйт. Жолундагы шаар эли үркүп кете баштайт. Себеби, таягы жерди дүңгүрөтүп солкулдатса, эл "жоо келе жатабы" деп качат экен.

Ошентип жүрүп отурса, алдынан Тоотолтоң деген адам чыгат. Андан Камыр балбан:

-Эмне өнөрүң бар?-деп сурайт.

-Балбандыгым бар,-деп жооп берет.

-Эмесе жүр, экөөбүз жоддош бололу,-деп ээрчитип алып жүрүп олтурса, алдынан Суусулпаң деген кездешет. Андан:

-Эмне өнөрүң бар?-деп сурашат.

-Менин өнөрүм: агып бара жаткан деңиздерди, сууларды алаканым менен токтотомун,-дейт.

Ал үчөө жолдош болуп жүрүп отурса, жолунан Айалпаң чыгат. Андан:

-Эмне өнөрүң бар?-деп сураса:

-Менин өнөрүм: тоодогу айбанаттардын баарын таш менен урсам, өлбөй калбайт,-дейт.

Төртөө биригип алып, өзүлөрүнчө тоого чыгып, аң ууламакчы болушат. Алардын бирөө күндө кошто калып эт бышырып турмакчы болот. Адегенде Айалпаң калат. Беркилер кечинде келишсе, эч кандай тамак жок, бир Жез Тумшук от аламын демиш болуп келип, этин жеп, өзүн аябай сабап кетет.

Экинчи күнү Суусулпаң эт бышырганга калат. Анын да Жез Тумшук мурункудай этин жеп кетет. Анда да ачка калышат.

Үчүнчү күнү Камыр балбан калып, эт бышырып отурса, Жез Тумшук келип:

-Эт берчи!-деп Камыр балбанга айтат. Анда Камыр балбан:

-Эт жебей, чок же!-дейт.

Ал экөө ошол жерден кармашып, Камыр балбан баягы темир таягы менен чабаарда, Жез Тумшук качып жөнөйт, тиги кууп жетпей калат. Ал кара үңкүргө кирип кетет.

Кечинде жолдоштору келгенде, Камыр балбан болгон ишти айтып үчөөнү ээрчитип, үңкүргө түшсө, бир ак үй бар экен. Ал үйгө кирсе, үч кыз ыйлап отурат. Баягы Жез Тумшук уктап жатат. Аны Камыр балбан таягы менен бир-эки чаап жиберее, тура калып кармашат. Үч кыз унчукпай отура беришет. Камыр балбан баягы Жез Тумшукту өлтүрүп, үч кыздан сыр сураса, ал үчөө зордуктап алып келген хандын кыздары экен.

Үч кызды Камыр балбан тышка алып чыгып, үч жолдошуна барып үч кыздын бирөөнү өзү алып, экөөнү Тоотолпоң менен Суусулпаңга берет. Айалпаң кур калат. "Үч кызды үчөөбүзгө бербейт",-деп үчөөнүн ичинен нааразылык чыгып, балбанды өлтүрмөк болушат. Аны балбан билип калып, үчөөнү тең кызылдай сабай турган болгондо, качып кетишет. Үч кызды балбан ханга кабар айттырып, шаарга барат.

Барса баягы үч кыз ошол хандын кыздары экен. Хан өзү хандыктан түшүп, балбанды хан көтөрөт. Ошентип, Камыр балбан хан болуп карыган ата-энесин багып калыптыр.

Саякатчы бала. Мамонт тирилткенде

Менин Сибирь жакта эң бир кысталыш жумушум чыгып калып, барып калдым. Сибирге барганда жеке эле ал жумушумдун артынан түшпөй, башка дагы илим изилдөө жагына кирише баштадым. Сибирде жашоочу түрлүү улуттар менен аңгемелеше баштадым. Алардын жеринин шартына жана элинин шартына акырындап көнүгүштүм. Бирок, менин оюмдан чыкпаган бир санаа да бар. Ал болсо, кайнозой эрасында түндүктү муз каптаганы эсимде. Ошондуктан, ал учурда жашаган мамонт жана пил сыяктуу айбандардын Сибирде жашагандыгы да эсимде. Ошондой болгондуктан мамонттун муз доорунан калган калдыгын табууга кириштим. Мен кандайча мамонттун калдыгын табууга киришкендигимди сиздерге айтып бербесем, мамонтту издегендигим туура да болуп чыкпас. Июль айынын бири дегенде бир тунгусту итине чана коштуруп, жолдош кылып ээрчитип жөнөдүм, баруучу жерим Түндүк уюл деңизи. Түндүк деңизинин муздарынын арасына катып калган мамонттордун калдыгын табамбы деген ой менен жүрүп отурдум.

Иттери таскактап, жолдошум экөөбүздү сүйрөп олтурду. Арийне, иттердин таскактап чуркашы да эп эле, себеби, эки кишиге күчтүү иттерден онду чегип алгандан кийин, чуркабай койчу беле. Ошондой болсо да, бир кара ала тайган чабалактап жүрбөй калды. Мунун жүрбөй калганына эмне себеп болду. Албетте, мунун жүрбөй калгандыгына дагы бир топ толуп жаткан себептер бар болуп чыкты. Мен аны жанымдагы жолдошум — иттердин ээсинен сурадым. — Мунун жүрбөй калган себеби эмне болду экен? — дедим. Жолдошум анын жүрбөй калган себебин толугу менен айтып берди. Көрсө ал кара ала тайганды мурунку күнү да чанага чегип суутпай койгон экен. Ошондуктан, ысык кетип калып, ал күнү жүрбөй калганынын себеби ошол болуп чыкты. Кара ала тайганды чанадан чыгарып, чананын үстүнө жаткызып алып, бет алып бара жаткан узун жолубузду узарта бердик. Бир маалда түндүк уюл деңизине токтоосуз жетип барган экенбиз. Ошентип, түндүк деңиздин чет жагына чанабызды токтотуп, жүгүбүздү түшүрдүк да, өзүбүз мамонт калдыгын издөөгө кирише баштадык. Бир маалда тоодой болуп сүзүп жүргөн муздун арасынан эле жолдошум "таптым эле, таптым" — деп, кыйкырып калды. Мен да анын "таптым" деген кыйкырыгына кубанып, бала болуп чоңойгондон бери бир каткырып күлбөгөн ачуу кыйкырык менен: "Ай, айланайын абаке" — деп, кыйкырып жиберген экенмин. Ошентип, анын таптым деген тоодой музунун төбөсүнө чыгып барып, жолдошум таптым деген муздун арасын карасам, алдынкы артылып чыккан тишинин бирөө муздан чыгып калган экен. Тиши менен буулап музду казып, тоңуп калган мамонтту муздан сууруп алдык. Акырында тоо муздун башынан жылдырып олтуруп, кабагына түшүрдүк да, чанага салып алып, жолдошумдун үйүн көздөй кайттык. Мамонтту жолдошумдун үйүмө алып келип, тышка отту чоң жактырып коюп, мамонттун музун эритүү үчүн ар жак, бер жагын отко кактай бердим. Бир маалда дем алгансып, бир дабыш мамонттон пайда боло баштады. Жана бир аздан кийин ички мүчөлөрүнүн музу эригенде, чыны менен эле дем алып, башын ары-бери көтөрүп, көзүн ача-жума берди.

Мен мунун тирилип, мал болорун билип, эң кубанычтык менен сүйүнүп кеткен экемин. Жолдошум менин кайсы эрадагы мамонттун тоңуп калгандыгын билгендигиме ал дагы мага ошончолук кубанды. Бир аздан кийин мамонт башын чулгуп тура баштады. Бирок, мындан эчен кылым бою мурун тоңсо да, ички организми жана тышкы организмдери бузулбаган экен. Ошол бойдон аман-эсен гана тоңуп жата бериптир. Бирок, менин тирилткеними билбестен чоочуркап: "кайдан келгенсиң" — дегенсип, олурайып карап да коёт. Кийинчерээк акырын-акырындан үйүр боло баштады. Мен ал мамонтко курсагын тойгузуу үчүн түрлүү тамактар да алып келип бере бердим. Менин алып келген тамагымды чоочуркабай эле кызыгып жей берди. Бир капча убакыттан кийин, артынан тезегин чыгара баштады. Мага анын тезегин текшерүүгө туура келди. Себеби, ошол мамонт музга катканда кандай чөп жеп жатканын билүүгө тийишмин. Мамонттун тезегин текшерип олтурсам, папоротник жана ийне жалбырактуу чөптөрдүн кээ бирлери учурайт. Мен ал мамонтту алып, үй жакка жол тартуума туура келди. Бир күнү жолдошум менен коштошуп, мамонтту минип алып, үйдү көздөй жөнөдүм.

Арстан күчүгүн асыраган мышык

Бир мышык каңгып жүрүп өлүп жаткан арстанга жолугат да, анын жетим калган күчүгүн бооруна кысып, эмизип асырап алат. Арстандын күчүгү өсүп албарс азуулуу чоң арстан болот. Өз тамагын өзү таап жей баштайт.

Бир күнү карды ачкан арстан өзүн асыраган мышыкты жемек болот. Мышыык анын бул оюн сезип, андан-мындан бир тийип талдын башына чыгып кетет. Ошондо Арстан Мышыкка:

-Ой, ак сүтүн эмизип асырап баккан энем, тууган энемденда ысыксың. Бар акылыңды үйрөтүп бакканда эмне үчүн тал башына атып чыкканды үйрөткөн жоксун,-дейт.

Анда мышык:

-Ой, айрымдуу балам! Сени кичинекейиңден боорума басып өстүрдүм. Билген акылымдын баарын үйрөттүм. Бирок, кулкунуңдан коркуп, бир өнөрүмдү үйрөткөн жок элем, аным акыл болуптур,-дептир.

"Кулгуну жаман кууратат" деген макал ошондон калган экен.

Тал (уламыш)

Бар экен, жок экен, илгери-илгери өткөн бир заманда чал-кемпир жашаптыр. Алардын жападан-жалгыз кызы болуптур. Ал ай десе айдай, күн десе күндөй, ай сымбаты келишкен, тоту куштай таранган, күзгүгө он маал каранган ашкан сулуу кыз экен. Бирок атына заты, чырайына мүнөзү, келбетине касиети төп келишпеген акылы тайкы, арылдап беттен алган тажаал, көк муздай мелтейип мерез кыз экен.

Айтканы айткандай, дегени дегендей орундалбай калса, көктүгү аша чаап, көк мелтей болуп турган жеринде талып калчу дешет. Анын көктүгү ата-эненин көөнүнө көк таштай тийет, бирок ичтен чыккан ийри жыланды жокко чыгара албай, акыры унчукпай кутулууну адатка айландырышат.

Кыздын мындай пейили айылдагыларга да маалим болуп, кыздын чырайынан жаман пейили аша өтүп, ал бойго жетип калса да ага жуучу түшүп бир да адам келбейт. Жалгыз кызыбызды эптеп тындырып алалы дегенде ата-эненин эки көзү төрт. Бир жерге орун-очок алса, көк мелтейи жазылар деген үмүттөрү үзүлбөйт.

Күндөрдүн биринде кемпир-чалдын үйүнө кыздын сулуулугун алыстан угуп, мерездигинен кабары жок жуучулар ат арытып, ашуу ашып келип калышат. Кызыбыздын багы ачылар бекен деп кудуңдаган эне-ата жуучуларды калың төшөк, сыйлуу оокат менен күтүп алышат. Кезек кыздын макулдугун алууга келгенде, баягы көк мелтейдин көктүгү тутуп айтканынан кайтпай туруп алат. Кемпир-чалдын сылык мамилесине ызат-сыйына ыраазы болгон бир келет, эки келет, үч келет. Бирок, өжөр кыз өз билгенин бербей, айт¬канынан кайтпай ата-энени чоң уятка калтырат.

- "Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман", - демекчи, ата-эненин өзөгү өрттөнүп, жаны кашайганынан:

- Ылайым бизди какшатпай, ушундайыңда көгөрүп талып, өл, - деп каргашат."Ата эненин каргышы ок", - демекчи, каргышка калган кыз заматта талга айланып калат имиш.

Кыз ата-эненин, эл-журтунун каргышына калбаганда мындай окуяга туш болбойт белем дегендей, кеч болсо да өз күнөөсүн мойнуна алгандай, уялгандай жерди карап өсүп келет. Анын ийилип өскөнүн көрүп, кеч болсо да таазим кылып, кечирим сураганын байкаган эл, талды кароосуз калтырышпай, азыркы күнгө чейин керегe-уук жасашып, пайдаланып келишет.

Аюу менен чиркей

Дөбөдөй болгон чоң аюу муштумдай болгон коёнду кармап алып, эч бир жазыгы жок байкушту кулагынан чойгулап кыйнайт. Өлүмгө жеткирбесе да эсин оодарганга чейин алпарат. Ошондо коен капаланып:

-Кулак жазылар, көздүн жашы кургар, бирок ушунча кордук көрө турган эмне жазыгым бар! Аюу токойдогу аңдардын чоңу, күчтүүсү, карышкыр менен түлкү араларынан кыл өтпөгөн ысык достор. Эми мен кимге корголойм?-деп арман кылат.

Ошол убакта калың камыштын ичинен:

- Мага корголо!-деген бир абдан ичке үн чың эте түштү. Коен көзүнүн кыйыгы менен караса, үн чыгарган чиркей экен.

- Сен мени коргой аласыңбы? Аюу аңдардын чоңу, күчтүүсү, сен болсо чиркейсиң. Сенин колуңдан эмне келет?

- О, жолуң болгур! Мен аны уктатпай, тынчын кетирүүгө жараймын. Ошону билбейсиңби?

...Жайдын ысыгында токойдо чабыттап жүргөн аюу жанын коерго, жер таппады. Тынчы кетип, бүлдүркөндүн жалбырагынын үстүнө дем алайын деп жатса, кулагынын түбүнөн ызың-ң, ызың-ң-ң деген дабыш чыгат. Аюу чиркейдин табышын угуп, тааныйт. Чиркей аюунун мурдуна келип конуп, каңылжарына кирип кетет. Аюу чыдабай күчүнүн бардыгынча таманы менен мурдун ургулап, жерге ооналактап эси оойт. Дыңылдаган чиркейдин үнү кулагынан кетпейт. Аюу андан жүрөксүп коркуп, "эми кай жериме конор экен" деп уктамыш болуп, козголбой тыңшап калат. Аюунун бут жагында ызылдап жүрүп, бир кезде чиркей ың-жың дабышы жок болуп кетет.

"Чиркей учуп кетти го" деп ойлоп турганда, ал аюунун кулагынын түбүнө эптеп коно калып, "тыз" эттире чагып алат. Аюу көзүнүн от чагышып кокуйлап ордунан ыргып турат. Оң таманы менен кулагын кагып: "Жеди эле жеди! Бу кандай жаны бек неме эле" деп өңкөлөңдөп качып жөнөдү.

Чиркей токойду кыдырып, бутак, бадалдарды койбой тинтип, дыңылдап аюунун артынан түштү. "Зың-ң-ң - ызың-ң-ң" деген чиркейдин үнү аюунун алапайын таптырбайт.

Жүгүрүп отуруп бир жерге келгенде алы кеткен аюу эс алгысы келип, башын бадалга сүйөп уктап кетсе түш көрөт. Түшүндө токойдун ичинен аарынын уюгун таап алат. Аарынын уюгундагы балга бутун сала берерде "зың-ң-ң - зың-ң-ң" деген үндү дагы угат. Баягы чиркей аюуну дагы кууп жөнөйт. Көзү умачтай ачылып, кайран неме зымырылат.

Аюу жан талашып качып баратса да чиркей тынчтык бербеди. Ызылдап, ызылдап келип кайрадан жымжырт боло калат. Аюу шектенгендей тыңшап туруп, жаңгак жыгачынын түбүнө жашырынат. Бир аздан соң кыйналган шордуу көзүн жуумп үргүлөп кетет. Бирок чиркей мурдагыдай эле ызылдап аюунун жанын жай алдырбай таң атып, күн чыкты.

Уйпаланып, түктүйүп уктабай сенделип келе жатса, чиркейдин ызылдаган үнү аюунун кулагына дагы угулду. Ал селт эте түштү.

Алыстан байкап турган коён чиркейге:

-Жарайсың, кайраным!-деп көзүнүн жашы чыкканча күлүп, ыраазы болот.

Чиркей болсо аюуга:

-Коендун күйөөрү жок деп ойлогонсуң го. Эми, баатыр акеси,буга кордук көрсөткөнүңдү койгун. Мунунду койбосоң, айланды гана кетирем да, тытынып жүрүп өлөсүң!-деп коркутуп "ызылдап"учуп кеткен экен.

Асан менен Үсөн

Илгери, илгери бир чал-кемпирдин Асан, Үсөн деген эки баласы бар экен. Бир күнү чал отун алып жатса, калың куурайдын ичинен бир тоок учуп чыгат. Ал тооктун жаткан жерин караса, уя толгон жумуртка. Чал тузак тартып коюп базарга кетет. Отунун сатып, кайра келип караса, тузагына баягы тоок түшүп калган. Чал жумурткасын этегине салып, тоогун көтөрүп үйүнө келет. Тоокту жүк жыйчу тактанын алдына бутунан байлап бактырып коет.

Бир күнү чал беш-алты жумурткасын алып, "падышанын тоогунун жумурткасына салыштырамын", деп падышанын сарайына барат. Чалды падышанын жигиттери кармап, падышага алып барат. Падыша чалдын жумурткасын көрүп, алты дилде берип, алты жумурткасын сатып алат да:

- Жумурткаң болсо алып келгин, дагы дилде беремин,-дейт. Кийин чал бир этек жумуртка алып барып, падышадан бир этек дилде алып келет. Чал дилдеге мал алып байып кетет. Арадан көп убакыт өтпөй, чалдын кемпири өлүп калат да жаш катын алат.

Күндөрдүн биринде чал базарга сатамын деп, бир короо ириктерин айдап, шаарга барат. Ошол шаардын каны бул кедей чал тез эле кантип байып кетти деп таң калат да, чалдын үйүн тегерете карап эч нерсе байкабайт. Эми кетейин деп эшикке чыгып бара жатып, жүк жыйгыч тактанын алдындагы байланып турган тоокту көрөт.

Кан:

"Ырыс мунун мал тегинде эмес, ушул тоокто экен. Бул тооктун канатын жеген токсон күндө кандыкка, башын жеген киши кырк күндө падышалыкка жетет. Мен мунун башын жеп, түшпөс падыша болоюн" деп ойлойт да, чалдын жаш катынына:

-Мен сени аламын. Сен тиги тоокту союп, башы менен канатын бышырып кой, бир аздан кийин келемин,-деп үйүнө кетет:

Аял тоокту союп, казанга салып, баягы канды күтүп, күтүп кечиккенинен:

-Кан эмне кечикти? Мен барып ээрчитип келейин, силер этти бышырып тургула, - деп Асан, Үсөнгө тапшырып, канга кетет.

Асан менен Үсөн баягы тооктун этин бышырып жатып башы менен канатын жеп коет. Кан этти караса, канат менен баш жок.

-Бул этти жебеймин, мага тооктун канаты менен башы керек болчу,-деп тоокту жебей коет.

Анда аял:

-Иий, тооктун канаты менен башын Асан менен Үсөн жеп койгон турбайбы,-дейт.

Анда кан:

-Балдардын өпкө-боорун бышырып кой, мен эртең менен келип жеймин,-деп үйүнө кетет.

-Эртең менен баддар медресеге кеткенден кийин жолунан тосуп Асан, Үсөндү өлтүрүп, өпкө-боорун алып кел,-деп аял үйүндө оокатка жардам кылып жүргөн чалды жиберет.

Чал мектепке барып, Асан, Үсөндү чакырып алып:

-Өгөй энеңер силерди өлтүрүп, өпкө-бооруңарды алып келгин деп мени жиберди. Силер бир күчүк, бир мышык таап келгиле,ал экөөнү өлтүрүп, өпкө-боорун көйнөгүнөргө ороп койгула, меншаарга барып силерге көйнөк, оокат алып келемин. Көйнөк кечекти кийип, азыгыңарды көтөрүп алып качкыла,-дейт.

Асан менен Үсөн бир күчүк, бир мышык алып келишет, баягы чал айткандай кылат.

Чал балдарга кийим-кечек, азыктарын алып келип:

-Эми силер качкыла, мен "өлтүрдүм" деп кан болгон көйнөгүңөрдү жана ит менен мышыктын өпкө-боорун аялга алып барып беремин. Силер ушул жол менен жүрүп олтурсаңар, жүрүп олтурсаңар эки айрылыш жолго кез келесиңер, Чоң жолуна улууң, кичинесине кичүүң түш,-дейт да, жолду көрсөтүп өзү кайра кетет.

Чал аялга келип, баягы өпкө-боорду берет. Кан ошол өпкө-боорду, жеп ууланып өлөт.

Асан, Үсөндүн атасы базардан келсе, балдар жок. Болгон окуяны баягы чал толугу менен айтып берет, Асан, Үсөндүн атасы катынын кырк кысырактын куйругуна байлап, сүйрөтүп жүрүп өлтүрөт.

Асан, Үсөн болсо баягы чал айткандай, эки айрылыш жолго түшүп кетет.

Асан жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир калың элге жолугат.

Асан:

-Бул эмне болгон эл?-деп бир карыядан сураса, ал:

-Кан шайлашканы жаткан эл,-деп жооп берет.

Ошондо бир аксакал адам бөлүнүп чыгып:

-Мен кан боломун, мен кан боломун деп талашпагыла, андан көрө кандын кушун учургула, ал кимдин башына барып консо, ошол киши кан болсун,-деп кенеш берет.

Эл кандын кушун учурат. Куш Асандын төбөүне конот. Асан тажы кийип, такка олтуруп кан болуп калат.

Үсөн жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир үйгө келет. Ал үйдө бир кызы бар чал-кемпир бар экен. Чал:

-Кайдан жүргөн баласың?-деп сурайт Үсөндөн. Анда Үсөн:

-Баласы жокко бала, ботосу жокко бото болоюн деп жүрөм!-дейт.

-Мага бала болгун, балам!-дейт чал.

-Болсо, болоюн.

Үсөн баягы үйдө жатып калат. Эртеси чал менен кемпир эртең менен эрте туруп:

Бул эмне болгон бала болду экен?-деп карашса, Үсөндүн башында бир шише дилде турат.

Кемпир ал шише дилдени катып коет. Ар күнү Үсөндүн башында дилде боло берет, аны кемпир алып ката берет.

Ошол элде бай жана дубакөй, эри жок, Шатырадолу деген аял болот. Ал Үсөндүн ичинде тооктун канат эти бар экенин билип, ошол тооктун канат этин алуу үчүн:

-Ким чыгып келсе, мен ошого чыгамын,-деп балдарды жа-рыштырат.

Үсөн балдар менен жарышып биринчи болуп чыгып келет.

-Жарыштан чаңкап келдиң,-деп, Шатырадолу туз чыланган суу берет. Үсөн ичип жиберип, кайра жүрөгү айланып кусат, ичинен тооктун канаты чыгат.

Шатырадолу канатты көрөр замат жутуп жиберип, үйүнө кирип жатып алат. Үсөн үйүнө келип жатат, бирок эртең менен турса баягыдай күндө чыгып турчу дилде жок. Ал бардыгын түшүнүп:

-Кой, бул үйдөн кетишим керек,-деп жөнөп кетет. Жүрүп олтуруп, жүрүп олтуруп бир жерге келсе эле үч киши мушташып жатат. Үсөн:

-Эмне мушташып жатасыңар?-деп сураса, алар:

-Биз жайыл тасторконду, ур токмокту жана аса-мусаны талашып урушуп жатабыз, дешет.

Үсөн:

-Жайыл тасторконуң эмне?

-"Жайыл тасторкон, жайыл" десе дүйүм тамак даяр болот.

-Ур токмогуң эмне?

-Кимге каршы болсоң, ошону "ур, токмок, ур" десе, аны селейте коет экен.

-Аса-муса дегениң эмне?

-"Каалаган жериме жеткир" деп минсең, каалаган жериңе жеткирет. Биз аса-мусаны талашкан элек!

-Эми урушпагыла, үчөөң жарышып келгиле, кимиңер чыксаңар ошонуңар алгыла, мен Аса-мусаны кармап турайын,-дейт бала.

Ошентип Аса-мусаны Үсөнгө карматып коюп, баягы үчөө бул айтылган сөздү ырас көрүшүп жарышат, узап кетер замат Үсөн тасторконду курчанып, токмокту белине кыстарып, Аса-мусаны минип:

-Эми, Аса-муса, мени бир жакшы жерге жеткир,-деп көзүн жумат.

Бир маалда көзүн ачса, тунжураган токойдун ичиндеги көлөкөлүү чынар теректин түбүндө жатат, Үсөн баягы тасторконду жайып алып, тамак ичет да, теректин түбүнө жатып уктап калат, ойгонсо түш болуп калыптыр. "Ии, мен ушул жерге, Шатырадолуну алып келсем, жакшы болгон турат"-деп бала баягы аялга барат. Шатырадолуну ээрчитип келип, Үсөн жайыл тасторконду жайып, Шатырадолуга тамак берет, аябай сыйлайт. Ошол жерде Үсөн бир маалда уктап кетет. Шатырадолу жайыл тасторконду, токмокту алып, Аса-мусаны минип үйүнө кетип калат. Үсөн ойгонуп караса, жайыл тасторкон, ур токмок, Аса-муса жана, Шатырадолу жок. Үсөн аябай капа болуп, ары чуркайт, бери чуркайт, бирок, Шатырадолудан кабар жок, акыры чарчап чаалыгып уктапкалат.

Бир маалда ойгонсо:

-Ой, бала, тургун! Чынар теректин жоонураак бутагынан кескин, анын баш аягын таарыгын да минип алып, Шатырадолунукуна жеткир десең, ал жеткирет. Ага барганда, Шартырадолуну көк эшек бол деп, ошол терек менен башка ур, ал эшек болуп калат деген үн чыгат.

Үсөн туруп чынар теректен кыркып, баш-аягын кесип минет да: Шатырадолуга жеткир!-дейт.

Чынар теректин бутагы Үсөндү Шатырадолуга жеткирет. Үсөн, Шатырадолунун үйүнө кирип барып:

-Көк эшек бол,-деп башка бир коет. Шатырадолу ошол замат көк эшек болуп калат.

Бир күнү Үсөндүн үйүнө отун алып саткан үч жетим келет. Үсөн аларга:

-Силер мынабу эшекке отунуңарды жүктөп, оокатыңарды кылгыла, бирок дайыма мойнунан байлап жүргүлө, болбосо качып кетет,-деп эшекти берет.

Балдар отун жүктөп бир күнү эшекти качырып жиберишет. Ал барып падышанын жигиттеринин колуна түшүп калат.

Эртеси балдар эшегин издеп такыр таба алышпайт. Издеп жүрүп, издеп жүрүп Асан падышанын жигиттери байлап койгон жерден табышат. Асан падыша жигиттерине:

-Бул эшек тегин эшек эмес, ээси келсе, менден уруксатсыз бербегиле,-дейт.

Баягы үч жетим эшекти таанып алып кетебиз десе, падышанын жигиттери такыр бербей коюшат. Ал үчөөнү ээрчитип алып падышага алып барат, падыша:

-Бул кимдин эшеги эле?-деп балдардан сураса, алар:

-Үсөн мырзаныкы,-дешет.

-Үсөн менин иним окшойт, ээсин алып келмейинче бербейм,-деп эшекти Асан балдарга бербей коёт.

Үч жетим Үсөндү падышага алып келсе, өзүнүн бир тууганы. Ошол жерден Асан менен Үсөн табышып, атасын алдырып, экөө эки жерге падыша болуп жатып калган экен.

Аңыр (уламыш)

Илгери бир заманда абышка, кемпирдин жалгыз кызы болуптур. Экөө улгайганда көргөн кызын бөпөлөп, өзгөчө эрке өстүрүшүптүр. Кызы келбеттүү, сулуу, сымбаттуу экен. Кыз бойго жетет, ата-энеси болсо, карып алданкүчтөн тайы шат, оор көтөртпөй, жеңилге желпинтпей, эрте тургузбай, жанын кыйнап жумуш жасатпай, жокту көргөзбөй, жакшы менен жаманды айырмалап билгизбей өстүргөн кызы ме рез, ташбоор болуп чоңоёт. Ата-энесин карабай, өзүнүн боюн гана түзөп, сулуулугуна таянып, мага эч кимдин кереги жок, сулуулугум, сымбатым менен бул турмушта кор болбойм деген ой менен жашап жүрөт экен кыз.

Күндөрдүн биринде аңчышык кылып жүргөн хандын ба ласы кызды көрүп дароо ашык болуп калат. Жуучу жиберип, кызга куда түшүп, кызга үйлөнүп экөө баш копгушат. Абыш ка, кемпирге хан калың төлөп берет. Күндөр өтө берет. Абышка, кемпир бир күндөрдө, кой кызыбызды көрүп келели дешет да, хандын ак сарайына барышат. Кыз ата-эне синин келгенин угуп, желдеттерге эшиктерди бекиттирип, киргизбей коюптур. Ошентип абышка, кемпир бир нече жолу келип, кызын көрө албай кетишет. Бир топ убакыт өтөт, абышка, кемпир бир чети карьшык тан, бир чети кайгыдан чөгүшүп, алданкүчтөн тайышат. Хан берген мал да бүтөт. Кароосуз калган ата-эне ошондо кызы на наразы болушуп, кудайга жалынышкан экен: О, кудай, ушул кызыбызды бөпөлөп өстүрдүк эле, жок ту билгизбей, чымын кондурбай, жанын кыйналтпай. Эми болсо бизди унутуп карыганда карабай кетти, деп зарла шыптыр. Алардын зары кудайдын кулагына жетип, кудайдын ачуу су келип каргап салган экен: Адам кейпинен ажырап, арам куш болуп кал, Турган жериң жар болсун, Балачакаң суугa жетпей зар болсун, Өзүң болсо өмүр бою зарлап аңкылдап өт, дептир. Ошондо баягы сулуу, сымбаттуу хандын келини кушка айланып кетиптир дешет.

Аңкылдап учкан үчүн анын атын "Аңыр" деп коюпгуптур. Аңырдын этин адамдар жешпейт. Жумурткасын жарга тууйт. Балапандары суугa жетпей, кок ту, колот, арыктар менен араңдан зорго көлгө жетишет. Жет пей бир тобу өлөт. Ал эми өзү болсо өмүр бою аңкылдап учуп калыптыр дешет.

Түлкү, жолборс, аюу, карышкыр

Жолборс, карышкыр, түлкү, аюу - төртөө жолдош бодду. Тапканын ортого салып, оокат кылмакка убада кылышты. Анан келе жатышып алар төөгө кезигишти. Төөнү да "бизге жолдош бол" деп төртөө кошуп алды.

Узак жол жүрүшүп, курсактары ачты. Түлкү буларга масылат кылды:

- Ии, бул төө ынанса, баасын он койго чегерелик. Жазында ар бирибиз экиден кой десек, бул турган төртөөбүз сегиз кой беребиз. Эки кой өзүнө эсеп болсун, ушуну менен баасы тынат,-деди. Бул сөздү түлкү баштап, төөнү карызга соймокко, ага бурулушту:

- Төртөөбүздөн сегиз кой ал, экөө өзүңө эсеп. Эби келсе сени соёлу, жазында койду алып магдырап жатып каласың. Койду бооз, кысыр дебейбиз, колго тийгенин беребиз! Койлор бооз чыгып калса, төлү менен он алты болот. Козулары сенин пайдаң, мындай пайда эч жерден чыкпайт,- деп түлкү деле шек билгизбей жубатты. Төө ойлонуп: "Бул көп олжо экен, булардын коюн алыш керек",-деп өзүн он койго баалап, тартайып чөгүп, мойнун сунуп, көзүн сүзүп жатып берди.

"Кылыйган кыраан түлкү, жүргөн жери күлкү, бул төө-түлкү акемдин мүлкү" деп, этин бешке бөлүп: бир бөлүгүн жолборско, бир бөлүгүн аюуга, бир бөлүгүн карышкырга ыйгарып, бир бөлүгүн өзүнө чыгарып алды. "Төө куру калабы" деп бир бөлүгүн түлкү төөгө бөлдү да, өзүнө тийиштүү этке кошуп койду. Бөлүктөн ашып калган төөнүн бөйрөгүн Түкөң тымызын култ эттирип алды. Карышкырга бирөөн алыңыз деп ишарат кылып турганда, аюу саксайып "жүрөгү жок го" деп, ы-ыңк" этти.

Дардайып тура калган Жокең:

-Төөнүн бөйрөгү кана?-деди. Түлкү "Бөрү жеп койду окшойт" дегенсип кыйыгы менен ишарат кылды.

Каары келген жолборс бөрүнү бир чаап өлтүрүп таштады. Аюу, жолборс эттерин бөлөк жыйып коюп, тамашага кетти. Алар келгенче түлкү акең карап турабы, төөнүн этин бүт бойдон бир үңкүргө бекитти. Бир убакта аюу менен жолборс келди да:

- Эт кана?-дешти. Буга түлкү:

- "Эмитен жаңжал кылып жүргөн немелер мага кийин кой береби?"-деп төө айнып туруп кетип калды,- деди. Аюу менен жолборс буга ынанып калышты. Түлкү аларды алагды кылып ээрчитип, бир заңгелге алып барды да жолборско кайрылды:

-Атаң ыраматылык ушул капчыгайдын тигил өйүзүнөн бул өйүзүнө секирип чыгып кетүүчү эле кайраның! Сен өтө албайсыңго, коркок көрүнөсүң! Жолборс "бул эмне?" дегендей аны кекээрдүү тиктеп, дардайып жөнөдү. Мактангысы келди окшойт, жүгүрүп келип баягы заңгелдин башына ыгдырылып тура калды. Түкөң жалынга май тамызгандай кылды:

Чамынганы, басканы, сын-сыпаты атасы ыраматылыкка окшош. Аттиң ай, азыраак коркогу болбосо, атасынын эле өзүн тарткан экен!.. Атаң ашкан эр эле, качыргандан кайткан эмес, кармаганын куткарган эмес. Бет алган жагынан эзели кайра тартпай түйүлгөн боюнча секирип кетээр эле, жүрөгүң тайкы дебейин, бирок жаштыгын да! - Ошондо Жокең далдаңдап түйүлүп калган тура.

Анан күркүрөгөн бойдон таштан ташка тийип, бели сынган жолборс өлдү. "Жокемдин сөөгүн таза жерге коем" деп, түлкү кийин этин жемекке зыңыйта жашырат. Жанында жалгыз гана аюу калды. Түлкү мындан башкасын амал менен өлтүрүп бүтүрдү.

"Эми аюу акеме кезек келди го, мунун да эсебин табайын" деп ойлонду. Жаткан жеринде катып койгон эттен кыйыбын таап, түлкү акең аюуга көрсөтпөй, аста-секин жей берди. Аны аюу билбейт, ачка кесээрип алсыроодо.

Аюу уктай албай жатса, -түлкү кыртылдатып бир нерсе жегендей болот. Анда аюу түлкүгө муңдуу кайрылат:

- Ээ, түлкү дос, сен эмне жеп жатасың?

- Ээ, аюу балбан, чыдай албай, ачкалыктын азабынан өз ичимди жарып, чучугумду жеп жатам. Ачкалык азап тура.

- Андай болсо мен да өз чучугумду чубап жесем болобу?

- Болбой эмне, сен деле мендей жан турбайсыңбы, чучугуңду чубап жей бер. Эртең эле айыгып калат. - Аюу чымырканып бир тиштеп тартты, өзүнүн ичи ооруганына чыдай албай жаны чыга жаздады.

- Ээ, түлкү дос, өзүмдү-өзүм тиштегендей этим ооруп чыдай албадым, сен кандай амал менен жеп жатасын?

- Сен анын эбин таба албайсың, мен оорутпай кең оюп, чучугуңду чубап чыгарып берейин.

Аюу тартайып чалкасынан жатты. Түлкү тумшугун салып, аюунун ичинен чучугун сууруп алды. Ичи жарылып онтоп, жаны көзүнө көрүнгөн неме өлүп калды.

Аюунун, жолборстун, бөрүнүн, төөнүн этин түлкү акең жалгыз басып калды. Четинен жеп, ою менен уктап, эриккенде этке кирип, суусаганда суу ичип, жыргалда жүрдү. Калыңдыгы карыш казы алды.

Аяр түлкү, алы эчтемеге жетпейт. Эси чыгып чочуп жүргөн, токтоно албай качып жүргөн жырткычтын баарын жолго салып, жылас кылды. "Эми бүргөнүн азабынан кутулайын" деп, бир кийизди тиштеп алып сууга барды. Аста-секин куйругун сууга салды. Бүргө куйругунан качып жонуна келди. Жонун сууга салды эле, жонунан үркүп мойнуна барды. Түлкү мойнун сууга салды. Бүргөлөр үркөп оозуна тиштеген кийизге жабышты. Түлкү

кийиз-ди сууга таштап: "Бүргө неге кутурдуң, эми сенден кутулдум"-деп чычайып жолго түшкөн экен.